**Сулайман Рысбаев**

# БАЛАНЫН КИТЕП ОКУУСУН УЮШТУРУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

**Толук жана соңку варианты ушул гана!**

**Башталгыч класстардын мугалимдери, бакчанын тарбиячыларыжана ата-энелер үчүн методикалык колдонмо**

**БАСУУГА**

**15-январь, 2022-ж**

**Бишкек-2022**

С.Рысбаев,Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары , башталгыч класстардын мугалимдери, бакчанын тарбиячылары жана ата-энелер үчүн методикалык колдонмо, 1-бас., Б., 2021- …б.

Китепчеде азыркы күндөгү кыргыз балдар китептерининин абалы, балдарды китеп окууга көнүктүрүү чаралары, балдар китептеринин педагогикалык кызматы, балдарды китеп окууга көнүктүрүү жолдору, китеп окуунун түрлөрү, окуу технологиялары жана аны текшерүү маселелери, окуу жана түшүнүү, беш мүнөттүк китеп окуу сабактары жана балдардын өз алдынча китеп окуусу, мектепте баланы китеп окууга багыттоочу уюштуруу иш-чаралары ж.б. маанилүү проблемалар педагогикалык-методикалык өңүттө алгач ирет каралган.

Китепче мугалимдерге, методисттерге, тарбиячыларга жана балдардын ата-энелерине арналат.

Рецензенттер:
Б.Абдухамидова, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
А.Токтомаметов, педагогика илимдеринин кандидаты,доцент

С.Рысбаев

# БИРИНЧИ  БӨЛҮК

## Сөз башы

### Кыргыз балдар китептеринин учурдагы абалы кандай?

Ар бир эл улуттук балдар адабиятына эмне үчүн айрыкча маани  берип келет? Анткени ал-улуттун  байлыгы. Ал аркылуу улуттун келечеги болгон жаш муундун рухий дүйнөсү калыптанат. Ошол үчүн бүгүн биз дагы улуттук балдар адабиятыбыз, анын абалы, келечеги тууралуу тынчсызданып, аны менен бирге, балдарыбыздын келечеги үчүн да тынчсызданып отурабыз. Ал тынчсыздануунун жөнү да, себептери да бар. Анын биринчиси- албетте, СССР тараганы менен бирге, бирдиктүү китеп чыгаруу  системасынын кыйраганы, экинчиси- республикабыздагы  экономикалык каатчылыктан улам китеп чыгаруу кыйын болгондугу жана үчүнчүсү- дүйнөлүк глобалдашуунун капшабынан улам балдар жана жаштар маалыматтык технологияларга  ашкере азгырылып, биздеги китеп маданиятыбыздын төмөндөгөнү болуп отурат.

Өткөн күндөрүбүзгө кайрылсак, 1990-жылдардын башында кенже курактагы балдар үчүн  «Мектеп» аттуу басмадан ар жылы жетимиштен ашуун наамдагы улуттук жана котормо адабият, анын ичинде,  жомоктор, аңгемелер, табышмак, макал-лакаптар, балдар ырлары, дүйнөлүк жомокчу-жазуучулардын балдар үчүн мыкты чыгармалары кооз-сүрөттүү болуп, миңдеген  нускада чыгып турчу.

### Балдар адабиятыбызга камкордук керек.

Суроо туулат: эгемендүүлүгүбүздүн  22 жылынан бери балдар үчүн жетимиш наамдагы китепти чыгара алдыкпы? Жок! Эмне үчүн? Анткени китеп чыгаруу маселесин мамлекет унутка калтырды. Өкмөттүк басылмалар талкаланып жок болду. Жер жайнаган менчик басылмалар  кимдин акчасы болсо, эмне темадагы  китепти чыгарууга буюртма кылса, ошону чыгарып, балдардын китептери жана алардын китеп окуусу  көзөмөлдөн чыгып калды.

Ошонун ичинде, улуттук балдар адабиятыбыз да кыйынчылыкка  туш келди. Элдик балдар чыгармалары менен түптөлүп, кадимки  Нурмолдон, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы менен уланып, андан Совет кезинде профессоионал жазма балдар адабиятыбыз түптөлүп, кийин аты дүйнөгө тараган даңазалуу балдар жазуучубуз Ш.Бейшеналиев баш болгон балдар

адабиятыбыз кыйла өнүгүп келген. Орус элинин улуттук балдар адабиятын дүйнөлүк деңгээлге жеткизген С.Маршагы, С.Михалкову, К.Чуковскийи сымал, айрыкча кыргыздын балдар акындары Т.Кожомбердиев, А.Кыдыров, Т.Самудинов, Б,Асаналиев, К.Жунушев ж.б. балдарга эне тилинде тамга таанытуудан тартып, мугалимден кем эмес кызмат кылышты, балдар чыгармаларынын бардык жанрларын орус балдар адабиятына тете деңгээлге көтөрүп чыгышты. Алардын эмгеги улут алдында баа жеткис экендигин баса белгилегим келет. Тактап айтканда, Ш.Бейшеналиевдин «Мүйүздүү козу», «Мүйүзүнөн айрылган сүзөөнөк», Т.Кожомбердиевдин «Көлчүктөгү ай», «А.Кыдыровдун «Балдарга базарлык», Т.Самудиновдун «Кол чатыр». «Чаң баспасын сөздөрдү», ж.б. сыяктуу оригиналдуу жыйнактары, тилекке каршы, кайрадан басылбай, библиографиялык сейректикке айланып калды.

Жакынкы эки-үч жыл ичинде: Ж.Абдылдаевдин «Бал челек», Б.Асаналиевдин «Ыр куржун», Т.Самудиновдун «Ар бакчадан бирден гүл», Ы.Кадыровдун «Тамга –сандык, сөз куржун», К.Жунушевдин «Күн чубак», И.Токтогуловдун «Кап көтөргөн карышкыр», А.Карасартовдун «Табышмактар» аттуу китептери , «Кыргыз акын жазуучулары-балдарга» аттуу 2 томдук хрестоматия, «Дилазык» ж.б. балдар үчүн бир катар мазмундуу окуу куралдар жарык көрдү. Ошондой эле, А.Муратовдун, А. Кармышаковдун, Н.Миңкаранын, Б.Жылдыздын Б.Абдухамидованын, ж.б. аңгеме, жомок, уламыштардан турган бир нече прозалык китептери да басылып чыкты.

Учурда балдар акын- жазуучуларыбыздын жаңы мууну өсүп келатат. Атап айтсак, А.Кармышаков, Н.Миңкара, Б.Абдухамидова, Б.Жылдыз ж.б. жомок, аңгеме, ырлардан жана табышмак, жаңылмачтардан турган экиден-үчтөн китептерин чыгарып, коомчулукка аты белгилүү болуп калды. Алардын чыгармачылыгына камкордук көрүү-демек, улуттук балдар адабиятыбыздын келечеги үчүн камкордук көрүүгө алып бармакчы.

## Балдар китептери жетишеби?

Бүгүн биз баарыбыз кейүү менен: «Балдарыбыз китеп окубай калды»- деп айтып жатабыз. Антип айтканыбыз менен, биз балдарыбызга алар кызыккандай жана да жетишерлик санда китеп чыгарып берип жатабызбы? Ушундан улам акын Байдылданын: «Китептери болбосо, килемдерин окуйбу?» деген эки сабы аргасыз эске түшөт. Албетте, бүгүн бизде балдар үчүн такыр эле китеп чыкпай калды дегенден алыс бололу. Проблема-алардын аз нускада чыгып жатышы. Эгер, бүгүнкү күндө республикабызда бир курактагы кыргыз балдарынын саны 65 миңдей болсо, 4 жаштан 8

жашка чейинки курактагы балдарыбыздын жалпы саны 300 000дин айланасында болсо, а биздеги чыгып жаткан китептерибиздин нускасы 500дөн ашпаса, жөнөкөй эле эсеп менен алганда, ошончо балдарга канчадан китеп тиймекчи?

Төмөндөгүдөй бир фактыларды мисалга тартайын. Жарым жылча мурда Жалал-Абад шаарында болгонубузда мектеп китепканаларына баш багып, китепканачылар менен аңгемелешкен элек. Ошондо шаардын №13 мектебинин китепканасында, окуу китептерден тышкары, 3000 даана көркөм адабий китеп болсо, анын бир даанасы да кыргыз тилинде эмес экени таң калтырды. Же болбосо, Сузак районунун «Дома ата» деген мектебинин китепканасында жалпы 2497 адабий китеп болсо, балдар үчүн 9 даана гана кыргызча китеп болгон. Мунун өзү Кыргызстандын мектептеринин китепканасын кыргыз тилиндеги китептер менен камсыз кылуудагы проблема канчалык оор абалда экенин айттырбай эле эске салып турат.

Бир кейиштүү абал аргасыз ойго келет: Кыргыз баласына мынтип өз өлкөсүндө өз эне тилинде китеп жетишпей отурганы - чет жерди мекендеп кеткен кыргыздардын балдарынан айырмасы эмнеде? Ойлой келсек, эч канчалык айырмасы жок сыяктуу. Анын кесепети, албетте, улутка тиет. Китепсиз улут-интеллекти төмөн, рухий келечеги жарды элге айланат. Улуттук деградацияга учурайт.

Бүгүнкү 1-класстын окуучусуна: «Чоңойгондо ким болосуң? Кандай адам болгуң келет?»-деп суроо берип көрүшкөн. Алар ойлонбой туруп эле, «келечекте чоң кызматта иштеп, кымбат баалуу машина мингиси, бизнесмен болуп, бай жашагысы келерин, ансыз жашоо кыйын болорун» ойлонбой туруп эле айтышкан.

Мындан бүгүнкү кичинекей кыргыз балдары өз келечегинен эмнеден кооптонору тууралуу изилдөөлөрдүн жыйынтыгына чындап эле ишенүүгө болот. Андай кооптонуудан балдарыбызды эмитеден сактап калуубуз керек.

Бирок кантип?

Кеп оролун ошол тарапка буралы.

# КИТЕПТИН ПЕДАГОГИКАЛЫК КЫЗМАТЫ ЭМНЕДЕ?

**Балдарга арналган китептер педагогикалык кандай кызматтарды аткарууга тийиш?**

Ири алдыда, жогоруда балдар айткан турмуштук баалуулуктарга болгон мамилебизди, көз карашыбызды, адегенде, биз, улуулар өзгөртүүбүз керек. Улутубузга, эне тилибизге, Ата Мекенибизге болгон сүйүүбүздү калыбына келтиришибиз керек, жоготкон намысыбызды, адеп-ыйманыбызды таап, текеберчилигибизди таштообуз керек, колубузда болгонуна канааттанып жашоону ойлонушубуз керек. Эгер балдарыбыз таза болсо десек, адегенде, улуулар, өзүбүз таза болуп, сүткорлук менен жемкордукту ооздуктап, карапайым жашоонун, жөнөкөй болуунун үлгүсүн көрсөтүүбүз керек. Балдарыбыз мына ошондой таза жашоону бизден көргөндө гана таза жашоого үйрөнмөк.

Экинчиден, балдарга үлгү болорлук образдарды камтыган, рухий азык болорлук мыкты китептерди жазып, жеткиришибиз абзел. Чындыгында, бүгүн балдарыбызга кандай китептер пайдалуу? Алар бизден кандай китептерди күтөт? Тактап айтканда, бүгүнкү балдар үчүн китеп кандай педагогикалык кызматтарды аткаруусу керек? Албетте, төмөндөгүчө:

-балдардын курагына жана курактык психологиясына жараша болушу;

-балдардын түшүнүгү менен тилине туура келиши;

-ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү;

-окурмандык кызыгуусун ойгото алуусу;

-турмуштук көз карашын өзгөртүүсү, ишенимин бекемдөөсү;

-тил корун байытып, кебин өстүрүүсү;

-сүйлөшүү жана мамиле маданиятына үйрөтүүсү;

-өзүн-өзү өнүктүрүп, ички дүйнөсүн байытуусу;

-баланын балалык дүйнөсү ачып, мекенчил кылып тарбиялоочу, адеп-ыйманга үйрөтүүчү мүнөздө болушу;

-дүйнөнү таанытып, көз карашын, жеке пикирин бекемдөөчү;

-интеллектин калыптандыруучу;

-кыял чабытын, фантазиясын байытуучу;

-улутун таанытуучу, улуттук аң-сезимин түптөөчү;

-жана да, бүгүнкү кыргыз баласынын жаңы үлгү образын чагылдыруусу керек. Андай китептердин адабий да, этикалык-эстетикалык да, педагогикалык да баалуулугу жогору болуусу кажет.

Демек, баланы китепке жакындатуу үчүн, тетирисинче, китепти балага жакындатуу тууралуу ойлонуубуз кажет.

Эмне үчүн балдарга жогорудагыдай мазмундагы китептер керек? Анткени андай китептерде баланын интеллектуалдык жана психологиялык жактан өнүгүү программасы жана анын үлгүсү жатат. Алар бала үчүн тарбия жана өнүгүү мектеби болуп калмак. Андагы идеяларды ата-эне мугалим менен бирге балага жеткирет. Андай китептердеги «үлгү менен азыктанган» бала өзүнө жаккан образдар менен үлгүлөргө карай «түздөнүп», өсүү жолуна түшмөк.

Дагы бир айтар сөз: учурда балдарыбыз китеп окубай жатат-дейли, а алардын ата-энелери өздөрү китеп окуйбу? Китепкөй ата-эне гана баласын китеп окууга үндөй алат-десек болобу? Ал эми, балдар китептерине мамлекеттин, өкмөттүн жетекчилери, бизнесмендерибиз маани беришеби? Балдар китептерибизге, анын абалына урматтуу Президентибиз көңүл бөлөбү? Мындай суроо койгонума ылайык бир мисал келтирейин. Балдар эмес, чоңдор кызыккан кадимки Карлсондун образын жараткан Швед жазуучусу Астрид Лингренддин жан-жаныбарларды коргоо туурасындагы повестин Швециянын королу кызыгып окуп, жазуучуну өзүнө чакырып маектешип, натыйжада ал китептин идеясынан улам жан-жаныбарларды коргоо боюнча мамлекеттик комитетти түзүү чечимин чыгарган экен. Мына, бала тарбиясына жана балдар китебине маани берген өлкөнүн жетекчисинин өрнөктүү мисалы.

Албетте, бул окуя биз үчүн да чоң үлгү болсо кана?

**«Балдар кандай китептерди каалашат?»**

Албетте, адам турмушунда китептин мааниси чоң. **«Кандай гана илимдүү-билимдүү болбосун, ал баары бир китеп окуганды токтоткон күнү – анын илим жана билими токтойт»** деген акылман кеп бар.

Кандай гана дүнүйөсү түгөл, байлыгы батпаган бардар адам болсо да, китепсиз руху жарды. Ошол үчүн адам баласы акыл-эске ээ болгондо «китеп» деген улуу мүлк кошо жаралган болуу керек.

Андай болсо, эсибизге алалы, адам үчүн китептин рухий ролу балалык күндөн эле билинет. Адам баласы бала күнүнөн тарта, өз курагында, кандайдыр бир китеп аттуу керемет дүйнөгө киргиси келет. Тили чыга элек наристе бала да, тамга тааный элек чүрпө дагы китепти колуна алып алып, башын-аягы кылып тетири кармап алса да, окуган киши болуп, божурап, бир нерсени сүйлөнгөнүнө таң калбай коё албайсын. Анткени ал наристе бала наристе сезими менен китептин керемет сыйкырын сезип–туюп жаткансып, ал китеп аттуу феномен экенин билип жаткансып, сүйөт, колуна алат, башкадан талашат.

Деги эле, зарыл керек нерсени ар бир пенде зат өз кезеңинде өздөштүрүп билбей калса, аны качан, кайдан, кантип алат? Өз убагында албай калган рухий баалуулукту кийин кантип табат?

Дүйнөлүк турмуштук тажрыйбада да, педагогикалык тажрыйбада да, адам өз убагында ала албай калган рухий баалуулукту убагы жана курагы өтүп кеткен соң, эч качан, эч убакта ала албайт экен. Анткени мезгили өткөн соң, анын мааниси ал адам үчүн жоголот. Бирок ошол баалуулук анын өмүрү үчүн эч качан жоголбойт, курагы үчүн гана жоголот! Ошентсе да, андай баалуулукка өз маалында толбой калган көкүрөгү түбөлүккө бош калар. А ал боштукту китеп гана толуктамак да, андай баалуулук китеп менен гана түшүндүрүлмөк.

Ошол үчүн китеп менен рухий азык алган балалык жөнүндө жана ага кандай китеп керек? - деген багытта ойлонууга туура келет.

Улуулардан келаткан мындай кеп бар: «Адам өз курагында укпай калган жакшы насаат – өмүр бою окубай калган жакшы китепке барабар» – деген. Ушундан эле көрүнүп турат, китепте - бала үчүн, анын рухий дүйнөсү үчүн зарыл керектүү насаат да, үлгү да бар. Ошол насаат жана үлгү менен гана бала туура багытта өнүгүп, туура тарбия алат – деп ойлойм.

Эзелтен ата-бабаларыбыз балага жомок айтып акылын өстүрүп, дүйнөнү кабыл алуусун өнүктүрүп, эске тутуусун түптөп, тилин чыгарып, сөзүн байытып, дүйнө таанымын кеңейтип келген болсо, табышмак катып, акылын түптөп, эске тутуусун бекемдеп, ой жүгүртүүсүн, кыял чабыттарын ар тараптуу өнүктүрүүгө аракет кылса, макал-лакаптарды айтып, адеп менен ыймандын эң жөнөкөй үлгүлөрүнө үйрөтүп келишкен. Ата-бабаларыбыздын китеби – мына ушулар: табышмактар, жаңылмачтар, макал-лакаптар, жомоктор, уламыштар, эпос-дастандар болгон. Алар элдин китеби, болгондо да, оозеки китеби, ал тургай, оозеки мектеби болгон. Ушулар менен кыргыз ата-эне баласын кыргыз кылып, эл элдүүлүгүн жоготпой, улуттун учугу уланып келген.

**Китеп сөзсүз баланын курагына туура келүүсү керек!**

Бүгүнкү өнүгүп-өскөн, маалымат алуунун негизги булагы болгон басма сөздүн заманында китептин ролу андан бетер өсөт. «Китеп – акылга акыл кошот, китеп окуган айга колун созот» деп акындардын ырларында айтылгандай, «акылдуу китептер» балдар үчүн өтө керек. Балдар замандын талабына жараша жаралгандай болуп өсүүсү үчүн алардын өнүгүп-өсүүсүн китепсиз элестетүүгө болбойт.

Мына ушундан улам, **к**итептин баланын курагына туура келүүсүнүн зарылдыгы тууралуу кесе эле айткан туура.

Ооба, албетте, биринчиден, китеп баланын курагына туура келүүсү керек, ансыз китепти бала окубайт, кабыл ала албайт. Бул тууралсындагы маселеге ананыраак да атайы кайрылабыз. Менин азыр айтайын дегеним башка.

Мисалы, мен баланын өнүгүшүн мындайча образдуу түрдөгү этаптарга бөлөт элем:

-1-1.5 жаш курагын эне сүтү менен азыктанган курак;

- 2-7 жаш курагын ата- эненин бөпөлөөсү менен азыктанган курак;

- 7-15 жаш курак китеп менен азыктанган курак;

-16-20 жаш курак- үлгү менен азыктанган курак-деп.

Мындагы, айрыкча, **«китеп менен азыктанган»** курагында бала китептеги насаат сөздөрдү, элдик акылды, үлгү образдарды китеп аркылуу кабыл алып, жүрүм-турум адебине, мамиле адебине, сүйлөө адебине, мекенди сүйүү адебине, табиятты кастарлоо адебине, ж.б. үйрөнөт, анын адепки түшүнүктөрүн алат. Ошон үчүн, бала үчүн ата-энесинин айтканынан көрөкчө мугалиминин айтканы туура көрүнөт, анткени мугалимин сыйлап-урматтайт, мугалими эч качан жаңылбаган, бирден-бир акыйкатты туура айткан адам катары элестетет.

Андан ары **«үлгү менен азыктанган»** курагында бала эми мугалимине, анын сөздөрүнө сын көз менен карап, турмуштук кырдаалдарга өз алдынча баа берип, жаккан образдарды издеп, мыкты үлгүлөргө карап өз алдынча «түздөнүп», жаккан каармандары тууралуу достору менен пикир алышып, өз ой-пикирин билдире баштайт.

Ушунун өзү бала кайсы бир үлгүгө карата өсө баштаганын билдирет. Биз ошону эске алып, жазуучулар, баланын каалаган «үлгүсүн» таап берсек улуу иш кылган болор элек да, ошого жараша балдарыбызга өз убагында тарбия берүүгө үлгүрүп калмакпыз! Анткени баланы өз убагында тарбиялоого дайыма эле мүмкүнчүлүк боло бербейт да (**кээде баланы бир нерсеге үйрөтүү эрте көрүнөт, а кээде таптакыр кеч болуп калат**).

Албетте, бүгүнкү кыргыздар китеп маданиятынан кыйла алыстап кеттик. Бул эң өкүнүчтүү. СССР кезинде «китеп маданияты» өзүнчө саясат катары өтө күчтүү эмес беле. Китеп окубай жүрүү – уят иш катары эсептелинер эле да. Чоң кишиби, жаш балабы, окуган жакшы китеби тууралуу кеп кылар эле. Карды ток, кийими бүтүн балага китептен артык кызыгар керемет дүйнө жок эле. Ал кездеги идеологиянын күчтүү куралы китеп менен бааланып, адамдагы бардык баалуулуктар: тартип, тазалык, адептүүлүк, улууну

сыйлоо, кичүүнү ызаттоо, өлкөнүн патриоту болуу, табиятты коргоо ж.б. баары китепте эле, китеп аркылуу адамдарга жетчү.

Балдар чоңойгон кезде кандай адам болгусу келсе – ошонун үлгүсүн да китептен издээр эле. Мыкты каарманды туурап жашагысы келип, ошол каармандай болгусу, ошондой чынчыл же баатыр болгусу келсе, аны да китептен табар эле.

**Азыркы балдар эмнеге кызыгышат?**

Азыр, андай баалуулукту китептен эмес, турмуштун өзүнөн издеп, издеген менен, баалуулуктар өзгөрүп кеткен замандан ал издегендерин таппай, учурда кыргыз баласы адашып турган чагы. Улуулар бараткан багытын өзгөртүп, бирок кандай багытка барарын так билбей, алар дагы адашып турган чагы. «Идеалдуу турмушту» эртеңки күндөн эмес, бүгүн эле: мартабалуу кызматтан, байманалуу жашоодон, кабат-кабат кооз үйдөн, кымбат машинадан, баалуу сырткы жасалгалардан издеп, ошолор менен бактысын теңеп алып, умтулган баалуулуктардын да өзүн мына ушулар деп баалап-барктап алып, ошонун «оорусу» – мына балдарга өтүп отурат.

Балдарыбыз да мына ошол улуулар ооруган «оору» менен эмитеден эле ооруп калышты. Анткеним, 1-класстын баласынан сурап көрөлүчү: «Чоңойгондо ким болгуң келет, кандай адам болгуң келет?»-деп. Алар ойлонбой туруп эле «чоң кызматта иштегиси келерин, кооз машиналуу болуп, бай жашагысы келерин» айтат. Эми ал «ооруну» кыргыз турмушунан биротоло алып таштоого жакынкы жылдары, а балким, деги эле, болбой калгандыр. Көрдүңүзбү, бүгүнкү кичинекей бала эртеңки күндө кантип жакшы жасоосуна эмитеден санааркап отурганын?

Ошон үчүн мен мындай деп ойлоном- улуулардын жакшы жашоо тууралындагы куруп алган идеалдуу дүйнөсү талкаланды, биз азыртадан баштап, балдарыбыздын келечек дүйнөсүн жаңыдан куруп берүүбүз керек» деп… А ал кандай дүйнө, кандай келечек болмок? Бул–биз үчүн чоң табышмак, чоң кооптонуу.

Суроо туулат: ошол кооптонуудан балдарыбызды канткенде сактап кала алабыз? Андай кооптонуудан балдарыбызды ким сактап калат? Албетте, биз, улуулар гана. Кантип?-деген суроо туулат. Ал үчүн биз жогоруда айткан турмуштук баалуулуктарга болгон мамилебизди, көз карашыбызды колубуздан келишинче өзгөртүүбүз керек! Ал үчүн, биринчиден, нымысыбыбызды калыбына келтиришибиз керек, алкыбызды тарта билишибиз керек, намысыбызга келүүбуз керек, жоготкон адеп-ыйманыбызды табуубуз керек, байлыкка, бийликке болгон мамилебизди өзгөртүүбүз, текеберчилигибизди таштообуз керек, колубузда болгонуна

канааттaшып жашоону ойлонушубуз керек. Сүткорлук менен жемкордукту токтотуубуз керек, туура жүруп, туура сүйлөп, туура мамиле жасап, карапайым жашоонун, жөнөкөй болуунун, намыстуу болуунун, адал мээнет, ак эмгек менен жашоонун үлгүсүн балдарыбызга көрсөтүшүбүз керек! Балдарыбыз бизден ошону көргөндө гана, ошого үйрөнгөндө гана тынч, бактылуу жашоого үйрөнөт…

Албетте, улуулар кичүүлөргө ушундай багыттарда үлгү көрсөтүүсү – алардын адамдык парзы.

Мына ушундай багытта балдар үчүн кандай китептер керек? Алар барбы? Албетте, бул өтө талылуу суроо.Биздин улуттук адабиятыбыздагы «эң оорулуу чекит» - да дал ушул маселе дегим келет.

## Азыркы балдар кандай мазмундагы адабияттарды жактырат?

**Балдарыбызга мындай китептер керек, мисалы:**

- балдардын курагына жараша,
- түшүнүгүнө жараша, тилине жараша,
-психологиясына жараша,
-ой жүгүртүү деңгээлине жараша,
-чөйрөнү таанытуучу,
- кызыгуусун түптөөчү,
-турмуштук ишенимин бекемдөөчү,
- тил корун көбөйтүүчү,
-кепке жатыктыруучу,
-кебин өстүрүүчү,
- сүйлөө маданиятын түптөөчү,
-өзүн-өзү өнүктүрүүчү,
-жан дүйнөсүн ар тараптуу байытуучу,
- баланын балалык дүйнөсүн, психологиясын ачуучу,
-тарбия берүүчү,
-балалык дүйнөсүн өнүктүрүүчү, аны ачып берүүчү,
- билим берүүчү, дуйнө таанымын, турмушка болгон көз карашын бекемдөөчү
-интеллектин калыптандыруучу,
-фантазиясын байытуучу,
-инсан катары өзүн-өзү бекемдөөчү, анан да баарыдан мурда, бүгүнкү кыргыз баласынын үлгү образын камтыган, кыргыз баласынын улуттук аң-сезимин калыптандыруучу китептер керек. Булардай китептердин

педагогикалык баалуулугу да, окурман катары баланы өнүктүрүүчү табияты жогору болмок.

СССР убагында коммунисттик идеологияга жараша жакшы баланын үлгү образы эң сонун түзүлгөн эмес беле. Үлгүлүү бала кандай эле: адептүү, чынчыл, калп айтпаган, коомдук ишке активдүү катышкан, пионер же комсомол болор эле да.

Андай болсо, бүгүнкү эгемен өлкөбүздүн кыргыз баласынын үлгүлүү образы кандай болмок? Албетте, жогоруда айтылган баалуулуктар четте калбайт. Ошондой баалуулуктарды камтыган, анан да, өз алдынча ойлоно билген, интеллекти бай, көңүлү сергек, кызыгуусу ар тараптуу, эли-жерин сүйгөн патриот жана жалпы адамзаттык инсандык мыкты сапаттардан куру калбаган образ болору талашсыз. Бирок бүгүнкү күндө мындай үлгү образдар балдар адабиятыбызда талаптагыдай бар- деп айтуу али эрте…

Бир маселе тууралуу айтпай кетүү жарабас. Ал бүгүнкү күндөгү адабий жомок жанры. Улуу жомокчу Г.Х.Андерсен: «Жомок адам буту жетпеген, ак карлуу түнт токтолордо жашайт» деп образдуу айткан экен. Ошентсе да, биз бүгүнкү күндө бийик-бийик үйлүү, автобуз-троллейбуз жүргөн бүгүнкү кыргыз шартында жашап-иштеп жүрүп балдар үчүн жомок жазып жатабыз.

**Көрсө, жомок, биздин оюбузча, бүгүн да, биздин турмушубузда, биздин арабызда эле, биздин кыялыбызда эле, күн сайын биз менен аралашып, күндөлүк турмушубузда, жан дүйнөбүздө жашар жүрөт.Аны туйганыбыз туябыз, туйбаганыбыз туйбайбыз. Биздин турмушубуздүн өзү эле-жомок, керек болсо-өзүбүз да жомокпуз. Сөзүбүз-жомок, бири-бирибизге жасаган мамилебиз, көз карашыбыз –жомок, ойлорубуз – жомок, кечээкибиз гана эмес, эртеңкибиз дагы бүгүнкү биз үчүн–жомок.**

Мен бул оюмду «Шамбала», «Адамдын пейили» же «Алтын баш», «Култемир» аттуу жомокторум менен эле түшүндүргүм келет. «Шамбала» аттуу жомогумда бүгүнкү эле үч кабаттуу үйү бар, байлыгына чиренген кыргыздын жаңы байы жепирейген үйү бар, кыргыздын жаңы бечера жардысын теңине албай, текеберлик кылып, өзүнүн ырыкысын кичинекей шам менен кошо кетирип алса, «Адамдын пейили» аттуу жомогумда адам колунда байлыгы жок кезинде бечеранын кейпин кийип, колуна бирдеме тийип калса, текебердик кылып, пейили башка адам боуп каларын айткым келген. «Алтын баш» аттуу жомогумда болсо атанын акылын көзү барда укпаган балага – атанын көзү өткөндө анын акылы гана эмес, анын тирүү элеси, бир ооз кеби-алтынга айланарын айткым келген. Ал эми «Култемир» деген адамдын жан дүйнөсү менен иши жок-роботтун өзү.

Мына ушул жомокторумдун баарын, жанараак жогоруда кеп кылган: баланын курагына, турмушуна ылайыктап, ой жүгүртүүсүн, сөзүн, кыял

чабыттарын ж.б. өстүрүүгө багыттасак, тарбия-тааалим берер мүмкүнчүлүгүн өстүрүүгө аракет кылсак, албетте, алар үчүн үлгү образ болор-деген тилек.

## Китептин пайдасы кандай?

- жакшы китеп окуу менен адам убакытты бошко өткөрбөйт, бош убактысын пайдалуу иш кылууга бөлөт;
- дүйнө таанымын байытат, өзү жетпеген жерлерге кыялын жеткирет, кыял чабыттарын өнүктүрөт;
- акылына акыл кошот, акылына баа жеткис азык берет, ой жүгүртүүсү өсөт;
- китеп окуу анын сөзү байытат, кебин өстүрөт, чечен сүйлөөгө үйрөтөт;
- өзүнөн мурдагы адамдардын турмуштук акылман тажрыйбасын арттырат;
- интеллектин өнүктүрөт, билимин өстүрөт, маанилүү окуяларды эстеп калуу менен эсте тутуусүн калыптандырат;
- турмуштук билимдерге, илим менен билимдин ар түрдүү тармактарына кызыгуусун өнүктүрөт;
- акылын тазалайт, китептен окуган позитивдүү окуялар, мыкты каармандардын образдары жаман ойлордон тазалайт, оптимизмге үндөйт;
- жакшы идеялар турмуштук түз багытын бекемдейт, турмушан адашуудан коргойт;
- китеп адамдын сабаттуулугун калыптандырат, көп окуган адам сабаттуу жазат, сабаттуу сүйлөйт, сабаттуу ой жүгүртөт;
- китепти көп окуган адам социалдык жактан маданияттуу болот, адамга да, жан-жаныбарларга да, табиятка да маданияттуу мамиле жасайт;
- китеп окуп акылын системалуу тартипке салып жүргөн адамдын мээси картайбайт, мээ клеткалары байыйт жана өзу картайса да акылы ордунда болот;
- жакшы китепти көп окуган адамдын турмуштук-кесиптик ишмердиги артат, турмушта келип чыккан проблемаларды чечүүдө ийкемдүүлүккө үйрөнөт;

# БАЛАНЫН КИТЕП ОКУУСУН УЮШТУРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

## Баланын китеп окуусун кандай максатта уюштурууга болот?

Баланын окуу ишмердиги- кеп ишмердигинин төрт түрүнүн ичинде айрыкча орунду ээлейт. Мында ал репродуктивдүү ишмердик болгону менен, бала окуу аркылуу дүйнөнү кабыл алат, чөйрөнү таанып-билүүсү өсөт, окуу аркылуу тарбиялык маанилүү маалыматтарды алат, сөздүк кору байыйт, сөз байлыгы артат, сөз маанисин түшүнөт, логикасы кеңейет, ой жүгүртүүсү калыптанат, сүйлөө ишмердигине багыт алат. Байкаган адамга баланын окуу ишмердиги анын сүйлөө ишмердиги менен тыкыс байланышта өнүгөт жана аны андан ары улантат. Ошентсе да, баланы окууга үйрөтүүдөн көрөкчө, акын А.Блок «педагог үчүн баланы ишке эмес, сүйлөөгө үйрөтүүдөн өткөн кыйын нерсе болбойт» деп айтмакчы, мугалим баланы сүйлөө ишмердигине үйрөтүү кыйла кыйынчылыкты жаратат. Анткени мында кыйла педагогикалык-психологиялык татаал процессор бирге жүрөт, т.а. окуганын сүйлөп берүүдө баланын окуганына көңүлүн буруусу, окуганынын үстүндө ой жүгүртүүсү, аны түшүнө билүүсү, окуяларды талдай билүүсү, окуганынан жыйынтык бүтүм чыгара билүүсү, окуганын кайра сөз менен айта алуусу, ал үчүн тиешелүү сөз каражаттарын тандай билүүсү, бирдиктүү ой корутундусун чыгарып, эсинде негизги ойду сактап калуусу сыяктуу уланмалуу татаал процесстер жүрөрүн педагогика - психология илиминде далилденген.

Баланы окууга үйрөтүүнүн жолдору кыйла көп, ошентсе да анын жалпы **эки жолу белгилүү.А**нын биринчиси- бала менен **б**иргелешип окуу, экинчиси- баланын **өз алдынча** окуусу. **Биргелешип окууда,** ири алдыда, эмне эске алынат, мисалы: баланын мугалим менен бирге окуусу жана баланын ата-энеси менен үйдө бирге окуусу.

Албетте, биргелешип окуу ишмердиги-баланын алгач ирет окуу ишмердигин уюштуруудагы жана ага калыптандыруудагы маанилүү этап болмокчу. Анткени бала адегендеги окуу ишмердигине киришүүдө класста мугалимдин же үйдө ата-эненин жөлөгүнө айрыкча муктаж болмокчу жана ал мезгил баланын өз алдынча окуу ишмердигине ээ болуунун биринчи этабы, т.а. пайдубалы катары кызмат кылмакчы.

Ал эми баланын **өз алдынча окуу ишмердиги**-анын аң-сезимдүү түрдө окуу ишмердигин өз алдынча уюштура билүүсү калыптанган соң өнүкмөкчү. Бул учурда баланын окууга болгон ички муктаждыгы жаралып калган болот.

Ошондо гана В.Сухомлинский айткандай, «окуу баланын кубанычына айланат», «окууга болгон ички муктаждык жаралат», «окуу бала үчүн зарыл иш-аракетине айланат».

Бул ирет баланын биргелешип окуу ишмердигин уюштуруу тууралуу кеп кылалы.

Биргелешип окуунун алгачкы убактарында эске алар төмөндөгүдөй жагдайлар түзүлмөкчү, т.а.: о**куунун максатын унутта калтырбоо зарыл.** Баса, эмне үчүн окуу жүргүзүлөт?

1. Окуу көндүмүн калыптандыруу үчүнбү?
2. Шар, көрктүү окууга машыктыруу үчүнбү?
3. Тарбиялык таасир этүү үчүнбү?
4. Сөзүн өстүрүү үчүнбү?

Окууда мына ушундай максаттарга жараша, ар биринин мүнөзүнө ылайык иштөө керектигин сөзсүз эске салуу кажет.

Мисалы: эгер үйдө **баланы окуу көндүмүнө калыптандыруу үчүн китеп окуп берсе**, каармандарынын үнүн, кебетесин же кыймылын туурап, баланын көңүлүн айрым тыбыштарды, муунду, сөздү туура айтууга, айрым сөздөргө логикалык басымдын туура коюлуусуна көңүл буруу;

- эгер **шар, көрктүү окууга көнүктүрүү үчүн окуп берүү керек болсо**, үндү куру бекер бийик чыгарбай, жумшак, коңур чыгарып, окуу темпин мазмунага ылайыктап, жагымдуу добуш менен окуп берүү же жомок айтып берүү ылайыктуу болмокчу. Мында чыгармадагы кырдаалга, каармандардын кебине, алардын кыял-жоругуна ылайык сөздөрдү, сүйлөмдөрдү шар гана эмес, образдуу, көрктүү, логикалыкуу түрдө окуу айрыкча эске алынмакчы;

-ал эми **тарбиялык таасир көрсөтүү үчүн окууда** каармандарынын оң жана терс кыялдарына басым коюп, алардын жүрүм-турумунун баланын көз салуусуна, ал аркылуу тарбиялык таасир берүүчү учурларына басым коюп, сөз, мимика жана кыймыл менен мазмунду ачып берүү;

- ал эми **сөз өстүрүү максатында окулган болсо**, кыймыл менен сөздүн, кырдаал менен сөздүн жана ошондой эле, мазмун менен сөздүн айкашына баланын көңүл буруу, ар бир сөзгө басым коё, сөздүн маани-маңызын, күчүн сездирип, кептеги ролун ачып, кырдаалга жараша аткарган кызматын кыймыл жана мимика, анан да кыраат менен түшүндүрүп, элестүү, көрктүү, сезимдүү окуу ылайык болмокчу.

Ушулардан улам, балага китеп окуп берүүнүн түрлөрү, формалары кандай болушу керектигин чечүү тууралуу ой келет. Анда сөзсүз, ири алдыда, жай окуу, элестүү окуу, образдуу окуу, көрктүү окуу, эмоционалдуу окуу, кайталап окуу…ж.б. тууралуу эске салуу керек.

Кантсе да, кандай максатта болсо да, окуу процессин кантип уюштуруу маселеси негизги көңүл борборунда болмокчу.

## БАЛАНЫ КИТЕП ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ ОКУУНУН ДЕҢГЭЭЛДЕРИ

**Балага жаш курагына жараша китеп окуп берүүнүн жана китеп окуусун уюштуруунун деңгээлдери:**

1. **Баланын көңүл буруусун тарбиялоо үчүн окуу (3 жаш);**
   - айтып жаткан сөзгө, анын маанисине көңүл буруусун тарбиялоо;
   - сүйлөмгө, анын маанисине, эмне тууралуу сөз болуп жатканына көңүл бурууга тарбиялоо;
   - жомок деген эмне экендигине көңүлүн буруу;
   - жомокто эмне тууралуу сөз болоруна көңүл бурууга үйрөтүү;
   - жомокто эмне тууралуу сөз болуп жатканына көңүл буруусун калыатандыруу;
   - жомоктун каармандары кимдер жана эмнелер экендигине көңүл буруу;
   - каармандардын сөзүнө, сөзүнүн маанисине, образына, аны билер-билбесине көңүл буруу;
   - каармандар туура же туура эмес кылык-жоруктарына көңүл бурууга үйрөтүү;
   - жомоктогу каармандардын оң жана терс каарман экенине маани берүү..........................................

2. **Баланын тилин жатыктыруу үчүн окуу (3 жаш);**
   -тыбыштарга тил жатыктыруу;
   - татаал сөзгө тил жатыктыруу;
   -бейтааныш сөзгө тилин жатыктыруу;
   -сүйлөмгө тил жатыктыруу;
   -жомоктогу, аңгемедеги каармандардын аттарына тил атыктыруу;
   -ырды кайра айтууга тил жатыкрыру;
   -ырды жаттоого тил жатыктыруу;
   -жөнөкөй жаңылмачкатил жатыктыруу................

3. Баланы айлана-чүйрөнү таанытуу үчүн окуу (4 жаш);
   - жан-жаныбар тууралуу чыгарманы окуу менен, аларды таанытуу;

- табият тууралуу ырларды окуу менен, табият көрүнүштөрүн таанытуу;
- ай –жылдыз ж.б. тууралуу алар тууралуу ырларды окуу менен тааныштыруу;
-өсүмдүктөрдү таанытуу;
-курт-кумурскаларды таанытуу;....................

4. **Баланын сөздүк корун байытуу үчүн окуу (4 жаш);**
   -кандай сөздү билерин же билбесин, түшүнөрүн же түшүнбөстүгүн иликтеп талдоо;
   -активдүү колдонуучу сөз корун байытуу үчүн ар түрдүү тематикадагы ырларды окуу;
   -бир колдонгон сөздөрдү кайра да кайталап колдонуусуна шарт түзүү, ошондой тематикадагы чыгармаларды окуп берүү;
   -аңгеме, жомок, ырлардагы жыш колдонуучу сөздөрдү активдүү сөз коруна айлантуу;
   -унутуп калбасын үчүн улуттук буюм-тайымдардын аталыштары катышкан чыгармаларды окуп берүү;
   -бала менен күндө аңгемелешүү, маектешүү.................

5. Баланын ой жүгүртүүгө үйрөтүү үчүн окуу (5 жаш);

6. Баланын байланыштуу кебин өнүктүрүү үчүн окуу (6 жаш);

7. Баланы оозеки сүйлөө кебин калыптандыруу үчүн окуу (7 жаш);

8. **Баланын кеп маданиятына үйрөтүү үчүн окуу (8 жаш);**
   -баланы эне тилинде таза сүйлөө керектигин түшүндүрүү жана ага үйрөтүү;
   -эне тилиндеги сөздөрдү бузбай туура сүйлөө керектигин түшүндүрүү жана ага үйрөтүү;
   -сөздү так айтууга, оюн так билдирүүгө үйрөтүү;
   -сөзүндө: анан, эме, тиги, эметип, ...сыяктуу бузук сөздөрдү колдонбой так сүйлөөгө көнүктүрүү;
   -сүйлөмүн так, туура куруп сүйлөөгө көнүктүрүү;
   -аңгеме, жомокторду, ырларды, табышмактарды көп окуп, айтып берүү менен, баланын сөзүнүн бай болушуна аракет кылуу;
   ..........................................

9. Баланын дүйнө таанымын кеңейтүү үчүн окуу (9 жаш);

10.Баланын кыялдануусун өнүктүрүү үчүн окуу (10 жаш);

11.Баланын образдуу сүйлөөсүн өнүктүрүү үчүн окуу (11 жаш);

12.Баланын көз карашын кеңейтүү үчүн окуу (12 жаш);

13.Баланы интеллектуалдык жактан өнүктүрүү үчүн окуу (13 жаш);

14.Баланы үлгүгө жараша тарбиялоо жана өнүктүрүү үчүн окуу (14 жаш);

15.Баланын психикалык жактан бекемдөө үчүн окуу (15 жаш);

16.Баланын кесиптерди таануусу жана үйрөнүүсү үчүн окуу (16 жаш);

17.Баланын аалам сырларын таануусу үчүн окуу (17 жаш).

## БАЛАНЫ КИТЕП ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮДӨ ОКУУНУН ФОРМАЛАРЫН КОЛДОНУУГА БОЛОТ?

**Баланын китеп окуусун уюштуруу формалары:**

(муну да баланын курагына жараша уюштурууга болот)

1.Ээрчишип окуу (ата-эне же мугалим окуган сүйлөмдү баланын ээрчип окуусу)

2.Укканынын окуу (адегенде, ата-эне же мугалим окуяны айтып берип, анан окуу)

3.Таржымалап окуу (ата-эне же мугалим окуганды, балким, бала окуганды таржымалап окуу)

4.Даярданып окуу (эмне окуу керектиги тууралуу алдын ала даярданып окуу)

5.Бөлүктөргө бөлүп окуу (китептин окуясын бөлүп-бөлүп окуу)

6. Үзүп алып окуу (керектүү бөлүктү үзүп алып окуу)

7.Улантып окуу (ата-эненин же мугалимдин окуганын баланын улантып окуусу)

8. «Кабарлашып» окуу (өз ара китептеги окуя тууралуу талкуулашып окуу )
9. Кубалашып окуу (ата-эне же мугалим менен бала окуяны биринин артына бири кубалашып окуу)
10. Ролдошуп окуу (образдарды ролдошуп окуу)
11.Башкарып окуу (ата-эне же мугалим окууну башкарып жүргүзөт)

## 1.Ээрчишип окуу

Окуунун бул ыкмасы мугалим же ата-эне баланы китеп окуу көндүмүнө үйрөтүүнүн алгачкы жолу болуп саналат, ошонусу менен ал жалпыга белгилүү жана дамаамат практикаланып келүүдө. Анда, адегенде мугалим (же ата-эне) аңгемени (же жомокту) окуй баштайт, мугалим (же ата-эне) баланы артынан кайталап туура, шар, тез (муундап же сөздөп), көрктүү, сезимдүү окууну суранат, бала мугалимди (же ата-энени) ээрчип, окууну улантат, мугалим (же ата-эне) баладан өзүнүн артынан сүйлөмдөрдү туура, так окуусуна гана эмес, окуганынын мазмунун да түшүнүүнү тапшырат. Ошондуктан, сөз эмне тууралуу болуп жатканын мерчемдүү кезде (аюзацтарда, эпизоддордо), атайын токтолуп, кайталап, ойду суроо-жооп менен толуктап ээрчип жүрүп отурат.

## 2.Укканынын окуу

**М**ында мугалим же ата-эне бала менен окуй турган чыгарма, анын мазмуну тууралуу ага алдын ала маалымдап,кызыктуу кылып айтып берет.Айтып берүү кезинде окуя ким же эмне тууралуу экендигине, андагы окуянын эң маанилүү учурларына айрыкча басым коюп, диалогдорго, андагы кырдаалдарга маани берип, ал аркылуу каармандардын кыял-жоругун, мүнөзүн ачып, ал тургай образдуу түрдө, ырааттуу кылып баяндап берүү ишке ашат.

Мында окуяны баяндоодо, албетте, мазмундук ыраттуулук абдан зарыл, бирок ага кызыктыруу үчүн мазмундук ыраттууулук гана жетиштүү болбойт. Немец окумуштуусу В.Глайн айткандай; «баяндоо ыраттуу гана эмес, образдуу айтканда, психологиялуу болуусу керек». Анткени андагы психологиялуу баяндоо гана баланы окуяга кызыктырат, көңүлүн бурат, сезимин козгойт, окууга оң мотивация жаралат. Эми аны мугалимдин же ата-эненин сунушу менен же өзүнүн эле каалоосу менен өз алдынча окууга өтөт.

Мындагы «ырааттуу жана психологиялуу баяндоо» гана укканы бончa өз алдынча окууга баланы даярдоо кызматын аткарат.

## 3.Таржымалап окуу

Окуунун бул түрү-бүгүнкү күндө мугалимдер же ата-энелер дээрлик дамаамат колдонгон ыкмалардын бири. Анда мугалим же ата-эне кызыктуу бир китепти, андагы аңгемени же жомокту балага окуп бере баштайт да, андагы татаал учурларды же түшүнүксүз сөздөрдү чечмелеп таржымалап жүрүп отурат. Баланын түшүнбөгөн учурларын же сөздөрдү өз учурунда чечмеленип түшүндүрүп, пайда болгон проблемалар чечилип отурат.Каармандардын мүнөзү, кыял-жоруктары талданып, «кандай экен, эмне деди, туура кылдыбы, туура эмес кылдыбы?» деген суроолорду берип, баланы чыгармадагы окуяны ээрчитип, андан артта калбоого аракет жасалат жана бирге ой жүгүртүп отурушат.Аягында биргелешип жыйынтыкка келишет.

## 4.Даярданып окуу

**О**куунун бул түрүнө киришүүдө окуучу менен ата-эне же мугалими биргелешкен мындайча иш-аракет аткарылат, атап айтканда, окуучуга «сен кандай китеп окугуң келет, сага кандай жомок жагат, эмне тууралуу окугуң келет?» деген суроолорду берип, алдыртан ага ылайык аңгемелешүү жүрөт. Бул аңгемелешүүдө окуучу алиге окуй элек чыгармадагы карманды көз алдына келтирип, ал тургай, кебете-кешпирин элестетиип, аны менен «жолугушууга», бирге «сүйлөшүүгө» өзүн даярдайт.

Мындай «аңгемелешүү» окуучуну кайсы бир жанрдагы же тематикадагы чыгарманы окууга психологиялык жактан алдыртадан даярдайт.Мындай даярдык окуунун ийгиликтүү болуусун алдын ала шарттаары шексиз.

## 5. Бөлүктөргө бөлүп окуу

Баланы продуктивдүү окууга үйрөтүүдө окуунун бул түрүнүн кызматы абдан чоң. Анткени бөлүктөргө бөлүп окуу чыгарманын ар бир эпизодунун мазмунун туура түшүнүүгө, андагы сюжеттин андан ары ырааттуу улануусун түшүнүүгө карата баланын логикасын өстүрүү милдетин аркалайт. Тактап айтканда, окуунун мындай түрүндө төмөндөгүдөй жумуштар ишке ашат:

-адегенде, аңгеменин же жомоктун жалпы мазмуну бир нече логикалык бөлүктөргө алдын ала бөлүнөт, мугалим окуучуга же ата-эне үйдө балага, адегенде бөлүктүн биринчи кезегин окууну тапшырат;

-бөлүк окулуп бүткөн соң, андагы мазмунга ылайык суроолор коюлат, суроолорго жараша талкуулоо жүрөт, талдоолор ишке ашат жана бөлүктүн мазмунуна жараша жыйынтыктуу ой айтылат;

- бирок чыгарма аягына чыга элек, башталган окуя жыйынтыктала элек, эми ал окуя андан ары эмне болуп уланат, каармандар эмне иш-аракетти аткарат, алардын мындан аркы тагдыры кандай болот, окуянын жыйынтыгы эмне менен чечилет?-деген мыйзамдуу суроолор жаралат, балада андай суроолорго кызыгуу башталат, коюлган суроолорго жооп издегиси келет, ал суроого жоопту кайдан издөө керек, албетте, тексттин өзүнөн издөө керек.

Демек чыгарманы логикалык бөлүктөргө бөлүп окуу ыкмасы аны бүтүн түшүнүүгө баланы жетелейт жана проблемалуу суроолорго тексттен өз алдынча жооп табууга машыктырат, бара-бара баланын өз бет алдынча китеп окууга багат алдырат.

## 6. Үзүп алып окуу

**О**куунун бул ыкмасы башка ыкмалардан бөтөнчөлүгү менен айырмаланат. Анда китеп окууга бет алып калган бала менен өз алдынча иштөө улантылат, т.а. мурдатан тааныш аңгеменин же жомоктун каалаган эпизодун үзүп алып окуу менен, пизоттун мазмунун түшүндүрөт, иликтеп, талдап берет. Окуянын кантип башталганын, анын кантип андан ары улантылганын, ал тургай, эмне менен жыйынтыкталганын да тиешелүү эпизодун үзүп алып окуу менен түшүндүрүп берүүгө өтөт.

Мунун өзү баланын китеп окууга болгон көндүмү калыптанганын, окуганынын үстүндө ой жүгүртүүгө жарап калганын, окуганы тууралуу башка адам менен талкуулап ой бөлүшүүгө жарап калганын түшүндүрмөкчү.

## 7.Улантып окуу

Окуунун бул ыкмасы, негизинен, окуунун продуктивдүү ыкмасына кирет десек жаңылышпайбыз. Анткени мындай жол менен мугалим окуучуну же үйдө ата-эне баланы китеп окууга кызыктырууга толук мүмкүндүк табат.

Адегенде, балага китеп окула баштайт, окуянын кызыктуу жерине келет, угуп жаткан баланы окуянын кызыгына батыруу үчүн мугалим же ата-эне текстти көрктүү, образдуу окуу менен, айрыкча каармандардын

кебине баланын көңүлүн бурат. Окуянын башталыш, өңүгүш кезеңдерине баланы бирге аралаштырууга аракет жасайт.

Анан дал ошол мерчемдүү жерине, балким өнүгүү же кульминация чекитине келгенде, андан ары окууну баланын өзүнө тапшырат.Окуянын мындан аркы өнүгүүсүнө же каармандарынын андан аркы тагдырына кызыгуусу ойгонуп калган бала эми текстти өз алдынча окуу үчүн аргасыз колуна алат. Демек ал текстти эми өзү окуусу үчүн оң стимул жаралат.

Натыйжада, башталган иштин соңуна бала өзү чыга, натыйжага өз алдынча жетет, окуянын чечилишин өз алдынча табат, каармандардын андан аркы тагдырына бала өзү күбө болот, ой бүтүмүнө өз алдынча ээ болот.

Демек, кызыктыруу менен гана баланы китеп окууга стимул жаратууга болоруна ушундай шарттарда күбө болобуз.

## 8.Кабарлашып» окуу

Албетте, кенже жаштагы балдардын мүнөзүндөгү бир өзгөчөлүк-алардын «ичинде кири жок», өзүндө эмне болсо бири-бирине берип, бири-бири менен сырдашып, сыр жашырбай сүйлөшө билүүчүлүгү болуп саналат. Мугалим да, ата-эне да кенже балдардын мына ушундай мүнөзүн туура ишке жумшаганы оң. Ал эмне дегендик?

Ал мына мында. Биринчиден, бир эле чыгарманы же китепчени, адегенде, мугалим (балким, үйдө ата-энеси) бала менен бирге отуруп окуй баштоосу жана анын окуясы, каарманынын кылык-жоругу тууралуу оюна келе калган пикирин өз учурунда ачык айтышып, ой бөлүшүп окуусу-десек болот. Же болбосо, эки - үч баланы бирдей эле убакта бир эле чыгарманы же китепти жарыша, бирок ичинен окууга тапшырма берүү, ошол учурда алар китептеги окуя же каармандарынын иш-аракеттери тууралуу ой-пикирлерин ачык айтып, ой бөлүшүп, көз карашын билдирип, «кабарлашып», «сырдашып», акырында, кандай деңгээлде түшүнүп окуп жаткандыгы тууралуу ачык айтышып окуусу да окуунун ушул түрүнө мисал болмокчу.

Окуунун бул түрү-балдардын кенже курактагы китеп окуусунун активдешүүсүнө, анын пайдалуу жана натыйжалуу болуусунга чоң таасир этмекчи. Анткени, көпчүлүк учурда балдар чыгармадагы айрым бир нерселерин түшүнбөй калуусу мүмкүн. Чыгармадагы айрым учурлары тууралуу жекече ою, сынчыл көз карашы жаралуусу да ыктымал. Окуп жаткан чыгарма жагып же жакпай жатканы, же андагы окуянын өнүгүшү же соңку финалынын бүтүшү жагдайында ой бөлүшкүсү келип, ал тургай сын пикирин айтып, талкууга бирин-бири чакыруусу да окуунун бул түрүнүн методикалык жактан алгылыктуу экенин практика далилдеп келет.

Бул ыкма, албетте, балдар өз бет алдынча китеп окууга жарап калганда, алар окуган китептери тууралуу аңгемелешип, талкуулашып, өз пикирин айтып ой бөлүшүүсүнө, (сынчыл ойлом технологиясы), андан ары-адабий – эстетикалык ой жүгүртүүсүнүн түптөлүп-өнүгүүсүнө айкын жолду ачып бермекчи.

## 9.Кубалашып окуу

Окуунун бул түрү да күндөлүк практикада кеңири кездешет, т.а. окуучулар берилген аңгемени же жомокту билгиленген тартипте биринин артынан экинчиси кубалашып окушат (бул иш-аракет окуучу менен мугалимдин же үйдө бала менен ата-эненин ортосунда да аткарылса болот). Мында биринчи окуучу окуй баштайт да, окуянын бир үзүмүн бүткөн соң же каалаган жеринен күтүүсүздөн токтойт, экинчи окуучу окуу ыргагын бузбастан, мазмунду үзбөстөн, чыгарманы андан ары улантып окуп кетет.

Мында коюлган негизги шарт- өзүнөн мурда чыгарманы окуп бараткан баладан артта калып калбоо же ыргакты бузбоо гана эмес, мазмунду да үзбөй түшүнүү кажет.

Чыгарманы мындай тартипте окуунун мааниси- мазмунга айрыкча көңүл коюп түшүнүүгө окуучуну аргасыз «мажбурлоо» да жана окуу процессиндеги күтүүсүз учурларга аны алдын ала даяр болууга машыктыруу болмокчу.

## 10. Ролдошуп окуу

Окуунун бул түрү абдан өнүмдүү түр деп баалоого татыктуу болуп саналат. Анткени буга чейинки ыкмаларда балдар чыгарманы окуп, мазмунун түшүнүштү, маанисин билишти, каармандарынын кылык-жоруктарын талдашты, эмне менен башталып, эмне менен жыйынтыкталганын аңдап билишти. Эми андан ары ошол чыгармандагы каармандардын ордунда балдар алардын өздөрү болуп, ролдорун аткарып, кыймыл-аракеттерин туурап, үнүнүн тондору аркылуу чыгарманы жеткире кайра презентациялоосу – балдардын чыгармачыл ийгилиги болуп саналат.
Мындагы аракет чыгарманын негизги идеясын ачуу, автордун айтайын деген оюн жеткире түшүнүү, керек болсо, ага окуучулар өзүлөрүнүн чыгармачыл мамилеси аркылуу аны андан ары улантып толуктоо иштери да жүрүп, чыгармага экинчи өмүр берүүсү болуп саналат.

## 11.Башкарып окуу

Китеп окуунун бул түрү да практикалоого ылайык, башталгыч класстарда колдонууга болор алгылыктуу ыкма. Анын аталышы эле айтып тургандай, мында мугалим же ата-эне балдарга жетишерлик санда китеп берип же аларды майда топторго бөлүп окутуу ишке ашуусу мүмкүн.

Мында, адегенде мугалим жомокту же аңгемени баштап окуйт да, андан ары улантууну 1-топко ыйгарат. 1-топ чыгарманы окуй баштайт, мугалим окулуп жаткан чыгарманын сюжетине окуучулардын көңүлүн буруп, аны түшүнүп жатышканын жана ой жүгүртүү менен кабыл алынып жатканын баамдап отурат. Окуу калган топтор менен да улантылып жүргүзүлөт.

Окуу бүткөн соң, ыгарманын каармандыры кимдер же эмнелер экендиги, мазмунунда эмнелер айтылгандыгы, чыгарманын идеялык мааниси кандай экендиги, аларга кандай таасир калтыргандыгы тууурасында суроолор берилип, жооптор алынат.

Демек, окуучулардын чыгара=маны окуусу- мугалим тарабынан уюштурулуп, башкарылуусу менен ишке ашат жана окуучулар бул учурда мугалим менен бирдикте окуу ишмердигинө ээ болушат.

# БАЛАНЫ КИТЕП ОКУУГА ҮЙРӨТҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

## БАЛАНЫН ОКУРМАНДЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК-МЕТОДИКАЛЫК ЧАРАЛАРЫ

### 1-статья

Деги эле, жалпы алганда, окуу - көп тараптуу жана базалык көндүм болуп саналат, ал адамдын билим алуусунда, коомдогу жана жашоосундагы социалдык-маданий чөйрөдө анын өмүрүн коштоп жүрүүчү өтө маанилүү функционалдык сабаттуулугун билгизүүчү түшүнүк. Ал үйдөн, бала бакчадан башталып, мектептен уланып, андан аркы кесиптик багыттарда уланып, адамдын бүткүл өмүрүн коштоп жүрүүчү чоң күчкө айланат. Мындан чейрек кылым илгери Кыргыз балдары чөлкөмдөгү эң окумал муундун өкүлү катары таанылган. Кыргыз балданыны китеп текчесинде ата-мекендик, дүйнөлүк эң мыкты мазмундагы китептер турар эле, аларды окуган кыргыз балдары окурмандык маданияты жогору, эң окурман муунга айланган. Бирок, кийинки отуз жылдын ичинде турмуш-шарт, коомдук мамилелер өзгөрүп, баалуулуктар алмашып, бир муун китеп маданиятынан алыстап калды. Мунун натыйжасында, окурмандык маданиытыбыз төмөндөп,мектептерде, ал тургай, жогорку жана атайын орто окуу жайларында кыргыз жаштарынын билим деңгээли төмөндөп, жалпы эле окурмандык маданиятыбыз чөгүп кетти.

Китеп окуу маданиятыбызды интернет булактарын көрүү, интернеттен даяр материалдарды алуу маданияты алмаштырып калды. Интернет, смартфон каражаттары китепти алмаштырып калды, китептен тарбиялык мазмуну терең, ойлондуруп тарбиялоочу жана таанытуучу материалдарынын ордун смартфондордогу оюндар, көңүл ачыруучу шоу тибиндеги материалдар, тарбиялык иштерден алаксытуучу жеңил-желпи мазмундагы кызыктыруучу, алаксытуучу, убакыт өткөрүүчү, курулай таңдандыруучу материалдар ээлеп алды. Ошентсе дагы, окуу-тарбия процессинде баланын татыктуу өсүүсүн, тарбия алуусу, билимгдердин негизин үйрөнүүсүн камсыз кылуучу «китеп» атуу маалымат булагы баланын турмушундагны ордун кайрадан табуусуна аракет кылуу керектигин унутпашыбыз керек.

Китеп- баланын коомдук турмушка аралашуусунун, маалымат дүйнөсүнө кирүүсүнүн дарбазасы, ал эми анын ачкычы- ар бир баланын өз

колунда. Бул багытта бүгүнкү күндө бакчадан тартып, башталгыч мектептерде баланын китеп окуусун кайрадан жандандыруу, кыргыз баласын кайрадан окумал балага айландыруу, анын окурмандыгын кайраджан жаратуу үчүн алгылыктуу иштер бактивдүүтүрдө башталганын айткым келет. Республикада эл аралык долбоорлор дагы жигердүү кол кабыш кылышып, бал багытта атайын кенже балдар үчүн китептер жазылып, алар басмалардан жарыяланып, кыргыз баласынын китеп окуусуна көмөктөшүү кыйла жандуу башталды десек болот.Атап айтканда, ЮСАИД тарабынан жүргүзүлүп жаткан «Окуу керемет» жана жазуучулар арасында конкурстарды уюштуруу менен балдар китептеринин чыгышына өбөлгө түзүү ж.б. Демек, бул аракеттер баланы китеп окууга болгон шарттарды түзүү, окуу техникасын жакшыртуу, натыйжада окуу көндүмдөрүн өстүрүүгөжакшы негиздерди түзүүнү баштамакчы.

Албетте, ушундай аракеттерден соң, балдар китеп окууга көңүлү бурулуп, окууга болгон сезимдери ойгонуп, окуу техникасы калыптанып, окуганынын мазмунун айтып берип, бир катар иштер аткарылышы ьолук ыктымал. Бирок маселе ушуну менен баары чечилбейт, окуу ишмердиги ушуну менен эле өнүгүп кетеби, окумандык компетенттүүлүктөру калыптанып, балдарыбюыз окурман болуп калыптанып калабы? Проблеманын түйүнү- мына ушунда жатканын байкоо керек……..

Анткени, бала берилген материалды окуп коюу менен эле окурман болуп калабы? Жок, ал жазылганды окуу менен, коюлган тапшырманы гана аткарды. Бул- бир. Экинчи маселе: бала окуп, окуганынын үстүнөн ой жүгүрттүбү, окуган текстин баалай алдыбы, андан өзүнө пайдалуу бир нерсени таба алдыбы, эми ошондон улам дагы да окугусу келген кызыгуу пайда болдубу, андан ары дагы да окугусун келтирген каалоо жана керектөө болдубу? Кептин өзөгү – мына ушунда эмеспи?

Бала тургай, улуу курактагы адамдардын да көпчүлүгү колуна тийген публицистикалык жана көркөм стилдеги тексттерди окууда сабаттуу окуп, ошону менен бирге, далилдерди, окуяларды эле көңүл буруп баалап же эсинде сактабаса, аны анализдеп, синтездеп, көз карашын билдирип, оюн айтып же ой кошуп, коомго маселе коюп, окурмандык күчүн көрсөтө алышпайт. Демек, мында «сабаттуу окуу» менен «сабаттуу окурман» болуу экөө эки башка нерсе экендиги даана көрүнөт.

- Окурмандык деген түшүнүк – сабаттуу окуу менен гана чектелбейт. Сабаттуу окуу- окурмандык компетенттүүлүктүн бир белгиси гана, а окурмандык ишмердик тууралында айтсак, сабаттуу окуу менен эле ишмердик мамиле ишке ашырылбайт, же жетишсиз. Жалпы билим берүүчү мектептерде билим берүүнүн мамлекеттки сатндартында 1-4-

класстын окуучуларынын окурмандык ишмердүүлүгүнө карата мындай талап коюлган: окуу жана окуганын түшүнүү, жазуу, курчап турган дүйнөнү байкоо, өлчөө, эсептөө, билим жана турмуштук маселелерди чечүү үчүн ушул көндүмдөрдү функционалдуу колдонуу боюнча негизги көндүмдөр (функционалдык сабаттуулук) (аталган стандарт, Кыргыз билим берүү академиясы, 2022-ж.)

Жогорудагы айтылган идеялар андан ары улантылып, учурдагы башталгыч мектептин Кыргыз тили жана Адабий окуу предметинин стандартында окурмандык компетенеттүүлү атайын бөлүнүп көрсөтүлгөн жана анда мындайча мүнөздөлгөн: (стандарттан алам). Ошону менен бирге, кыргыз окумуштуулардын көз караштарына карасак, анда окурмандык компетенттүүлүк деген түшүнүк төмөндөгүчө чечмеленет: ( окурмандык тууралуу окумуштуулардын созунон)

Окурмандык бир жактуу гана иш эмес, ал ар тараптуу жана бай. Анткени окурман адам китепке көп тараптуу мамиле жасайт, ошону менен бирге, ага көп тарабынан карайт, ошондон улам, компетенттүүлүктөрдүн түрү ар тараптуу жана бай. Мисалы:

- окуганы тууралуу ой жүгүртө билүү, аны жан дүйнөсү менен кабыл алуу;
- окуганын өздөштүрүү, анын образдары менен бирге жашоо;
- өзүнүн сүйгөн автору, сүйгөн китеби, сүйгөн каарманы болуусу;
- өзү сүйгөн чыгармасын издеп окуусу;
- көркөм чыгарманы өзүнүн өмүрү, тагдыры менен байланыштыруу;
- китеп менен жан дүйнөсүн байытуу;
- китепти жан дүйнөнүн азыгы катары кабыл алуу;
- китепти жан дүйнөсүнүн керектөөсү катары сезүүсү;
- китепти өз алдынча тандап, изеп, талдап окуусу;
- китепти максаттуу окуусу;
- китептен нравалык-эстетикалык идеалдарын издеп, таап окуусу;
- китеп окуу эстетикалык керектөөсү катары болуусу;
- китепти эстетикалык керектөөсү катар, аны канааттандырып окуусу;
- акыл-ой жүгүртүүсүн өстүрүүсү;
- китепти чыгармачылык менен окуусу;
- китепти ишмердик мамиле менен окуп –үйрөнүүсү;
- китепти өз алдынча баалап окуусу;
- китеп аркылуу жан дүйнөсүн байытып окуусу…(С.Рысбаев, Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш, Б., 2022, 24-бет)

Ушундай мамиледен улам, сабаттуу окуу, окурмандык компетенттүүлүк, окурмандык маданият, окуучунун өз алдынча кызыгып

окуу, окууга болгон ички керектөөсү, чыгармачыл түрдө китеп окуу ишмердиктери өз алдынча изилдөөнү жана алардын ар бирин мүнөздөп, ар биринин талаптарын тактоо зарылдыгы келип чыгат.

Ал эми сабаттуу окуу дегенди кандай түшүнөбүз, анын белгилери кандай болмокчу?

-окуу техникасы талаптагыдай болуусу;

-окууга болгон ички каалоосу болуусу;

-окугандарын системалап түшүнүүсү;

-окуганынын негизинде коомго туура көз караште болуусу;

-турмуштук туура ой жүгүртүүсүнүн калыптанышы;

-.........

Албетте, сабаттуу окуусуз- окурмандык да, окуу компетенттүүлүгү да болбос эле. Ошондуктан, сабаттуу окууну калыптандыруунун мааниси чоң. Ал эми, ал аркылуу калыптанган окурмандык компетенттүүлүк деген түшүнүк, жогоруда көрсөтүлгөндөй, ар кандай мүнөздөлүп келүүдө. Ошонун дагы бирин келтирели, ал:

- жазуу жүзүндөгу тексттин мазмунун түшүнүү жана ой жүгүртүү, ага карата рефлекциянын болушу;

-аларды өзүнүн жеке максатына жетүү үчүн аларды пайдалана алуу;

-коомдук турмушка жигердүү катышуу үчүн аны пайдалануу;

Ушулардан улам, китеп окууга мамиле ар түрдүү болорун баамдайбыз, мисалы, жалпы алганда, төмөндөгүдөй эки топко бөлсөк болот:

-китеп окууга **маалыматтык мамиле**, демек, окуган материалынан маалымат алуу, түшүнүгүн кеңейтүү, маалыматтуулугун тереңдетүү;

-китеп окууга **ишмердик мамиле**, окуганы тууралуу ой жүгүртө билүү, аны талдай билүү, жеке мамилесин билдире алуу, пикир айта билүү, башка китеп менен салыштыра алуу, андан ары окуусун өз алдынча пландай алуу, ички керектөөсүн канааттандыра алуу …

Ал эми, буларды дагы да тармактатып, кең түшүнсөк, окууну анын максатына жараша кырктан ашуун түргө бөлсөк болот.Атап айтканда:

**1.Окуу техникасын калыптандыруу жана өркүндөтүү үчүн окуу:**

-тамга-муундап окуу;

– муундап окуу;

–муундап-сөздөп окуу;

–сөздөп окуу;

–купуя окуу;

–шыбырап окуу;

–жарыя окуу;

–тез окуу

–“чынжыр” менен окуу;
– мелдешип окуу;
–ролго бөлүшүп окуу…

**2.Изилдеп үйрөнүү үчүн окуу:**

–идея, маалымат издеп окуу;
– башка менен салыштырып окуу;
–тилин, сюжетин, идеясын изилдеп окуу…

**3.Максаттуу окуу:**

– шар окуу;
–түшүнүп окуу;
–көркөм окуу;
–сезимдүү (образдуу) окуу…

**4.Рекламалап окуу:**

–которуу үчүн окуу;
–жарыя кылуу үчүн окуу;
–иллюстрациялоо үчүн окуу…

**5.Өз салдынча окуу:**

–тил жатыктырып окуу;
–үйрөнүп окуу;
- унутканын эске түшүрүү үчүн окуу;
–маалыматты, далилди (фактыны) эстеп калуу үчүн окуу;
–жаттоо үчүн окуу;
–өзүн-өзү текшерүү үчүн окуу,
–окуясын кууп окуу;
–кызыкчылыгына жараша тандап окуу;
–көз жүгүртүп, үстүртөн окуу;
–ар кай жеринен үзүп окуу;

**6. Текшерүү жана баалоо үчүн окуу:**

-текшерип (корректуралап) окуу;
–баалоо, сын-пикир айтуу үчүн окуу. (Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары, Б., 2022, (40-41-бет)

Мына ушулардан улам, окурмандык компетенттүүлүк деген түшүнүк такталуу жолуна түшөт деген ойго келүүгө болот, тактап айтканда, маалыматтык окуу- ишмердик менен окуу аркылуу окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырат, андан ары окурмандык маданитка өсүп жетет- деп жыйынтыкка келүүгө мүмкүн.

Ушул жерден бир маселени чечип алалы: окурмандык компетенттүүлүкө баланы кайсы предмет үйрөтөт? Адабий окуубу, Кыргыз адабияты сабагыбы? Эгерде, бала окуу аркылуу маалымат алуу, таанып-

билүү, билим алуу, окуганынын үстүндө ой жүгүртүү, өз пикирин билдирүү, ж.б. иш –аракеттер менен кошс-толсо, окурмандык ишмердик кыргыз адабияты же Адабий окуу предметтери менен гана чектелодбейт, анын кулачы кеңри экен, аны калыптандыруучу ар бир предмет экен, ар бир окуу китептери экен. Мындай шартта- окурмандык компетенттүүлүк көркөм адабий китепти окуу менен гана чектелбейт, мектептеги ар бир сабакта колдонулуучу окуу китеби,математика, химия, физика, тарых, ж.б.бардык окуу китептерин окууга да байланыштуу…болуп чыгат жана так түшүнүк пайда болот…

Окурмандык компетенттүүлүк- ишмердиксиз жүзөгө ашпайт, тактап айтканда, окууга ишмердик менен мамиле калыптанганда гана компетенттүүлүк калыптанышы ыктымал. Андай учурда, окурмандык ишмердик, т.а. окуганына чыгармачылык менен мамиле жасоо, көркөм адабий чыгарма окуса анын автору менен «окурман-автор» формасында жекече диалогго чыгуу, каармандары менен бирге жашап, бирге ойлонуп, кайгырса кайгырып, кубанса кубанып, жашоо жолунда аны маяк тутуу, авторун кумир катары көрүү сыяктуу ишмердик кошо жүрүүсү кажет. Мунун бир белгиси катары- окурмандын жазуучуга жазган каттары, жазуучулар менен жолугушуулар, кызыккан суроолорун берип, жооп алууга кызыкдар болуу, жазуучудан автограф алуу, чыгармаларын инценировкалоо, сүйүктүү автору жана анын китебинин каармандары тууралуу дил баяндарды жазуу, алардын сүрөттөрүн тартуу, альбомдорду жасоо, ж.б.

Жалпы алганда, окурмандык компетенттүүлүк дегенде, төмөндөдөй көндүмдөр эске алынат:

-окуу техникасына баланын ээ болуусу;
-окуганын түшүнө билүүсү;
-окуй турган китебин өзү тандап алуусу же тандап окуу;
-ички дүйнөсүндө китеп окууга болгон талаптын ойгонуусу, ;
-китеп окуу менен ички талаптарын канааттандыруу жана окуганынан ыракаттануу сезиминин пайда болуусу;
-ошону менен бирге, окуганынан маалымат ала билүүсү;
-алган маалыматтарды талдай билүүсү;
-окуганынын үстүндө ойлоно билүүсү жана бирдиктүү акыл корутундусуна келе алышы…

Окурмандык иш – аракет дагы окурмандык компетенттүүлүктүн белгилерининен болуп саналат, андай иш-аракет үч этапта ишке ашат, т.а. окуганга чейинки иштер, окуу учурундагы иштер жана окугандан кийинки аткарыла турган иштер. Булар дагы сабаттуу окуу, андан ары окурмандык

ишмердик, андан ары компетенттүүлүк, андан ары окурмандык мадантытка карай уланууучу бирдиктүү процесс болмочу.

## БАЛАНЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЭТАПТАРЫ ЖАНА "КИТЕПКӨЙ БАЛАНЫН МОДЕЛИ" ТУУРАЛУУ

Ар кандай стилдеги жана тематикадагы текст балага чөйрөнү таанууга, көз карашын кеңейтүүгө, рухий дүйнөсүн байытууга, андан ары ойлонтуу аркылуу ой жүгүртүүсү өстүрүүгө жана турмуштук көз караштарын калыптандырууга жетелейт. Ал үчүн бирде публицистикалык, бирде илимий-популярдуу, бирде таанытуучулук , бирде көркөм адабий стилдеги тексттер бирин-бири толуктап, жогоруда айткан багыттарда кызмат кылат. Бирок ошонун баарын өзүнө камтыган бир стилдеги чыгарма- бул, көркөм-адабий чыгарма болуп саналат. Ал жогоруда атап өткөн бардык багытка жана максатка кызмат кылат. Демек, адам үчүн көркөм чыгарманын ролу өзгөчө жана анын ордун эч кандай башка адабият толуктай албайт жана адам тумушун көркөм адабий чыгармасыз элестетүүгө мүмкүн эмес.

Көркөм адабият мектепте адабият сабактарында окулуу менен, баланын акыл жөндөмүн дагы, адеп-ахлактык сапаттарын дагы жанад а эстетикалык сезим- туюмдарын да бирге калыптандырууну көздөө менен өзгөчөлөнүп турат.

Ушул тараптан алганда мектептеги Адабий окуу сабагы башталгыч класста төмөндөгүдөй кызматты аткарары белгиленген, т.а.: "Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү денгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат" (Эне тилин окутуунун программасы, 12-б.)

Ошентсе дагы, көркөм адабий текст менен башка стилдеги тексттерди интеграциялап колдонуу менен, мугалим баланын ар тараптан ойлонуу жөндөмүн жана түшүгүгүн толуктап өнүктүрө алат.

Бул иш-аракет башталгыч мектептен эле ырааттуу түрдө калыптана башташы керек. Антпесе, жогорку класста кеч болуп калат. Андай иш-аракеттер айрым методикалык кадамдар аркылуу ишке ашмакчу.

Мындагы биринчи кадам: баланы окуу техникасына үйрөтүү болмокчу. Ал төмөндөгүдөй ырааттуу кадамдар менен ишке ашмакчы:

Анын кадамдары төмөндөгүдөй, тактап айтканда, окуу техникасын өзөштүрүү, анын белгилери булар:

- тамгаларды толук таанып-билүүсү, алардын кандай тыбышты берерин жана бирин-биринен туура ажыратып, аритикулляциялык белгилерине жараша туура айтуу;

- муундук таблицаны колдонуу менен, муундап окууга көнүгүү, окшош муундардын ички музыкалуулугуна жараша туура –так окуу;

- талдоо-жыйноо методу аркылуу жөнөкой, андан соң татаал сөздөрдү туура окууга жетишүү;

-сөз айкаштарды, андан соң, сүйлөмдөрдү мазмунуна жана кыраатына жараша туура окууга үйрөнүү;

-андан соң, эң жөнөкөй тексттен тартып окууга машыгуу.

Бул кезде балдар сүйлөм ичиндеги сөздөрдү ыргагына жана мазмунуна ылайык ырааттуу, үзбөй, жогоруда айтылгандай, адегенде, сүйлөмдүн ички логикасын сактап, муундап, муундап-сөздөп, андан сөздөп жана сөздөп-сөз айкаштап сабаттуу окууга машыгат. Ошону менен бирге, тккстте ги ойду түшүнөт, окуунун бирдей ыргагын сактап окууга жатыгат. Мына ошентип, баланын окуу техникасы ырааттуу жана максаттуу түрдө калыптанат.

Ошентсе да, баланын окууга кызыгуусу калыптанбаса, окуу ишмердиги жана окуу компетенттүүлүгү калаптанат деген ишенимге келүүгө болбойт. Андыктан, баланын окууга болгон кызыгуусун билүү, анын белгилерин, анын критерийлерин байкообуз керек. Балким, ал:

-баланын тексттин мазмунунда кандай маалымат бар экендигине болгон кызыгуудан башталар;

-тексттеги айтылган ойго болгон оң эмоциянын ойгонуусу;

-тексттеги айтылган ойго баланын ички рефлекциясынын пайда болуусу;

-тескттеги маалыматка тартылуу, ага андан дагы да керектүү маалыматты алууга болгон тартылуунун болушу…

Ошондуктан, мугалим жана ата-эне баланы окууга кызыктыруу үчүн анын курагына, кызыгуусуна жакын жана кызыктырууга мүмкүн болгон, жан дүйнөсүн ойгото турган, анан да окууга жеңил тексттен баштоо керек.
Мындай иш-аракеттер баланын эрте жаш курагынан баштап, тестиер, жеткинчек, андан ары өспүрүм курактарында китепке кызыгуусун жараткан бир «учкундун пайда болуусу», ошол учкундан ары окууга болгон «кызыгуунун жалыны» тутанышы, тактап айтканда, окууга кызыгуусу өнүгө баштаары шексиз.

Ошондон тартып, балада окууга болгон төмөндөгүдөй сезимдер ойгонуусу башталмакчы:

- үйдө өзүнүн жакшы көргөн китеби пайда болот, аны колунан түшүрбөй калат, куурчагына көрсөтөт, куурчагына окуп бергиси келет, куурчагы да китеп окугусу келет деген ой жаралат, демек, мындан балада алгач ирет «менин китебим» деген түшүнүк пайда болот;

-үйдөгү китептердин катарына бала өзүнүн китебин коёт, ошол жерден дайым тапкысы келет, көп китептердин арасында өзүнүн жакшы көргөн китебинин болуусу каалайт, ошондон тартып, «менин китеп текчем» деген түшүнүк балада пайда болот;

-китеп окууга оң эмоциясы калыптана баштайт,т.а. балада «китеп окуганды жакшы көрөм» деген сезим пайда болот;

-окуган китептерин текчесине тизип алат, эми дагы да көп китептери болуусун каалайт, анан «менин китептерим көп» деп башкаларга мактанат;

-өзү буга чейин окуган, окуп жатыгып калган «оңой» окуган китебин кайрадан окугусу келет, «бул китеп жакшы» деген тандоосу башталат;

- курдаштары менен аңгемелешүү аркылуу алардын да жакшы китепти окуса деген тилеги пайда болот, башкаларга да окууну сунуштайт. Мына бул белгилер баланын окуу ишмердигинин башталышынын белгилери, т.а. көрсөткүчтөрү болмокчу.

Албетте, баланын китеп окуусу анын жаш курагына тыкыс байланышта болору белгилүү. Баланын бөбөк, тестиер, жеткинчек жаан өспүрүм курактарында мына ошол мүмкүнчүлүктөрүнө жараша мамиле жасоо өтө маанилдүү экендигин психологдор ачык-айкын түшүндүрүшөт. Бул иштер-баланы окууга үйрөтүүнүн этаптары деген түшүнүк менен түшүндүрүлмөкчү. Алар кандай этаптар жана анын мүнөздөмөлөрү кандай болмокчу?

**Биринчи этап:** Бул этап эки бөлүктөн турмакчы. Биринчи бөлугү –эрте курак, т.а. **Наристе курак, 3-4 жаш**. Бул куракта балдар сүрөттүү китептерди колуна алып, сүрөттөрүнө көңүл коюп, китепти оң-терс кармаган учурларын өзүлөрү текшере билип, буюмдардын өң-түсүн так айтып, сүрөттөрдү түр калем менен боёп калышат, чоң китептерден көрөкчө, оюнчук сымал мамиле жасашып, «кичинеке китептерди» жакшы көрүшөт;

**Биринчи этаптын экинчи бөлүгү: Бөбөк курак, 5-6 жаш.** Бул куракта балдар төмөндөгүдөй иш-аракеттерге жарап калышат:

-бакчада тарбиячынын берген тапшырмасы боюнча эки сап, төрт сап ырларды жаттап айтууга жарап калат;

-сүрөттүү китептерди колуна алып, буюмдарды, жан-жаныбарлардын аттарын айтып, алардын аттарына келген тамгаларды ажыратып айтууга

жарап, алфавиттин жөнөкөй тамгаларын элементи менен жазып калышат. Окуп берген сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, чакан ырларды кайталап айтып, окуп берген чакан жомоктун сюжетин кайталап беришет; окуп берген жомоктор менен күлкүлүү аңгемелерден өзүлөрүн издешет, көбүнчө, аңгемеден көрөкчө, жомокторду жакшы көрүшөт; кичинекей китепчелерден көрөкчө, форматы чоңураак китепти жактырышат; Курагына жараша жашылча-жемиштер, үй жаныбарлары жана кийим-кечелер жана идиш-аяктар тууралуу сүрөттөрдү жакын көрүшөт, аларды боёшот, сүрөттөп айта алышат, алар табышмактарды жандыра алышат. Бул наристе (3-4 жаш) жана бөбөк (5-6 жаш) китеп окууга **үйрөтүүгө даярдык курак болуп** саналганы менен көңүлгө алынуусу кажет.

**Экинчи этап: Тестиер курак, 7- 9 жаш. Б**ул куракта балдар мектепке келип, тамга таанып, чакан тексттерди өз алдынча окуп калышат. Китептерден табияттын сүрөттөрүнө, жапайы жан-жаныбарлар менен канаттуулардын жашоосуна кызыгуусу башталат, алар тууралуу жомокторго кызыгып, табиятка жана адамга туура мамилени калыптандырган чакан аңгемелерди окугусу келип, жакшы мене жаман сапаттарды ажыратып түшүндүргөн ырларды кызыгып жаттап айтып калышат. Мына ушуну менен тестиер курак китеп окууга жатыктыруучу баштапкы этап катары көрүнөт да, тамга таанып, окууга үйрөнгөн кези, албетте, китеп **окууга көнүктүрүүчү баштапкы ( 7-9 жаш) мезгил** ушул болуп саналат.

**Үчүнчү этап: Жеткинчек курак, 10-12 жаш.** Бул куракта балдардын кызыгуулары ар тараптуу болуп, акырындап көз карашы, ою калыптана баштайт, жакшы үлгүнү туурап, өзүнүн кинодон жана окуган китебинен таанышкан оң каармандарын туурап, жүрүм-турумдун жакшы –жаман, туура-туура эмес экенин талдап, дүйнө тууралуу жана табышмактуу керемет нерселер жөнүндө сүйлөшүп жана ойлонуп, жаңыча эрежени күтө баштайт. Окуялуу, кызыктуу чакан аңгемелерди, баяндарды окуп калышат.

Бул **«китеп менен азыктанган»** курагында бала китептеги насаат сөздөрдү, элдик акылды, үлгү образдарды китеп аркылуу кабыл алып, жүрүм-турум адебине, мамиле адебине, сүйлөө адебине, мекенди сүйүү адебине, табиятты кастарлоо адебине, ж.б. үйрөнөт, анын адепки түшүнүктөрүн алат.

**Төртүнчү этап: Өспүрүм курак, 13-15 жаш**. Бул курак балдардын жаш өзгөчөлүгүндө өзгөчө баалануучу курак болуп саналат, ал учурунда балдар психологиялык-филиологиялык жана акыл менен адеп-ахлактык жактан өзгөрүү мезгилине келип, айланага, адамдарга башкача көз менен кароо мезгили башталып, турмуштан нравалык-этикалык идеалдарын тандап, тарыхый –эпикалык ьаатырлардын образдарынан өзүлөрүн образын издеп,

фантастикалуу чыгармаларды окуунун жактырап, кыялданып ой жүгүртүп калышат. Ошого ылайык тарыхый жана эпикалык баатырлардын өмүр баяндары тууралуу жана фантастикалык каармандар тууралуу китептерди окуугa кызыгуусу артат.

Бул кездеги **«үлгү менен азыктанган»** курагында бала эми мугалимине, анын сөздөрүнө сын көз менен карап, турмуштук кырдаалдарга өз алдынча баа берип, жаккан образдарды издеп, мыкты үлгүлөргө карап өз алдынча «түздөнүп», жаккан каармандары тууралуу достору менен пикир алышып, өз ой-пикирин билдире баштайт. Ошондуктан, **жеткинчек курак ( 10-12 жаш) жана өспүрүм курак (13-15 жаш)** балдарды китеп окууга үйрөтүүдөгү активдүү мезгил болуп саналат.

Ушундай шарттарга ылайык класста баланын китеп окуусун уюштуруучу уюштуруу-педагогикалык иш-чаралар, китеп окуунун түрдүү формалары колдонулушу шарт Алар:

1) «Мугалим менен окуучу» формасы, демек, мугалим окуп, бала аны ээрчип, кайталап, тилин жатыктырып, окуу техникасын байытат, өстүрөт.

2) «Окуучу менен окуучу» формасы, мында мугалимден кийин эки окуучунун бири окуп, экинчиси ээрчийт, же бир окуучу окуп, экинчиси анын токтогон жеринен улантып, бирин-бири сүрөп, окуу техникасына машыгышат .

3) «Тайпада окуу» формасы, мында бир тайпадагы балдар бири окуганын кийинкилер улантышат, туура окубай жатса, же ката окуп жатса, аны түзөтүшөт, такташат, образдуу, сезимдүү окуп машыгышат.

4) «Класста жалпы жамааттык (фронталдык) окуу», мында берилген текстти жамаат менен, хор түрүндө окуп, жалпы тил жатыктырышат..

5) «Окуучунун өз бет алдынча» китеп окуусу, мында ар бир окуучу буга чейинки иштерди эми өз алдынча аткарышат, өз алдынча машыгуу менен окуу көндүмдөрүн өстүрөт, окуганынын мазмунуна үңүлө карап, түшүнүгүн жалпыга айтып берет.

6) «Китепканачы менен окуучу» формасы, мында китепканачы балдардын китеп окуусун уюштурат, окуу техникасын, анын ичинен так, туура, муундап, шар, көркөм, образдуу, сезимдү, түшүнүп ж.б. окуу боюнча конкурс, викторина өткөрөт, жеңүүчүлөрдү сыйлайт.

7) «Ата-эне менен окуучу» формасы, мында ата-эне да баланын китеп окуусуна катышат, үйдө бирге окушат, ата-энесинин окуганын бала кайталап ээрчип окуйт, окуганынын мазмунун айтып берет, өзү окуп түшүнгөнүн айтат ж.б. (С.Рысбаев, Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары, Б, 2022-ж..41-42-бет.).

Мына ушундай окуулар менен бирге, класстан тышкыркы убакта да төмөндөгүдөй китеп окууну уюштуруу иштери аткарылса максатка ылайык келет. Мисалы:

1). Мектепте педагогикалык **бирдиктүү китеп окуу саясатын** жүргүзүү иши колго алынса, ал үчүн:

- жуманын бир күнүн **«Китеп окуу күнү»** катары белгилөө, ошол күнү ар бир бала эки барак болсо да китеп окуп, алар тууралуу аңгемелешүүлөр жүргүзүлсө;

-башталгыч класстарда күн сайын сабак алдында **«Беш мүнөт окуу»** салтын жайылтуу, аны методикалык жактан максаттуу уюштуруу; мунун өзү балдардын туруктуу китеп окуусун кенже курактан тартып активдештирмек;

- китеп окуу конференцияларын, викториналарды, чыгармачыл кечелерди ырааттуу жүргүзүү;

- адабият сабактарында **«Автор сабак өтөт»** деген ыкманы жана авторлор менен жолугушууларды өткөрүү; мындай сабактар жана жолугушуулар мугалимдин сабагынан да кыйла кызыктуу, баалуу, жугумдуу, таасирдүү болмок;

2) **китеп окуу декадаларын** өткөрүп туруу да китеп окууну өнүктүрүүгө өбөлгө түзмөк;

3) **викториналарды** уюштуруу;

4) китеп окуу **конференцияларын** өткөрүү;

5) адабий **кечелерди** өткөрүү;

6) **китеп окуу күндөлүгүн** уюштуруу;

7) **«Жомок фестивалын»** өткөрүү, ал аркылуу жомокторду инцинировкалоо, каармандардын сөзү көркөм айтуу, образдарын түзүү, мулляждарын жасоо, сүрөттөрүн тартуу…ж.б. иштер балдардын китепке болгон кызыгууларын сөзсүз арттырмак;

8) Жазуучулар менен жолугушуу кечелерин өткөрүү....

Бул иштер мекепте окуучулардын китепке болгон ырааттуу мамилесин түптөп да, бекемдеп да, өнүктүрүп да отурмак.

Эми, жогоруда айтып өткөн баланы китеп окууга көнүктүрүүчү жана аны активдештирүүчү мезгилдерди ырааттуулукка салып алалы, демек, мында сөз ***баланын китеп окуу компетенттүүлүгүнүн калыптануу мезгилдери тууралуу төмөндөгүчө болмокчу***, тактап айтканда:

1. **Даярдоочу этап:** наристе (3-4 жаш) жана бөбөк (5-6 жаш) китепти таанытуу жана китеп окууга **үйрөтүүгө даярдоочу курак**;

2. **Баштооч этап:** тестиер мезгилинде китеп **окууга көнүктүрүүчү баштапкы ( 7-9 жаш) мезгил;**

-3. **Активдештирүүчү этап**: **жеткинчек курак ( 10-12 жаш) активдештирүүчү этап:**

**4. Өнүктүрүүчү этап: өспүрүм курак (13-15 жаш)** китеп окууга үйрөтүүдөгү активдүү мезгил.

Эми ушуларга карап, баланын жаш-курагына жараша аткарылуучу иштерге жана алардын көндүмдөрүнө карап, «Китепкөй баланын модели» жана анын калыптануу этаптары деп мүнөздөөгө негиз жаралат..Мисалы:

1. **. Даярдоочу этап:** Наристе (3-4 жаш) жана бөбөк (5-6 жаш) мезгили, китеп окууга **үйрөтүүгө даярдоочу курак**: бул, тамга таанытуу этабы, тамга элементтерин үйрөтүү мезгили, тамгалардын бири-биренен ажыратып таануу учуру, тамгаларды артикуляциясына жараша туура окууга машыктыруу, тамгалардын фигурасын башка предметтер менен окшоштуруп, түшүнүктөрүн бекемдөө мезгили.

Бул мезгилде мындай иштерге балдар жарап калышат, анын ичинде:

***а) китепке болгон мамилесинде:***

-китеп деген эмне экенин билишет;

-китепти журнал, альбом жана гезиттен айырмалап калышат;

-китепти оң жана тескери кармаганын билишет;

-китепти тытпай, айрыбай, булгабай, аяр мамиле жасаганга көнүгүп калышат;

***б) китептин жасалгасына мамилеси:***

-китептин кооз же кооз эмес экенине көңүл коюп, тандай алышат;

-китептеги сүрөттөргө көңүл коюп, предметтерди, жан-жаныбарларды атап айтышат;

-сүрөттөрдү таанып, аларга жараша боёк менен туура боёгонго башыгып калышат;

***в) китептин мазмунуна жараша мамилеси:***

-тамгалардын бир катарын таанып, жазууга көнүгө башташат;

-тааныш тамгаларына карап, китептин атын, ичиндеги чоң темаларды окуп калышат;

-китептеги чоң тамгалар менен жазылган тексттин саптарын ээрчип, жаттап алган ырларын тексттен таап калышат;

-эң жөнөкөй сөздөрдү тааныш тамгаларына жараша окуп калышат;

-тамгаларды басма түрүндө колдонуу менен жөнөкөй сөздөрдү жана өзүнүн атын жазууга көнүгүшөт;

***г) китеп менен иштөөгө машыгуусу:***

-жөнөкөй сөздөрдү ата-энесинин жана тарбиячынын жетеги менен үйн чыгарып окууга жарап калышат;

-майда текстти өз алдынча окуп-үйрөнүүгө кызыгуусу түптөлөт;

-ата-энеси же тарбиячысы окуп берген жомокту же кызыктуу аңгемени мазмунуна, анын каармандарынын сөздөрүнө маани берип, эмоционалдык мамилеси жаралат;

- китептен укканын түшүнүп, аңгемелешүүгө көнүгө башташат;

-сөз байлыгы түптөлө баштайт.

2. **Баштооч этап**: Тестиер мезгилинде китеп **окууга көнүктүрүүчү баштапкы ( 7-9 жаш) мезгил.** Бул мезгилде мындай иштерге балдар жарап калышат, анын ичинде,

***А) сабаттуу окуу боюнча:***

- сабаттуу окуусу калыптана баштайт;

-чакан текстти өз алдынча окуганга көнүгө башташат;

-өз алдынча окуу тажрыйбасы түзүлө баштайт;

***Б) окуганына жасаган мамилеси боюнча:***

-мугалимдин жардамы жана байкоосу менен сүйлөмдөгү жана тексттеги айтылган ойдун мазмунун, идеясын түшүнүүгө багыт алат;

- чакан ырдын мазмунун эмне тууралуу экенин жалпылап айтууга машыгып калат;

***В) окуганынын мазмунун түшүнүүсү:***

-чакан аңгеменин эмне тууралуу экенин түшүнүп калат;

-чакан жомоктун ким, эмне жөнүндө экендигин түшүндүрүп бере башташат;

-чыгармадагы эмоционалдуу учурларга эмоционалдуу мамиле жасап, кайта элестүү айтып бере алышат;

-ыр түрүндөгү чыгарманы, жомоктогу каармандын кебин эмоционалдуу айтып машыгып калышат;

-өз алдынча окууга кызыгуусу ойгоно баштайт.

3. **Активдештирүүчү этап.** Ж**еткинчек курак ( 10-12 жаш)** китеп окууга үйрөтүүдөгү активдүү мезгил.

***А) окууга мамилеси:***

-окууга оң эмоциясынын калыптана башташы;

-окуу ишине түздөн-түз аралашып, китеп окуу чөйрөсүнө кириши;

-жакшы көргөн китептеринин болушу;

-окууну каалоо сезиминин түзүлө башташы...

***Б) окууга машыгуу деңгээли:***

-сабаттуу окууга жетишип калуусу,

- окуу техникасынын калыптанып калуусу;

- өз алдынча китеп окуй баштоосу;

- окуган ырларын жатка көркөм айтып машыгып калышы;

-окуган жомокторунун каармандарынын ролун аткарып, инценировкалоого аралашып калышы;

***В) адабиятка сезим-туюму:***

- адабий жанрдын бир түрүнө кызыгуусунун калыптанышы (мисалы, жомокко, ырга);
- сүйүктүү образынын болушу;
- окуган Адабият китебинен бир канча чыгарманы жактыруу менен, “мага жагат” деген сезимдин калыптанышы;

-айрым жазуучулардын аттарын билип, “чыгармасын окудум” деген ой туюмунун бекемделе башташы;

-“кичинекей окурман” болуу деген сезими жаралышы;

-айрым окуучунун ыр жазууга далалат кылып калышы;

-окуган чыгармасы тууралуу тартылган иллюстрацияларга кызыгуусу артат;

-окуган чыгармасынын мульфильм жана кионфильм вариантын көрөт, аларды салыштырып, билимин толуктайт.

**4. Өнүктүрүүчү этап. Өспүрүм курак (13-15 жаш)** китеп окууга үйрөтүүдөгү өнүктүрүүчү мезгил. Бул кезде окуучулар төмөндөгүдөй көндүмдөргө калыптанып калышат:

***А) Окууга мамилеси боюнча:***

- окуу –билим алуунун негизги булагы экенин түшүнүп калышат;
- окуу – окуучунун негизги иши экенин туюп калышат;
- активдүү окуу менен, өзүн башкалардын алдында көрсөтүп калышат;

-окууга кызыгуу менен, окууну жаңылык алуунун каражаты экенин билип калышат жана окуганын жаңылык катары башкалар менен бөлүшүп калышат;

***-Б) Окуунун мүнөзү:***

-шар, көрктүү, сезимдүү окушат;

-каармандардын образын түзүп, сценкаларга активдүү катышышат;

-класстан тышкаркы, мектептен тышкаркы иш-чараларга катышып, активдүүлүгүн көрсөтүп калышат.

***В) Адабиятка мамилеси:***

- адабий жанрларды туура түшүнүп, кайсы жанрдагы чыгарманы окуу сезими калыптанат;

-жазуучулук эмне экенин билүүгө кызыктар болуп, жазуучу менен жолугууну, аны менен сүйлөшүүнү каалашат;

-өзүлөрү да чакан ыр, жомок жазууга кызыгуусу ынтызар болушат;

-окугусу келген китепи кызыгуу менен тандоосу;

-адабий-чыгармачылык сезимдери ойгонот;

-китепти таза сактайт, өзүнүн китеп текчеси болот, айрылган, тытылган китепти оңдоп-түзөйт, “дарылайт”;

-китеп окууну **“рухий керектөө”** катары сезими калыптана баштайт.

Мына ушундай белгилер, критерийлер, баланын окууга болгон мамилеси, кызыгуусу, калыптана баштаган компетенттүүлүктөрү- **“баланын китепкөлүк моделин”** элестетет. Албетте, мындай моделге баланын ээ болуусу үчүн көптөгөн жогоркудай иш-аракеттердин жүзөгө ашуусу керек болмокчу.

## Кенже балдарды үйдө өз алдынча китеп окууга үйрөтүүнүн түйшүктүү он шарты

А дегенде үйдө китеп окуу чөйрөсүн түзүңүз!

Мына ушул проблема кыргыз элинин «уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген макалына түздөн-түз байланышып тургандай. Ал тургай бергилүү психолог, генетик В.С.Ледневдин адамдын генинин, анын жан дүйнөсүнө, адам болуп калыптануусуна жана өнүгүп- өсүүсүнө тийгезген таасири туурасында айткан «биогендик, психогендик жана социогендик» (В.С.Леднев, «Содержание образования: сущность, структура, перспективы», Москва, «Высщая школа», 1991) теориясын да эске салат. Демек, үйдө баланы китеп окууга үйрөтүүдө бала үчүн «китеп окуу чөйрөсүн түзүү – абдан маанилүү педагогикалык да милдет» болдуп калмакчы. Муну мектеп мугалиму гана эмес, алгач ирет ата – эне ойлонуушу шарт.

Учурда ата – энелердин көпчүлүгү: «балам китеп окубайт, китеп бетин ачпайт, китеп кармаса эле уйкуга кирет» деп кейишсе, көпчүлүгү: «балам интернеттен башканы карабайт, чыгарманы өзүн окубай мультфильмин гана көрөт» деп нааразычылыгын билдирип келишет.

А чындыгында баланы китеп окууга тартуу үчүн эмнелерди жасоо керек?

**Биринчиден,** ата – эне үйдө сөзсүз түрдө китепкана түзүүсү тийиш. Көпчүлүк өйдө китепкана түгүл, бирин-эки китеп турганын көрбөйсүн.

Китепсиз үйдө окумал баланы тарбиялоо кыйын. Ошондо да, үй китепканасына классикалык адабияттарды курулай жыйнап кооз мукалалары менен текчелерин кооздогондун ордуна, балдар өз курамында окууга тийиш болгон жомоктор, фантастикалар, приключениялуу, тарыхый чыгармалар, ыр-тамсилдер, табышмактар, жаңылмачтар жана макал-лакаптар болуусу тийиш. «Чоңдор адабиятты» өзүнчө, ал эми балдар үчүн адабияттар өзүнчө бөлүнүп, көрүнөө турган болсо андан да идеалдуу болмок.

**Экинчиден,** ата – эне балага кайсы китеп кандай жана ал эмне жөнүндө экендигин айтып, окууган китептери тууралу балдарынын көзүнчө аңгемелешип, жаңы сатып келген китептери тууралу маалымдап, балдарга көрсөтүп туурусу да көңүл бурарык иш – аракет болмок.

**Үчүнчүдөн,** кез-кезде бардарын эрчитип китеп дүкөндөрдү кыдыруу, кооз жазалгаланган сүрөттүү китептерди балдар дүкөндөрдөн өз көздөрү менен көрүп, өз колдору менен кармалап көрсө кандай ыракат! Балдарга ошол кызыккан жана таңданткан китептерин эркин тандатуу, өзү каалаган жана кызykkкан китебин ошол жерден сатып берүү- ошол китептер аркылуу китепке болгон алгачкы каалоо сезимдеринин ойготуу эң натыйжалуу иш болмок. Мындай учурда бала өзү кызыгып саттырып алган китебин окубай койбойт. Анткени, ата- энеси тамдап берген «кызыктуу китептен» көрөкчө, бала өзү тандап алган «кызыктуу китеп» ал үчүн алда канча кызыктуу көрүнөөрү табири иш.

Ошондо да, бала деген бала эмеспи. Кооз жазалгаланган китепти окуса- окубаса да колунан түшүрбөй, күндө көтөрүп жүрүп, кирдетип, байкоосуздуктан барактарын айрып алышы турган иш. Ал үчүн аладры тилдеп жемелөө пайдасыз. Себеп дегенде, «кирдетип коесуң, айрып таштайсың, коюп кой ордуна» деп жемелеп, китепти колунан алып койсоңуз, ал «ата –энемден тил угам» деген ойдо аны экинчи ирет колуна албай коюшу ыктымал.

**Төртүнчүдөн,** баланын өзү каалап саттырып алган кызыктуу китептерине үй китепканасынын бир бурчунан атайын орун берүү керек. Ал орун балага көрүнөө, каалаган убакта алууга мүмкүн болгондой ыңгайлуу жана бою жетер жер болушу керек. Ошондо гана ал орун баланын рухий дүйнөсүнүн, китептүүлүккө тарбияланусунун «алтын орунуна» айлануусу ажап эмес.

**Бешинчиден,** бала менен анын окуган китептери туурасында мезгил- мезгили менен аңгемелешүүнү уюштуруу оң. Баланын окуганынын эмне жөнүндө, ким тууралуу экендиги, андан көңүлүнө жаккан нерселери, каармандары, алардын иш-аракети жагдайында эр кин айтып ой бөлүшүүсүнө жетишүү-мманилүү милдет. Эгер андай боло баштаса сүйүнүү гана керек. Анткени,окугандары тууралуу ой бөлүшүүгө кылган аракети анын окурмандык маданыятка умтулуусунун башаты экендигин эсиңизге түйүп алыңыз.

**Алтанчыдан,** ата – эне баласынын кандай тематикадагы жана жанрдагы чыгармаларды окугусу келерине көз салуусу тийиш жана алар каалаган чыгармаларды таап келип бериши алардын курмандык аракетинин тереңдетүүгө жол ачмакчы. Анткени, адегенде, балдар жомокторду окуп же

угуп, табышмактардын жандырмагын тапканга кызыкса, улам чоңойгон сайын аңгеме, повесть, фантастика, приключениялуу жана тарыхый адабияттарды окушарын практика далилдеп келатпайбы.

**Жетинчиден,** чыгармалар менен гана чектелбей, алардын экрандашкан вариантарын, мультфильмдерди, чакан көркөм фильмдерди, адио китептерин да сатып берсе ашыктык кылбас эле. Үйдө баланын фоно жана видио фондун уюштуруп берүү, азыркы көрмө техникаларды, атап айтканда, ноутбуктар менен планшеттерди, балдарды китеп окуудан алагды кылат -деп көз жумуп алып жерий берестен, ыктуу жана максаттуу пайдалануу, аларды максаттуу иш- аракетке чегүү менен айкалыштыра билүү абдан керек-деген ойдобуз. Театрларга балдар менен бирге баруу, эми окуганынын экрандык жана сахналык варианттары менен айкалышып- интеграциялап түшүнүүгө багыттоо, алар аркылуу баланын түшүгүн ар тараптуу уюштуруу баланын дүйнөгө болгон көз карашын кеңейтип, окурмандык маданиятын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзмөкчү.

**Сегизинчиден,** балага кызыктуу, сезимдүү түрдө көркөм образдуу мүнөздө, каармандардын үнүн, кебетесин, кыймыл-аракетин туурап окуп берүү же уккулуктуу сүйлөп берүү да баланы китеп окууга жетелөөнүн алгачкы башаты болмокчу. Бул ыкма, айрыкча, кичинекей бөбөктөрдүн көркөм адабиятка кызыгуусун «алтын ачкычы» болуп эсептелет. Ошондон улам баланын жомок укусу келүүсү, күн сайын уктаарында жомок угуп жатып уктоосу адатка айланаары шексиз.

**Тогузунчудан,** китеп окуу менен бирге, баланын көркөм элестүү ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, окуган китептеринин каармандарынын кебетесин же кыймыл-аракетин сөз менен «тартып », элестүү айтып берүүгө үйрөтүү, андан ары аларды боёк менен тартып берүүсүнө машыктыруу менен коштолсо андан да идеялдуу жумуш болмок. Бул баланын бакчадагы сүрөт сабагын эми үйдөгү ата –эне айтып берген жомоктогу көмөчтүн, дөөнүн, арыстандын, түлкүнүн, чыпалак баланын же мүйүздү эчкинин ж.б. үрөттүрүн боек менен боеп берүү жана тартып көрсөтүү менен коштолсо жомокторду элестүү кабыл алууга туура багыт бермекчи.

**Онунчудан,** баланын туулган күнүндө жана майрамдарда сөзсүз түрдө сүрөтүү жана кызыктуу китептерди белекке бериңиз. Белекке берген же өзү саттырып алган китептер балдардын өздүк менчиги болорун эстеңиз. Алардын «бул - меники» деген сезим туюму аны ошол кооз китептерине өтөт, аны жанына жакын көрөт, ага тартылат.

Кыз бала менен эркек балдар куурчактар менен бирге ойноп, аларга тамак жедирип, кийинтип, тыңшоор менен жүрөгүн тыңшайт, китеп окутуп, сүрөттөрүн таанытышат, сүйлөп, ырдап, тили жатыгат, өзүлөрү кошо

куурчактар менен бирге билинбестен таалим-тарбия алышат. Жаман менен жакшыны, туура менен туура эмес нерселерди балдар куурчактары менен ойноп жана сүйлөшүп жатышып таанып-билишет.

Балдарынын өнүгүүсүндөгү мындай көрүнүштөрдү педагогикалык гана эмес турмуштук билим-тажрыйбасы бар ата-энелер күн сайын сезип-туюшпай койбойт…

Албатте бул он түйшүктүү иш-аракет баланы сөзсүз эле окумал кылып тарбиялоонун жалгыз жолу- деп кесе айтуу жетишиздик болор. Анткени, биз сөзүбүздүн башында эскерткендей, бала жашаган ушундай социогендик чөйрөгө анын канында жаткан биогендик чөйрөсү жана да жан дүйнөсүндө жашынып жаткан психогендик тамыры да коштолуп кетер. Ошенсе да ата – эненин өз баласынын окумал болуп калпатануусуна биз айткан шарттар оң таасирлерин бербей койбостугу ыктымал.

Улуу ойчул Конфуций: «Мамлекеттин армиясын, экономикасын талкалап, бүтүндөй жок кылып коюуга болот, бирок анын мугалимин жок кылууга мүмкүн эмес» - деп айткан экен. Бул сөздүн артында эмне деген улуу ой жатат? Ал ой: дипломдуу мугалим гана мугалим эмес, адам –адамга мугалим, улуу – кичүүгө мугалим, ата- эне балага мугалим, ага- иниге мугалим, эже – синдиге мугалим. Бул жол - тарбиянын түбөлүктүү жолу деген сөз. Бул жолду ар убак ар бирибиз басып өтүүгө милдеттүү экендигибизди гана унутпообуз керек»-дегенди гана эске салып турат.

## ОКУУНУН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ

### Китеп окуунун жалпы классификациясы тууралуу

Баланын китеп окуусу – анын жалпы маданиятын калыптандыруучу маанилүү жол болуп саналат.

Окуунун максаты менен милдеттерине жараша ал бир нече түргө бөлүнөт:

**1.Окуу техникасын калыптандыруу жана өркүндөтүү үчүн окуу:**

-тамга-муундап окуу;

– муундап окуу;

–муундап-сөздөп окуу;

–сөздөп окуу;

–купуя окуу;

–шыбырап окуу;

–жарыя окуу;
–тез окуу
–“чынжыр” менен окуу;
– мелдешип окуу;
–ролго бөлүшүп окуу…

**2.Изилдеп үйрөнүү үчүн окуу:**

–идея, маалымат издеп окуу;
– башка менен салыштырып окуу;
–тилин, сюжетин, идеясын изилдеп окуу…

**3.Максаттуу окуу:**

– шар окуу;
–түшүнүп окуу;
–көркөм окуу;
–сезимдүү (образдуу) окуу…

**4.Рекламалап окуу:**

–которуу үчүн окуу;
–жарыя кылуу үчүн окуу;
–иллюстрациялоо үчүн окуу…

**5.Өз салдынча окуу:**

–тил жатыктырып окуу;
–үйрөнүп окуу;
- унутканын эске түшүрүү үчүн окуу;
–маалыматты, далилди (фактыны) эстеп калуу үчүн окуу;
–жаттоо үчүн окуу;
–өзүн-өзү текшерүү үчүн окуу,
–окуясын кууп окуу;
–кызыкчылыгына жараша тандап окуу;
–көз жүгүртүп, үстүртөн окуу;
–ар кай жеринен үзүп окуу;

**6. Текшерүү жана баалоо үчүн окуу:**

-текшерип (корректуралап) окуу;
–баалоо, сын-пикир айтуу үчүн окуу.

Булардын ар бири туурасында өз алдынча чечмелеп түшүндүү, анын методикасын иштеп чыгуу-келечектин иши.

## Окуучунун окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары

**1) «Мугалим менен окуучу»** формасы. Мында мугалим окуучунун окуу ишмердүүлүгүн максаттуу уюштурат, анын багыттарын, максат-милдетин аныктайт, көрсөтмө берип, аны жүзөгө ашырат;

**2) «Окуучу менен окуучу»** формасы. Класста же үйдө, бош убактыларында, же китепканада биргелешип окуу, бири-бири менен окуган китептери тууралуу аңгемелешүү иштерин уюштуруу менен китеп окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө болот;

**3) «Тайпада окуу»** формасы.Мугалим окуучуларды майда тайпаларга бөлөт да, ар бирине, балким, бир эле текстти же ар түрдүү тексттерди окуу тапшырмасын коёт. Мында тайпалардын окуу ылдамдыгын жана түшүнүп окуусун айрыкча эске алат. Демек кайсы тайпа биринчи окуса, же кайсы тайпа тексттин мазмунун жеткиликтүү түшүндүрүп айтып бере алса, ошол тайпанын окуу шмердигин жогорку балл менен баалайт.

**4) «Класста жалпы жамааттык (фронталдык) окуу»**. Бул ыкма башталгыч класстарда кеңири колдонулса болот, т.а. мугалим окуучулар окуй турган китептин бетин ачтырат да, текстти жалпы класс боюнча (жамаат түрүндө) окууну сунуштайт. Окуучулар жалпы окуй башташат. Албетте, баары бирдей ылдамдыкта окуй алышпайт. Алдыга озуп, же артта калганын бири-бирин көрүп сезишет. Артта калгандары алдыга умтулушат, артта калганы жамаатты карап, аны алга сүрөөнү ойлонушат.

Бул процессти мугалим да байкап, жалпы балдар бирдей ылдамдыкта окуусун талап кылат. Демек бул ыкма окуучуларды бирин-бири көрүп ылдам, шар окууга көнүктүрөт.

**5) «Окуучунун өз бет алдынча»** китеп окуусу. Бул жогоруда аткарылып келген бардык иштердин синтезинен жаралган окуу ишмердүүлүгү, анын жогорку формасы болуусу ыктымал. Анткени бул шартта окуучулар өз бет алдынча окуу аркылуу өзүн өзү өстүрүү, өз ишин рухий керектөө, ички зарылдык, интелектуалдык эмгек, жашоо кубанычы катары, акырында, китеп окуу маданияты катары өзүнүн жашоо нормасын калыптандырат.

**6) «Китепканачы менен окуучу»** формасы. Мында китепканачы окуучу менен бирге иш жүргүзөт, аны ал пландайт, бала кызыккан китептерди таап, окууга багыт берет, окуусун уюштуруп, текшерип, чыгармачыл окуу кечелерди өткөрөт, диспуд, конференция, жолугушууларды даярдайт, ушулар аркылуу баланын окуу ишмердүүлүгүн, китепке кызыгуусуунун деңгээлин өнүктүрүүгө көмөк берет;

**7) «Ата-эне менен окуучу»** формасы. Мында ата-эне мугалимдин жана китепканачынын балага берген тапшырмасын эске алуу менен, аларды үйдө улантуу, ыраттуулукка салуу, окуусуна көз салуу, баланын бош убактысын пайдалуу өткөрүү, үйдө китеп окуу, биргелешип окуу убактысын уюштуруу ж.б. менен анын окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөк берет;

**Окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн өстүрүүдө кандай методдорго таянууга болот?**

**Мугалим окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн өстүрүүдө төмөндөгүдөй методдорго таянуусу керек:**

1) Проблемалуу окуу методу;
2) Изилдөөчүлүк метод;
3) Психологиялык методдор;
4) Интерактивдик методдор;
5) Аңгеме методу;
6) Байкоо методу.

Эми булардын ар биринин мааниси жана анны кандай багытта колдонууга болору тууралуу аз-аздан токтолуп өтөлү:

**1) Проблемалуу окуу методу:** мында, адегенде мугалим китептин аталышы, анын бетинде, же ичинде тартылган сүрөттөрүн (иллюстрацияларды) окуучуга көргөзүп, китептин аталышынан эмнени түшүндүңөр, аталышына жараша китепте эмне жөнүндө сөз болуусу мүмкүн деп божомолдойсуңар, ал эми булл сүрөттөрүн көргөндө, китептин мазмуну эмне тууралуу болорун, эмне жөнүндө сөз болорун баамдадыңар?–деп суроо коёт. Мындай суроолор–китепти окуганга чейин эле, т.а. китеп менен таанышуудан баштап эле проблемалуу окуу башталат–дегенди билдирет.

Ал эми окуй баштаганда каармандардын кылык-жоруктары тууралуу аңгемелещүүлөрдү жүргүзүү: мисалы, ал эмне үчүн ушундай, ал эмне үчүн ушундай кылды, мындан ары–ал дагы да эмне кылат, окуя мындан ары кандай уланат деп ойлойсуң? - деп, баланы окуяны өзү түшүнүп, окуяга каарман менен аралаша жашап, жүрөгүнөн өткөрүп жетелесе, ал окуу, албетте натыйжалуу болмокчу.

Деги эле, баланын китеп окуусуна көз салууда мындай механизмдер ишке ашуусун мугалим байкоосу тийиш::

–каармандын кылык-жоруктарына, же окуяга–баланын эмоционалдык психологиялык баасы кандай болгонун?

– каармандардын кылык-жоруктарына же окуяга баланын нравалык-этикалык баа берүүсү кандай болду?
- каармандардын кылык-жоруктарына же окуяга баланын филосоиялык ой жүгүртүүсү кандай болду?
–бала китептен, андагы окуялардан, каармандарынан тарбия-таалим ала турган эмнени тапты?...
Мына ушундай багытта ой жүгүртүү менен, кандайдыр бир натыйжага ээ болгондо гана окуу да натыйжалуу, ошону менен бирге окуунун жүрүшүндө кандайдыр бир педагогикалык проблема чечилгендигин да билүүгө болот.

**Китеп окуунун өзү педагогикалык процесс,** анткени китеп окууда маалымат алуу, окуянын мазмунун түшүнүү, өз оюн билдирүү, көз карашын байытуу, ж.б. ишмердиктин баары китеп окуу аркылуу чечилүүчү педагогикалык проблема болуп саналат.

**2) Окуу ишмердүүлүгү кезинде, сөзсүз изилдөө ыкмалары да бирге жүрөрү талашсыз, т.а. изилдеп-изденип окуунун өзү окуу ишмердүүлүгүнө тиешелүү. Анда эмне изилденет:**

–китептин мазмуну кандай экени талданат;

–автордук идея эмне экени табылат;

–китепте айтылган негизги проблема кандай экенин издейт;

–каармандары кандай экени изилдейт;

–тили кандай экени талданат;

–каармандардын келечек тагдыры эмне болот?–деген ой пайда болот.

–автордун мындан башка да кандай чыгармалары бул чыгармага мазмундаш экенин талдашат;

–бул чыгарма менен дагы да кандай чыгармалар мазмундаш экенин салыштырып талдоо ишке ашат, ж.б....

**3) Окуу ишмердүүлүгүндө, албетте, баланын психологиялык абалы, кырдаалдар жана кызыкчылыктар дагы чоң роль ойноору психологдордун изилдөөдөлөрдөн улам белгилүү. Ошондуктан, окурмандык ишмердүүлүктө төмөндөгүдөй психологиялык жагдайлар эске алынат:**

–окуп-үйрөнүүгө сунушталган тексттер баланын жаш-курагына, ошол курагында билим-таалим ала турган маалыматтарды камтыган тематикадагы тексттер, алардын жанрлары болушу шарт. Албетте адеп-ахлактык элементардык түшүнүктөр, табиятты таанытуу балдардын кызыктуу жоруктары ж.б. темалар кенже ортоңку класстардын окуучулардын курагына туура келсе, патриоттук, сүйүү, өмүр, коом тууралсындагы тексттер жогорку класстын окучуларына туура келет;

–балдардын жеке кызыгууларын эске алып, кайсы бала кандай темадагы жана жанрдагы чыгармаларды окугусу келерин сурап-билүү;

–тексттин тили да балалык курактын лексиконуна туура келүүсү, аны тажатпагандай болуусу керек;

–тексттеги психологиялык маанай, андагы каармандардын көз карашы, жашоо-шарты, мамилелери, окуялар баланын психологиясына анын учурдагы абалына зыян тийгизер терс таасир берип, анын маанайын чөгөрбөгөндөй, иренжитпегендей, турмуштан көңүлүн кайт кылбагандай болуусу пайдалуу;

–тексттин окуясы, курулушу, тили оор болуп, баланын аны окуй албай кыйналып, «начар окуп коёмбу, окуганым начар бааланып калабы, ошондон улам начар баа алып каламбы?» –деген коркунучтан сыртта болуусу зарыл;

–тексттин көлөмү да баланын кабылдоосуна туура келип, көлөм минимумунун эске алышы пайдалуу;

–окуганын үстүнөн жалпылап ой жүгүртүүгө, өз алдынча жыйынтык чыгаруусуна, өз алдынча акыл-ой тыянагына келүүгө, андан соң, эсине түйүп калар, кийинки турмушуна алып калар практикалык сабак болорлук бүтүм чыгарууга жетишүүсү...

**4) Окуунун практикалык натыйжалуулугуна жетишүүдө, албетте интерактивдүү методдор, анын ичинде сынчыл ойлом, анын стратегиялары:** сниквейин, даймонд, класстер, зигзаг ыкмаларын колдонуу, алар аркылуу окуучунун жеке баасын, жеке изилдөөсүн, жеке көз карашын, пикирин, оюн билдирүүсүнө жетишүү, ал пикирлерди баалоо, ролдук оюндарды уюштуруу, жб. эске алынат.

**5) Мындан сырткары, текст, анын темасы, идеясы, проблемасы, каармандары, алардын тагдырлары, чыгарманын баалуулугу, тили, ж.б. туурасында ой жүгүртүү. Мисалы:**

- сага бул чыгарма жактыбы, жакса эмне үчүн жакты?

-сага бул каармандын кылыгы жактыгы, жаккан жокпу, жакса же жакпаса эмне үчүн?

-сен бул каарман эмне үчүн ушундай кылды деп ойлойсуз?

-автор чыгармасын эмне үчүн ушундай аяктады деп ойлойсуң, башкача кылууга болбойт беле?

-эми, мындан ары чыгарманын аягы кандай болот деп ойлойсуң?

- бул чыгарманын окуясынан же андагы каармандарынан сен кандай сабак алдың?

-сен анын каармандарынын ордунда болсоң, кандай кылат элең?

- чыгарманы окуй баштаганда кандай ойдо элең, эми чыгарманы окуп бүткөндөн кийин кандай ойдо калдың?

-бул жазуучунун дагы кандай чыгармасын окудуң эле же эми дагы да кандай чыгармасын окугуң келер эле?

**6) Окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн мугалимдин илимий жактан ырааттуу жетектеп туруусу керек.** Ал үчүн байкоону төмөндөгүдөй максаттуу жүргүзүү зарыл:

–кайсы окуучу кандай темадагы чыгарманы окугусу келерин байкоо;

–окуучунун окуу техникасы, окуу ылдамдыгын байкоо;

–окуучунун окуу техникасынын өнүгүү динамикасын байкоо;

–сыноонун жыйынтыгында адегендеги жана соңку жыйынтыктарды талдоо, жыйынтык баа берүү, андан ары келечегине байкоо салуу.

Ушундай ырааттуу иштердин системасы гана окуучунун окуу ишмердүүлүгүн көтөрүүгө салым кошору талашсыз.

## КИТЕП ОКУУДАН БАЛДАР ЭМНЕГЕ ЭЭ БОЛУШАТ?

### Текстти окууда окуучулар кандай компетенцияларга ээ болууга тийиш?

Кыргыз тили жана адабияты сабактарындагы негизги иш-аракетердин бири- текст менен иштөө болуп саналат. Албетте, текст менен иштөөдө бир канча иш-аракеттердин комплекси жүзөгө ашат. Аны менен бирге, балдар иш-аракеттерди аткарууга машыгууда ага ылайык компетенциялардын комплексине ээ болуулары талап кылынат. Ал компетенциялар төмөндөгүдөй болмокчу. Мисалы:

– тексттин атын талдап түшүнүү;

– тексттин темасын талдап түшүнүү;

– тексттин сюжетин талдап түшүнүү;

– тексттин мазмунун талдап түшүнүү;

– тексттин идеясын талдап түшүнүү;

– тексттин атынын анын темасына жана мазмунуна туура келишин аныктоо;

– текстте коюлуп жаткан проблеманы талдап түшүнүү;

– тексттин түзүлүшүн (башталышын, өнүгүшүн, жыйынтыгын) талдап түшүнүү;

– тексттин стилин талдап түшүнүү;

– тексттин лингвистикасын талдап түшүнүү;

– тексттеги кептин түрүн талдап түшүнүү;

– текстке кеп маданиятына жараша талдоо.

Албетте, текст менен иштөөдө үч бачкычтуу иш-аракет жүрөт, алар: текстке чейинки аткарылуучу иштер, текст менен иштөө жана ал тексттин мазмунун, түзүлүшүн өркүндөтүү, ошону менен бирге, тексттен кийинки аткарыла турган иштер. Ал иштерге байланыштуу окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр эске алынууга тийиш. Мисалы:

**Текст менен иштөө кандайча ишке ашырылат?**

1. Текстти окуганга чейинки иштер;
2. Текст менен иштөө;
3. Текстти окугандан кийинки иштер.

**1. Тексти окуганга чейинки аткарылуучу иштер:**

– тексттин атын түшүнүү;

– тексттин автору тууралуу аңгемелешүү;

– тексттин атына байланыштуу алдын-ала аңгемелешүү, т.а. текстти окууга даярдык көрүү.

**2.Текст менен иштөө:**

– текстти окуу, көркөм, шар жана сезимдүү окууга тилди жатыктыруу;

– тексттин мазмунун түшүнүү;

– тексттен алынган сөздөрдү, сүйлөмдөрдү талдоо;

– текстти ролдошуп окуу;

– тексттен түшүнбөгөн сөздөрдүн маанисин талдоо.

Мындай түрдүү иштер мугалимдин да иш-аракеттерин байытат, окуучуну зериктирүүдөн куткарат.

**3.Текстти окугандан кийинки аткарылчу иштер:**

– тексттин мазмунун мугалимдин берген суроолоруна жараша үстүртөн, кыскача же ар кайсы жеринен айтып берүү;

– тексттин тарбиялык маанисин ачуу, баа берүү;

– тексттеги каармандардын кылык-жоруктарын мүнөздөө;

– үзүндүлөрдү образдуу, көрктүү окуу;

- каалоосуна жараша пикир жазуу;

- каармандардын сүрөттөрүн элестетип дил баян жазуу…

4. **Текстти кайра түзүүдөгү компетенттүүлүктөр:**

– тексттин сюжетин кайра түзүү;

– тексттин түзүлүшүн кайра түзүү;

– текстти кептин түрүнө жараша кайра түзүү.

**5.Текстти өркүндөтүүдөгү компетенттүүлүктөр:**

– тексттин сюжетин өркүндөтүү;

– тексттин мазмунун өркүндөтүү;

– тексттин түзүлүшүн өркүндөтүү;
– тексттин идеясын өркүндөтүү;
– тексттин проблемасын өркүндөтүү;
– тексттин стилин өркүндөтүү.

6. **Жаңы текст түзүүдөгү компетенттүүлүктөр:**

– тексттин стилин аныктоо;
- текттеги кептин түрүн аныктоо;
– тексттин темасын аныктоо;
– тексттин сюжетин аныктоо;
– тексттин мазмунун аныктоо;
– текстке ат коюу;
– тексттин идеясын аныктоо;
– тексттин проблемасын аныктоо;
– тексттин түзүлүшүн аныктоо.

Адабият сабагында текст менен иштөөдө текстти окуу ишмердиги айрыкча эске алынмакчы. Текст окууда анын максатына жана милдеттерине ылайык ишмердүүлүктүн бир нече түрлөрү жүзөгө ашат. Алар практикада төмөндөгүлөр катары байкалат. Мисалы:

**Текстти окуганга чейинки ээ болуучу ишмердүүлүк:**

– тексттин атын түшүнүү;
– тексттин атына жараша анын темасы тууралуу ой жүгүртүү;
– тексттин атына, темасына жараша мазмуну тууралуу алдын ала ой жүгүртүү;
– ушундай аталыштагы, темадагы жана мазмундагы дагы да кандай чыгарма окуганы тууралуу ой жүгүртүү;
– тексттин автору, анын дагы да башка чыгармалары тууралуу ой жүгүртүү, аңгемелешүү.

**Текстти**
**окуу ишмердиги жана анын түрлөрү**

**А) Текстти окуганга чейинки ээ болуучу ишмердүүлүк:**

– тексттин атын түшүнүү;
– тексттин атына жараша анын темасы тууралуу ой жүгүртүү;
– тексттин атына, темасына жараша мазмуну тууралуу алдын ала ой жүгүртүү;
– ушундай аталыштагы, темадагы жана мазмундагы дагы да кандай чыгарма окуганы тууралуу ой жүгүртүү;
– тексттин автору, анын дагы да башка чыгармалары тууралуу ой жүгүртүү, аңгемелешүү.

**Б) Окуучунун текстти окуу ишмердүүлүгү:**

– текстти муундап-сөздөп окуу;
– текстти муундап окуу;
– текстти сөздөп окуу;
– текстти шар окуу;
– текстти түшүнүп окуу;
– текстти тез окуу
– текстти көркөм окуу;
– текстти образдуу окуу;
– текстти жарыя окуу;
– текстти купуя окуу;
– текстти чынжыр менен окуу;
– текстти шыбырап окуу;
– текстти тил жатыктырып окуу;
– текстти көз жүгүртүп окуу;
– текстти мелдешип окуу;
– текстти үйрөнүп окуу;
– текстти баалап окуу;
– текстти ролго бөлүшүп окуу;
– текстти “чынжыр” менен окуу;
– текстти тез окуу;
– тексттин окуясын кууп окуу;
– текстти ар кай жеринен үзүп окуу;
– текстти салыштырып окуу;
– тексттин сюжетин элестетип окуу;
– текстти коюлган көрсөтмө боюнча окуу;
– тексттен фактыларды эстеп калуу үчүн окуу;
– текстти жаттап окуу;
– тексттен идея, маалымат издеп окуу;
– текстти тандап (кызыкчылыгына жараша) окуу;
– текстти ой жүгүртүп окуу;
– текстти пландап окуу;
– текстти кайталап окуу;
– текст жөнүндө билгенин бышыктоо үчүн окуу;
– өзүн-өзү текшерүү үчүн окуу,
– текстти изилдеп окуу;
– текстти рецензиялап окуу;
– текстти талдап окуу;
– текстти сындап окуу;
– текстти которуу үчүн окуу;
– текстти рекламалоо үчүн окуу;
– текстке пикир айтуу үчүн окуу;
– тексттин тилин талдап окуу;
– текстти иллюстрациялоо үчүн окуу…

**В) Текстти окугандан кийинки ишмердүүлүк:**

– тексттин сюжетин талдоо;
– тексттин идеялык мазмунун талдоо;
– тексттин образдарын талдоо;

– тексттеги каармандардын мүнөзүн талдоо;
– тексттин композициялык түзүлүшүн талдоо;
– тексттин тилин талдоо;
– тарбиялык маанисин талдоо;
*– текстти башка текстке салыштырып талдоо…*

## Китеп окуудан кийинки ишмердүүлүктөрдү текшерүү жана бекемдөө иш-чаралары кандай болууга тийиш?

Китеп окуудан кийинки ишмердүүлүктүтекшерүүдө жана бекемдөөдө төмөндөгүдөй суроолордун комплексименен иш алып барылуусу мүмкүн, атап айтканда:

– маалыматтуулугун текшерүү үчүн суроолор;
– маалыматтуулугун тактоо үчүн суроолор;
– маалыматтуулугун аныктоо үчүн суроолор;
– маалыматтуулугун жалпылоо үчүн суроолор;
– маалыматтуулугун анализдөө үчүн суроолор;
– маалыматтуулугун синтездөө үчүн суроолор;
– маалыматтарды классификациялоо үчүн суроолор;
– мүнөздөмө берүү үчүн суроолор;
– жеке көз карашын билүү үчүн суроолор;
– ой жүгүртүүсүн текшерүү үчүн суроолор;
– сынчыл мамилесин билүү үчүн суроолор;
– эсте сактоосун билүү үчүн суроолор;
– үйрөнгөнүн практикада колдоно аларын текшерүү үчүн суроолор;
– эске сактоосун текшерүү үчүн суроолор;
– чыгармачыл иштөөсүн текшерүү үчүн суроолор;
– өз алдынча иштөөсүн текшерүү үчүн суроолор;
– билгенин түшүндүрүп берүү үчүн суроолор;
– фактыларды салыштырып берүү үчүн суроолор;
– түшүнүктөрдү айырмалоо үчүн суроолор;
– тексттин тарбиялык таасирин билүү үчүн суроолор;
– тексттеги окуяга эмоционалдык мамилесин текшерүү үчүн суроолор;
– текстке баа берүүсүн текшерүү үчүн суроолор.

## Текст менен иштөөдөгү талаптар жана көрсөткүчтөр

(Окуу предметтер боюнча текст менен иштөөдө «окуу жана түшүнүү» иш - аракетин максаттуу жүргүзүү үчүн талаптар жана окуучулар ээ болуучу көрсөткүчтөр)

1. **Окуучу тексттин жанрын аныктай алабы?**
   -кандай жанрдагы тексттерди билесиң?
   -окуган тексттин жанры кандай экен?
   -тексттердин жанрдык  айырмасын эмнеден байкоого болот?

2. **Окуучу тексттин стилин аныктай алабы?**
   -окуган тексттин стили кандай экен?
   -кандай стилдеги тексттерди билесиң?
   -көркөм стилдеги текст кандай болот?
   -көркөм стилдеги кандай чыгармаларды окудуң?
   -илимий стилдеги тексттин кандай өзгөчөлүктөрү бар?
   -илимий стилдеги тексттин көркөм жана публицистикалык стилдеги тексттерден кандай айырмачылыгы бар?
   - кайсы предметтерга ылайык илимий стилдеги тексттерди окудуң?

3. **Окуучу тексттеги кептин түрүн аныктай алабы?**
   - биз окуган тексттерде кептин кандай түрлөрү жолугары эсиңде?
   -баяндоо түрүндөгү текст кандай болот?
   -сүрөттөө текстинде эмне сүрөттөлдү?
   -ой жүгүртүү текстинин кандай өзгөчөлүгү бар?

4. **Окуучу тексттин эмне тууралуу  экенин, кандай темада экенин аныктай алабы?**
   -текстте эмне тууралуу жазылган?
   -тексттин темасы дегенде эмнени түшүнөсүң?
   -сен кандай темадагы тексттерди окугансың?
   -тексттин мазмуну эмнени камтыйт?

5. **Окуучу текстте эмне ой айтылганын аныктай алабы?**
   -текстте эмне деген ой айтылды?
   -текстте эмне үчүн ушундай ой айтылды?

6. **Окуучу тексттеги ойдун  башкы маанисин аныктай алабы?**
   -текстте кандай ойлор айтылган?

-тексттеги негизги ой кайсы?
-текстте эмне үчүн ушундай ой айтылды?
-тексттеги негизги ой  кайсы окуяда айтылды?
-текстте жазуучу эмне үчүн ушундай ойду айткан?
-тексттин ойлордун мааниси эмнеде?

**7. Окуучу  тексттеги каармандардын кылык-жоругун түшүндүрө алабы?**

-каармандын бул кылык-жоругу туурабы?
-каарман эмне үчүн ушундай кылды?
-каармандын бул кылыгы сага жагабы?
-каарман мындан башкача эмне кылса туура болот эле?

**8. Окуучу каармандын сөздөрүн мүнөздөй алабы?**

-каармандын бул сөзүнө кандай баа бересиң?
-каармандын бул сөзүн эмне деп түшүндүң?
-каарман эмне үчүн ушундай деп айтты?
-тексттен кандай сөздөрдү үйрөндүң?

8**.Окуучу  окуганын ыраатуулукка салып, корутундулай алабы?**

-каармандын бул кылык-жоруктарынан улам ага кандай баа бересин?
-каармандардын бул жүргөн-турганынан  кандай үлгү алууга болот?
-окугандан кийин сен кандай жыйынтык ойго келди?

9. **Окуучу тексттин түзүлүшүн аныктай алабы?**

-текстте ой эмне менен башталды?
-тексттеги ой эмне менен өнүктү?
-текстте ой эмне менен бүттү?
-текст мындан башкача бүтсө кандай болот эле деп ойлойсуң?
-сен текстти кандайча улантып жаза алат элең?

1**0.Окуучу тексттеги сөздөрдүн маанисин түшүндүрө алабы?**

- бул сөздүн маанисин түшүнөсүңбү?
- бул сөздөрдүн маанилерин салыштырып түшүндүрө аласыңбы?
- бул сөздөрдүн  жакын маанилештигин  (же каршы маанилештигин) кайдан байкайсын?

-тексттен сен түшүнө албаган кандай сөздөр бар экен?
-тексттен сен кандай жаңы сөздөрдү үйрөндүң?

11. **Окуучу тексттеги окуялардын себептерин аныктай алабы?**

-текстте эмне үчүн ушундай ой айтылды?

-текстте эмне үчүн ушундай окуя болду?

-каарман эмне себептен ушундай жорукка барды?

-тексттеги окуя эмне үчүн ушундайча аяктады?

-каарман сенин оюңча кандай кылса болот эле жана эмне үчүн?

-эмне үчүн турмушта ушундай окуялар болот деп ойлойсуң?

12**. Окуучу окуганындагы ойдун натыйжасын, ойдун андан аркы өнүгүшүн айта алабы?**

-окуя мындан ары кандайча өнүгөт деп ойлойсун?

-каарман мындан ары кандай иш-аракеттерди аткарат?- деп ойлойсуң?

13.**Окуучу тексттеги ойду башка тексттеги ой менен салыштыра алабы?**

-ушундай мазмундагы кандай текстти окугансың?

-ушундай мазмундагы башка текстте кандай жыйынтык чыкканын билесиң?

- ушундай мазмундагы башка текстин кандай айырмасын белгилейсиң?

-ушундай ойду камтыган башка стилдеги кандай текстти окугансың?

**14.Тексттин аталышын талдап түшүнө алабы?**

-тексттин аталышынан эмнени түшүнсө болот?

-тексттин аты мазмун менен кандай байланышат?

-тексттин аталышы туура ойлонулуп коюлган деп ойлойсуңбу?

-тексттин аталышы башкача кандайча болсо болот эле?

15. **Окуучу башкы каармандын мүнөзүнүн белгилерин мүнөздөй алабы?**

-каармандын мүнөзү кандай экен?

-каармандын мүнөзү сага жагабы?

-каармандын мүнөзүнүн сага үлгү болор кандай белгилери бар?

-кандай мүнөздөгү каармандар сага жагат? Эмне үчүн?

-каармандын мүнөзү сенин мүнөзүңдүн өзгөрүүсүнө таасир эте алабы?

16.**Окуучу тексттен өзүнө үлгү болор насаат-кеңештерди таап ала алабы?**

-текстте ададарга үлгү болор кандай сапаттар тууралуу айтылды?

-тексттен сен кандай жакшы насааттарды алдың?
-тексттен кандай жакшы сапаттарды үйрөндүң?
-тексттен дагы кандай маалыматтарды билгиң келет?
-окуган текстти үлгү кылып,  ушундай жаңы текст түзө аласыңбы?

## КИТЕП ОКУУ ТЕХНИКАСЫ ТУУРАЛУУ

### Балдарды текстти окуу техникасына кантип үйрөтүүгө болот?

**Текстти окуу эки түрдө ишке ашат:**
1.Текстти окуп берүү ыгы.
2. Текстти өз алдынча окуу ыгы

**Текстти окуп берүү ыгы кандайча ишке ашат:**
1.токтоо, эмоциясыз, жай окуу;
2.ар бир сөзгө маани берүү;
3.сөз менен сөздүн, сүйлөм менен сүйлөмдүн аралык чектерин туура сактоо;
4.диалогдордогу интонацияларды  туура окуу;
5.мазмунга жараша эмоцияны туура сактоо;
6.түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүп отуруу;
7.мазмунга жараша мимиканы, жестти туура сактап окуу;
8.кырдаалга жараша сезимдүү окуу;
9.каармандардын кебине жараша образдуу окуу;
10.сүрөттөө, ой жүгүртүү жана баяндоо жагдайларын эске алып, күрктүү окуу;
11.балдар мазмунду түшүнүп жатабы-байкап окуу;
12. балдардын кабыл алуусун эске алып окуу;
13. окуган соң, мазмунду эске сактоосун байкоо үчүн суроолорду коюп, бекемдөө.

**Текстти өз алдынча окууда эмнелер эске алынат же ал кантип жүрөт:**
1.токтоо, эмоциясыз, жай окуу;
2.ар бир сөзгө маани берүү;
3.сөз менен сөздүн, сүйлөм менен сүйлөмдүн аралык чектерин кыраатттык жактан туура сактоо;

4.мазмунга жараша эмоцияны туура эске алуу;

5.сөздүн аягын «жутпай» толук айтып окуу;

6.диалогдорду, каармандардын кебин кыраатына жараша туура сактап окуу;

7.микротексттерди, абзацтарды логикасына жараша туура окуу;

8.кырдаалга жараша образдуу, сезимдүү окуу;

9.баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү жагдайларын туура сактап, көрктүү окуу…

## Окуучулардын окуу ылдамдыгын байкоо ыкмалары кандай жүзөгө ашат?

Айрыкча, башталгыч класстарда Адабий окуу сабактарында жүргүзүлүүчү негизги иш-аракеттердин бири-окуучулардын окуу техникасын калыптандыруу, анын ичинде окуу ылдамдыгын турукташтыруу болору талашсыз. Бул иш-аракет текстти шар окуу менен байланыштуу, тактап айтканда, бала текстти шар окууга жетишпесе, ал анын мазмунун да түшүнүүгө үлгүрбөйт. Анткени, психологиялык жактан алганда да, текстти шар окуу гана анын мазмунун туура, так жана жеткиликтүү түшүнүүгө жакшы шарт түзөт.

Ошентсе да, мугалим сабакта окуучунун текстти тез окуусу менен шар окууну алмаштырып түшүнбөөсү керек. Шар окуу-текстти окуу маданиятындагы т.а. сабаттуулугундагы же сабаттуу окуудагы негизги максат болсо, тез окуу маселеси окуу техникасынын өзгөчө түрү, ал окуу ылдамдыгын гана өлчөөчү бир жол болуп саналат.

Демек шар окуу же сабаттуу окуу маселеси менен тез окуу техникасы сабакта эки түрдүү максатты көздөөчү методикалык котегория экенин чаташтырбоо керек. Мунун өзү баланы окууга үйрөтүү методикасында эсте болуучу маселе.

Бул айтылгандардан улам эмне көңүлгө түшөт? Ал шар окуу менен тез окуу технологиясынан улам сабакта көңүлгө алынар бир маселе-окуучунун окуу ылдамдыгын калынтандыруу маселеси.

## Окуу ылдамдыгы деген эмне?

Окуу ылдамдыгы-окуучунун сапаттуу окуусунун т.а. окуу маданиятынын бир түрү жана да анын тез окуусун текшерүүчү нормативдик каражат болуп саналат. Демек ал- сабаттуу окуу менен окуу ылдамдыгынын

ортосун байланыштыруучу, аларды жүзөгө ашыруучу жол. Анткени окуу ылдамдыгында текстти сапаттуу окуунун да, тез, ылдам окуунун да дидактикалык белгилери учурайт.

Кантсе да, сабактагы окуучунун окуу ылдамдыгы проблемасы дегенде, баланын курактык өзгөчөлүгүнө ылайык өз учурунда чечилүүгө тийиш болгон маанилүү методикалык маселе экендигин жогорудагы айтылгандардан улам байкадык.

Эми ушул жерден: окуу ылдамдыгы дегенде эмнени түшүнөбүз, окуу ылдамдыгынын компонеттери эмнелер? - деген суроо коюлуусу ыктымал.

Ага мындайча жооп берсе болот-деген ойдобуз:

1. Сөздөгү тыбыштарды жана алардан куралган муундарды үн ыргагына жараша ажыратпай бир бүтүндүктө үзбөй окуу;
2. Сөздү бүтүн бойдон, анын ички мелодикасын ыргагына жараша толук окуу;
3. Сөздөр аралык ички дидактикалык тынымдарды туура сактап окуу;
4. Сөздөрдөгү семантикага (маанисине) жана кыраатына (интонацияны) жараша сүйлөмдүн синтаксистик бүтүндүгүн сактап окуу;
5. Булардын натыйжасында тексттин ички логикасын туура түшүнүп, мазмунун ачып, микротемаларын иреттүү жалпылап түшүнүктүү деңгээлде окууга жетишүү…

Албетте бул иш-аракеттер методикалык планда биринин артынан экинчиси ырааттуулук менен, күн санап үзгүлтүксүз түрдө алдыга кадам таштоо менен жүзөгө ашырылышы шарт. Антпеген күндө баланын окуу ылдамдыгы маселеси өз учурунда жана илимий негизде туура чечилбей калат.

Эми сабакта окуучунун окуу ылдамдыгын текшерүү жана ага жетишүү иш-аракеттерин кандайча жүзөгө ашырууга болорун байкап көрөлү.

## Окуу ылдамдыгын текшерүү сабактары кандай өтүүгө тийиш?

Сабакта төмөндөгүдөй максат коюлса болот:

1. Текстти окуу аркылуу окуучулардын окуу ылдамдыгын текшерүү жана ал аркылуу алардын окуу техникасын өздөштүрүү деңгээлин байкоо;

2.Окуу техникасын өркүндөтүү аркылуу окуучуларды окуу маданиятына, окуу ишмердүүлүгүнө көнүктүрүү;

3.Окурмандык маданиятты адамдын жалпы маданиятынын бир белгиси катары кароо менен, баланын инсандык ишмердүүлүгүнүн маданиятын өнүктүрүүгө багыттоо.

Сабакта **о**куу ылдамдыгын текшерүүдө ылайык тандалган адабий-көркөм жана таанып билүүчүлүк маанайдагы тексттер (кара сөз, ыр) пайдаланылат.

Иштөө формалары төмөндөгүчө болуусу мүмкүн. Албетте, Адабий окуу сабагы окуучулардын адабий-көркөм чыгармаларды окуу, түшүнүү, ал боюнча ой жүгүртө билүү ишмердүүлүгүнө үйрөтүү болгондуктан, аларды, адегенде, окуу ишмердүүлүгүнө көнүктүрүү кажет. Ал үчүн окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө жана формаларына жараша иш жүргүзүү максатка ылайык келет.

Ошондуктан, бул сыяктуу иш-аракеттер окуу жылы ичинде бир нече ирет, түрдүү ички жагдайларга жараша жүргүзүлүп, балдардын окуу ылдамдыгын текшерүү менен, анын өсүү деңгээлине ырааттуу көз салып туруу-мугалимдин бирден-бир манилүү милдети болуп калмакчы.

Бул үчүн төмөндөгүдөй шарттар аткарылууга тийиш:

-окуучулар буга чейин окуп-үйрөнгөн тематикага ылайык мазмундагы текст тандалат;

-ал текст окуучуга тарбия-таалим бере аларлык же таанытуучу мүнөзүндө болуусу максатка ылайык келет;

-окуучулардын куррактык жана кызыкчылык өзгөчөлүктөрү эске алынат;

-окуу нормативи так сакталышы тийиш;

-окуучулардын окуу ишмердигин текшерүүдө балдарга карата жылуу маанай, туура баалоо жана мактоо мүнөзүндөгү оң мотивацилдуу мамиле жасалуусу айрыкча эске алынуусу кажет.

Окуу ылдамдыгын текшерүүдө тексттер кандай тандалат жана окуу мүнөзү кандай болууга тийиш:

1. **Тааныш текстти окуу:** мында мугалим окуучуга окуу чейрегинде жолуккан, мазмуну тааныш текстти окутуу менен иш жүргүзөт.

2.**Бейтааныш текстти окуу**: мында мугалим окуучуларга бейтааныш, жаңы текстти окутуп, окуу ылдамдыгын текшерет, тааныш текстти кандай окуду, эми бейтааныш текстти кандай окуур экен-деген максатта салыштырып сыноо жүргүзүлөт.

3. **Биринчи окуу:** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай, көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу аркылуу баалоосу ишке ашат.

4. **Экинчи окуу:** окуучулардын окуу ылдамдыгын жана көрктүү окуусун адегендеги (баштапкы) окуусу менен салыштырып экинчи ирет

окутуу аркылуу баалоо; мында мурдагыга караганда сөзсүз окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү жогору болот.

5. **Үчүнчү окуу.** окуучулардын окуу ылдамдыгын, ал тургай, көрктүү окуусун эки окуудагы көрсөткүчү менен дагы да алыштырып, үчүнчү ирет окутуу аркылуу окуу техникасындагы өсүш байкоого алынат.

6**. Окуу ылдамдыгын жыл башында байкоо:** бул иш окуу ылдамдыгынын абалын билүү максатында окуучулардын окуу жылынын башындагы окуу ылдамдыгын билүү үчүн жүргүзүлөт.

7. **Окуу ылдамдыгын жыл ортосунда байкоо:** бул иш окуу ылдамдыгынын динамикасын билүү максатында окуу жылынын ортосунда, мүмкүн 2-чейректин аягы, 3-чейректин башындажүргүзүлөт.

8. **Окуу ылдамдыгын жыл аягында байкоо:** бул иш окуу ылдамдыгынын жыл ичинде калыптанышынын, жетилишинин деңгээлин билүү максатында жыл аягында жүргүзүлөт.

Э с к е р т ү ү: Ушунун баары ар бир окуучуга атайын таблица түзүлүү менен, окуу жыл ичиндеги окуу ылдамдыгынын көрсөткүчү эсепке алынып, максаттуу жүргүзүлөт.

<u>Иштин тартиби:</u>класстамугалим ар бир окуучуга ар башка текстти окууну сунуш кылуу менен, алардын ар биринин окуу ылдамдыгынын мүнөзүн байкайт. Антпесе, мурунку окуучу окуп жатканда кийинки окуучу ал тексттин мазмунун угуп турган болот да, ал кийинки окуучу үчүн тааныш текст катары эсептелинип калуусу ыктымал.

Текстти окутууда мугалим жогоруда айтылган ыкмалардын кайсынысын колдонууну өзү пландаштырат. Анткени бул текст балдарга, балким, биринчи ирет (же экинчи, балким үчүнчү ирет) сунушталышы ыктымал.

Ошентсе да, мугалим окуу нормативине ылайык иштөөсү шарт.

**Окуу ылдамдыгы:** 2-класста түшүндүрүп окуу үчүн минутасына 60, 3-класста-75, ал эми 4-класста 90 сөздөн кем болбоого тийиш.

**Окуу кезиндеги мамиле маданияты:** Окуу процессинде окуучуларды бири-бирине атаандаштыруу, биринин жогорку көрсөткүчү үчүн экинчисин басмырлап мамиле жасоого болбойт.

**Окууну баалоо:** окуу жылы ичиндегибаалоо–формативдик баалоо, ал эми чейрек жана жыл аягындагы баалоо – жыйынтыктоочу (суммативдүү) баалоо катары эсептелинет.

**Жыйынтык:** Мындай иштер, жогорудай айтылгандай, ырааттуу, максаттуу жүргүзүлгөндө гана натыйжага жеткирет. Ал окуучунун окуу ишмердүүлүгүн системалуу өнүктүрүп жүрүп отуруу менен, окурмандык маданиятын калыптандырууга жол ачат.

## Окуучунун окуу жана түшүнүү ишмердүүлүгү кантип уюштурулат?

Соңку кездерде эл аралык билим берүү уюмдарынын сунуш кылып отурган натыйжалуу долбоорлорунун бири «Окуу жана түшүнүү» технологиясы болуп саналат. Албетте, окуу жана түшүнүү бири-бирин толуктай тургандыгы жана бири-бирин уланткан, соңку натыйжага алып баруучу технология экендиги менен баалуу.

Ушундан улам, алдыдагы маселе-балага китеп окууну сунуштоо гана эмес, баланы окууга көнүктүрүүгө, окуу менен түшүнүүнү бирдикте алып жүрүүгө, ал аркылуу окуганын адабий-мазмундук жактан талдай билүүгө үйрөтүү, т.а. пайдалуу жана натыйжалуу окууга үйрөтүү методикасы маселесин чечүүдө турганын ойлонуубуз кажет.

Андай болсо, баланын, жогоруда айткандай, пайдалуу жана натыйжалуу окуусун кантип уюштуруруу керек?

Моюнга алалы, учурда мектеп мугалимдери да, балдардын ата-энелери да баланы пайдалуу китеп окууга кантип үйрөтүүнүн жолун билет, аны үйдө да, мектепте да уюштура алат- деп кесе айтуу кыйын. Анткени андай методика менен алар куралданган эмес. Ошондуктан, баланын окуу жана түшүнүү технологиясын туура уюштуруу жана жүргүзүү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу-учурдун эң зарыл талабы болуп отурат.

Жакындан бери ушул технологияга ылайык Ага-хан фонду тарабынан каржыланып, «Үй-бүлөбүз менен бирге окуйбуз» долбоору ишке жапырт киришти. Анын натыйжасында бул иш-аракет азыр атайын теле долбоорго айланды. Телеберүүлөрдө «Үй-бүлө менен бирге китеп окуйбуз» аттуу берүүлөр Балдар телеканалы аркылуу дамаамат чыга баштады. Ал телеберүүлөр балдардын ата-энелеринин турмушунда китеп окууга баланы үйрөтүү боюнча Республикабызда жаңы багытты баштады жана үй-бүлөнүн алкагында китепке болгон психологиялык кайдыгерликти жоюуга, кайсы бир деңгээлде, жол табылды.

Ошентсе да, аталган берүүлөргө эксперт болуу менен, учурдагы көйгөйлүү маселелер кайсылар экендигин да өз көзүбүз менен көрүп, ынанып отурабыз. Ал проблемалардын бир катары төмөндөгүлөр:

1. Окуучулар да, мугалимдер да, ата-энелер да чыгарманын аталышына (атына) маани беришпейт;
2. Чыгарманын жанры, ал жанр аркылуу эмнени айтууга болорун элес алышпайт;

3. Чыгарманын жалпы сюжетин билүү менен гана чектелишет;
4. Образдарын аңдап түшүнүү менен, алардын мүнөздөрүн да талдап түшүнүүнү байкашпайт;
5. Чыгармадагы сөздөргө, алардын маани-маңызына, ролуна, алардын окулуш интонациясына көңүл коюшпайт жана аларга маани коюп окушпайт;
6. Окуянын өнүгүүсүнө каармандардын образдары менен мүнөздөрүнүн таасирин байкашпайт;
7. Чыгарманын негизги жана жандооч идеялары тууралуу ойлонушпайт;
8. Эмне үчүн автор чыгарманын ушундай жазганын жана аны менен эмнени айтайын дегенин баамдай алышпайт ж.б.

Чындыгында, бул айтылгандар чыгарманын табиятын жеткире талдап-үйрөнүүгө жана да пайдалуу окуп-үйрөнүүгө багыттоочу негизги таяныч эрежелери сыяктанат.

Демек, ким болсун, ата-эне болсун, же мектеп мугалими болсун, балага китеп окуп берүүнүн жогорудагыдай эрежелерин билбесе, натыйжага жетүүчү жакын жолду табуусу кыйынга турмакчы-демекчибиз.

Албетте, ал үчүн окуунун өзүнө көңүл бөлөлү.

## ОКУУНУНЫКМАЛАРЫ

Ушу күнгө чейин окуунун мына мындай калыптанган жалпы түрлөрү бар:

-мазмундук окуу;

-логикалуу окуу;

-аналитикалык окуу;

-психологиялык окуу.

### Мазмундук окуу

**Мазмундук окуу** деген эмне? Анда окуп жаткан чыгарманын окуясына гана көңүл бөлүнөт, окуп жаткан адам, албетте, үнүн кыраат менен чыгарып, мүмкүн болушунча балага жеткиликтүү болуусун ойлоп, окуянын башталышын, негизги мазмунун жана аякташын «кубалап» окуйт. Бирок чыгарманын окуясынын башталыш, өнүгүш жана аякталышындагы ички логикага жана да аларды баланын кабыл алуусунун психологиялык проблемаларына маани берилбейт.

### Дикторлук окуу

Бул-албетте, **«дикторлук окууну»** эске салат. Мында, бала менен окуп жаткан адамдын ортосунда логикалык жана психологиялык байланыш ишке

ашпайт, ал кырааты менен көрктүү жана сезимдүү гана окулушу мүмкүн. А бирок адамдын түшүнүүсү үчүн атайын ыкмалар каралбайт. Андай болгон соң, окуунун бул түрү окуу жана түшүнүү технологиясына толук туура келбейт.

## Логикалык окуу

**Логикалык окуу-** «диктордук окууга» караганда бир аз жандуу процесс болмокчу. Анда окуя кантип башталып, кантип өнүгө баштаганын балага түшүндүрүү, андан ары кульминациялык точкага жеткирүү жана ал кантип жыйынтыкталып жана аяктаганын түшүндүрүү аракети көңүлдүн борборунда болот.

## Аналитикалык окуу

**Аналитикалык окуу-** логикалык окуудан да тереңирээк, анын уландысы катары колдонулат. Ал учурда мына буларга да баланын адабияттык жана логикалык анализ жасоосу унутта калбайт, т.а.:

- чыгарманын каарманы ким же эмне жана ал кандай экен?

-ал эмне иш-аракет жасады жана ал туура кылдыбы, же туура кылган жокпу?

-чыгармадан сага эмне жакты же жаккан жок, эмне үчүн?

-сен ал чыгармадан кандай таасир алдың?

-чыгарма сенин оюндай бүттүбү же дагы да башка сунушуң барбы? ж.б.

Демек мындан биз логикалык окуу чыгарманын ички логикалык өзөгүн кубалап же ээрчип окуу мүнөзүндө жүрөрүн байкадык. Ушундан улам, окуунун бул түрүн **аналитикалык окуу** деп атасак болот.

## Психологиялык окуу

**Психологиялык окуу** окуунун башка түрлөрүнөн кыйла айырмалуу түшүнүк жана окуунун бул түрүндө мына булар эске алынмакчы:

-баланын курагына чыгарманын тематикасы туура келеби?

-чыгарманын окуясын, тилин бала өздөштүрө алабы?

-бала китеп окуууга же окуп бергенди кызыгып, көңүл коюп угуп жатабы?

- окуянын өзөгүн бала түшүнүп жатабы?

-окуяны, андагы кырдаалдарды кабыл алып жатабы?

-окуп берген адамдын үн тону, мимикасы, жесттери чыгарманын духуна, логикасына, каармандарынын образдарына, мүнөздөрүнө туура келип жатабы?

-тексттин окуясы  балдарды таң калтырып, кубандырып же кайгыртып жатабы?

-сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, сүйлөм түрмөктөрүн бала түшүнүп жатабы?

-чыгармадагы автордун оюн, же анын негизинде жаткан идеяны бала жеткире түшүнө алдыбы?

-угуп жатканда бала эмнелерди түшүнбөй суроо берип жатты? ж.б.

Ата-эне да, мугалим да китеп окуп берүү учурунда мына ушуларга айрыкча көңүл буруусу жана баланын кабыл алуусун кадам сайын байкап-баалап отуруусу кажет.

Мына ушунун өзү да чыгарманы окуучунун түшүнүүсүн калыптандыруучу (формативдик) мүнөздө баалоо менен барабар. Анан да, буларга кошумча, текстти күркүү, сезимдүү, образдуу окуу менен, каармандардын кебин анын мүнөзүнө  жараша  туурап окуу, тыным алып туруу, үндүн партитурасын өзгөртүп отуруу, сөздүн кырдаалга жараша айтылыш  музыкалуулугун кубултуп  отуруу зарылдыгын эске тутуусу керек. Ансыз психологиялык окуу иш жүзүнө максаттуу түрдө ашпай калат.

## ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ ЫКМАСЫ

Эми «окуу жана түшүнүү» дегендин өзүнө да токтоло кетели. Айтып тургандай, бул жерде эки нерсеге көңүл буруну талап кылып отурат, т.а. окуунун бул түрү  эки компоненттен турарын байкайлы.

Анын биринчи компоненти-бул, окуунун өзү, анын бай табияты, т.а.:

- шар окуу;

-көрктүү окуу;

-сезимдүү окуу;

-мазмундуу окуу;

-логикалуу окуу;

-психологиялык окуу; ж.б.

Ал эми түшүнүү процесси да өзүнө төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилерди  камтып тургансыйт:

-чыгарманын аталышын түшүнүү;

- чыгарманын мазмунун түшүнүү;

-сөздөрдүн маани-маңызын түшүнүү;

-автордун оюн түшүнүү;

-чыгарманын тематикасын түшүнүү;

-чыгарманын идеясын түшүнүү;

-каармандын образын түшүнүү;

-айтылып жаткан проблеманы түшүнүү;

-чыгарманын тарбиялык маанисин түшүнүү;

-чыгармадагы каармандын образын, мүнөзүнүн кандай экенин түшүнүү;

-каарман туура сөз айттыбы, же туура эмес айттыбы, туура иш жасадыбы же туура эмес иш кылдыбы, алардын кылык-жоруктарына кадам сайын түшүнүп-баалап отуруу;

-окуянын башталуу,өнүгүү жана жыйынтыкталуу логикасын түшүнүү, эмне үчүн ушундай аяктаганын түшүнүп баалоо;

-чыгарманы башка чыгарма менен жана да анын идеясын турмуш менен салыштырып түшүнүү;

-чыгарманы окугандан кийин өз алдынча ой жүгүртүү аркылуу, адамдардын жан дүйнөсүн талдап түшүнүү…ж.б.

Бул иш-аркеттердин жүзөгө ырааттуу ашышы үчүн, бала дагы, ата-энеси дагы жана мугалим дагы окуунун үстүнөн чыгармачыл, проблемалуу жана сынчыл ой жүгүртө билүүнүн зарылдыгын унутпоо керек. А андай ой жүгүртүү болбосо, чыгарманы түшүнүү дагы да толук ишке ашпай калуусу ыктымал.

Мындай окуу баладагы төмөндөгүдөй жакшы сапаттарды калыптандыруу менен уланса, албетте ал соңку натыйжагажетүүчү жолду берери шексиз, т.а:

-окуу баланы зордоо менен жүрбөшү керек, ал үчүн балада кызыгуу жаралышы шарт;

-кызыгуунун натыйжасында, бала китеп окууну такай адатка айландыруусу максатка ылайык келет;

-мындай адаттан улам, балада китеп окууга болгон ички керектөөнүн жаралышы абдан пайдалуу;

-китеп окуудан бала психологиялык канааттануу алса, бул да эң жакшы;

-китеп окууну бала билим алуунун жолу катары эсептөөсү-окуунун келечектүүлүгүн камсыз кылмакчы.. .

Мына ушул сыяктуу окуу процесси туруктуу ишке ашса, албетте, пайдалуу окуу ишке ашты жана ишмердүүлүк аркылуу жүрдү-деп эсептөө-илимий-методикалык жактан туура болмокчу.

## КИТЕП ОКУУНУН АДАБИЯТТААНУУЧУЛУК ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ

### Мектепте көркөм чыгарманы адабий-мазмундук жана педагогикалык жактан интерпретациялоо

**Албетте, мектеп мугалиминде окуучусуна болгон ата-энедей сүйүү сезими, ал эми ата-энеде болсо мугалимдикиндей педагогикалык билим болуусу керек.** Ошондо гана мугалим балага татыктуу таалим-тарбия бере алат, ал эми ата-эне болсо үйдө балага билим алуу үчүн зарыл шарттарды түзүп, керектүү окуу куралдары менен камсыз кылып, баласы менен сабактары, окуган китептери, көргөн кино-фильмдери туурасында жана мектепте жетишкен ийгиликтери менен кыйынчылыктары жагдайында дамаамат аңгемелешип, керек учурда үй тапшырмаларын аткаруусуна жардам, багыт көрсөтүп, класстык жыйындарына катышып, мектептин талаптарын туура түшүнүп, мугалиминен дайым кол үзбөй мамиле жасап, түзүлгөн проблемалардын өз убагында туура чечилишине көмөк көрсөтүп, баласынын туура тарбия-таалим алуусуна мугалим менен бирге аракет жасоосу керек. Албетте, мына ушундай иш-аракеттер менен бирге, балага таалим-тарбия берүүдө жардам болор көптөгөн каражаттардын бири катары дал ушул биз сөз кылып отурган - көркөм чыгарма болуусу ыктымал. Ал үчүн көркөм чыгарманы мектепте да, үйдө да балдар менен туура талдап түшүнгөн оң.

Чындыгында, окумуштуу-педагогдордун, атап айтканда, ата-мекендик окумуштууларыбыз илимдин докторлору, профессорлор С.Байгазиев, Н.Ишекеев, А.Муратов, С.Батаканова, С.Сакиевалар жана казак окумуштуусу профессор Б.Сманов сунуш кылышкандай, көркөм чыгарманы **адабий-мазмундук жактан интерпретациялоо** менен бирге, биздин оюбузча, ар убак мектеп практикасы талап кылып келген **педагогикалык интерпретациялоонун** ык-жолдору тууралуу да ой токтотуубуз зарыл. Анткени мектептеги адабий окуу жана адабият сабактарында чыгармага адабий-мазмундук талдоо жүргүзүп түшүнүү эле жетишсиз, андыктан, ал сөзсүз түрдө педагогикалык интерпретациялоону талап кылып турганы мына ошондон.

Ошондуктан, мектептин башталгыч класстарынын мугалими да, ортоңку жана жогорку класста сабак берген адабият мугалими дагы адабий

чыгарманы окуучулар менен бирге талдап түшүнүүдө мына ушул эки жолду туура колдоно билүүсү талап кылынмакчы.

Анда эмесе, алгач ирет адабий-мазмундук талдоонун (интерпретациялоонун) талаптары тууралуу кеп баштайлы. Мында **биринчиден, чыгармага жанрдык-тектик, идеялык-тематикалык, мазмундук–формалык жана композициялык-сюжеттик ж.б. багыттарда талдоо жүргүзүү** ишке ашары белгилүү.

**1.Жанрдык-тектик талдоо**

Мында, адегенде, окуп-үйрөнүүгө сунуш кылынган чыгарманын теги кандай (т.а. анын эпостук, лирикалык же драмалык) жанры кандай (проза, поэзия же драмалык чыгарма) экендиги айкындалат. Эпикалык текке (эпоско) «Манас» баатырдык эпосу баш болгон кенже баатырдык эпостор «Курманбек», «Жаныш-Байыш» ж.б., лиро-эпикалык поэмалар «Олжобай менен Кишимжан», «Жаңыл Мырза» ж.б. кирери түшүндүрүлөт. Ушул эле эпикалык текке кирген төмөндөгү жанрлар эске түшөт, мисалы: поэма, роман, повесть, аңгеме, новелла, очерк, тамсил. Ал эми лирикалык тек болсо: сүйүү лирикасы, атуулдук лирика, пейзаждык лирика, сатиралык лирика жана дидактикалык лирика болуп бөлүнөрү үйрөтүлөт жана ич ара, майда жанрлар катары: бешик ырлары, той ырлары, оюн ырлары, арман ырлары, кошок ырлары, учурашуу ырлары, санат-насыят ырлары, мактоо-кордоо, ырым-жырым, айтыш ж.б. болуп тармакталары схема менен көрсөтүлөт. Драмалык текке болсо трагедия, комедия жана драма сыяктуу үч жанр мүнөздүү экени айтылат.

**2. Идеялык-тематикалык талдоо**

Бул маселечыгарманын жаралышынын негизи сыяктуу көрүнөт, анткени тема аркылуу чыгармада эмне тууралуу сөз болору байкалат да, ал турмуштун өзүн чагылдырат. Мисалы:

-мекенди коргоо темасы;

-эмгек темасы;

-экологиялык проблемалар темасы;

-сүйүү темасы;

-адеп-ахлак темасы, ж.б.

Ал эми ошол тема аркылуу ачылуучу турмуштук проблемалар, автордук ой, айтылган жыйынтык бүтүм, натыйжалар-чыгарманын идеясы болору, ал көп кырдуу экендиги, мисалы: мекенди коргоого үндөө, адал ак эмгек кылууга чакырык, ак менен каранын күрөшү, адамдык тазалыкты даңазалоо, маңкурттуктун зыяндуулугун келекелөө, табиятты коргоого, согушту жек көрүүгө, таза махабатты сактоого үндөө, гумандуулуктун жеңишин даңазалоо ж.б. талдап үйрөнүлөт.

## 3. Мазмундук-формалык талдоо

Мында мазмун менен форманын биримдиги, мазмун форма аркылуу берилери, форма болсо мазмунду камтып турган калып катары кызмат кылары ачылат. Ошентсе да, мазмун дегенде: турмуштун түрдүү көрүнүштөрү, окуялар, адамдын тагдыры, түрдүү идеялар ж.б. эске алынса, чыгарманын формасы дегенде: айтыла турган ойду берүүнүн каражаты катары- кептин түрлөрүнүн (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү), кептин стилдеринин (көркөм, публицистикалык, илимий) катышы, анын кайсы бир жанрга (кара сөз, ыр, драма) салынышы, сюжетти берүү үчүн композициянын түзүлүшү, глава, бөлүмдөргө, абзацтарга бөлүнүшү, образдардын түзүлүшү… ж.б. ушунун баары анын формасын аныктай тургандыгы ачылат. Демек, форма менен мазмун бирге жашап, мазмун формага салынып бүтүн бир чыгарма жараларын окуучу түшүнүшү керек жана аны талдап үйрөнүүгө машыктыруу максатка ылайык келет.

## 5. Композициялык-сюжеттик талдоо

Мында эки нерсе көңүлгө алынат, т.а. биринчиси- чыгарманын композициясы (курулушу, бир бүтүн түзүлүшү), экинчиси- анын сюжети (окуясы). Алардын ар бири өзүнчө элементтерден турат. Мисалы, композиция-чыгарманын сюжетинен, андагы конфликттерден жана образдардан турат. Чыгарма эч качан баяндоого алынган темасыз, идеясыз, чиеленишкен окуяларысыз жана образдарсыз болбойт.

Ошондой эле, сюжет да өз алдынча мындай компонеттерди камтыйт, атап айтканда, анын ырааттуу баяндалышы, берейин деген жазуучунун оюнун жүзөгө ашырылыш ирети же окуянын себеп-натыйжалаш өнүгүшү. Ушундан улам сюжет төмөндөгү элементтерден турат:

-пролог (окуянын баяндалышынын себеби, шарты);

- негизги окуянын башталышы;

-окуянын чиелениши;

-окуянын өнүгүшү;

-окуянын өнүгүп жеткен чеги (кульминация);

-окуянын чечилиши;

-эпилог (каармандардын кийинки тагдыры). Демек, чыгарманын композиясы жана сюжети талданганда ушул маселелер эске алынат.

## 5. Образдар системасын талдоо

Албетте, мында чыгарманын каармандарынын образдары талданат. Башкы жана экинчи баскычтагы каармандардын чыгармадагы орду, окуянын өнүгүшүндөгү ролу ачылат. Андагы оң мүнөздөгү жана терс мүнөздөгү

каармандар чыгарманын сюжетине жараша, окуяларынын мисалында айткындалат.

### 6.Чыгарманын тилин талдоо

Мында эки нерсе эске алынат жана талданат, т.а. жазуучунун тили жана каармандын сөзү. Ошентсе дагы, чыгарманын ажарын ачкан төмөндөгү сөз байлыктары айрыкча талданат:

-көркөм сөз каражаттары;

-архаизм жана тарыхый сөздөр;

-неологизмдер (жаңы сөздөр);

-кесиптик сөздөр;

-диалектилик сөздөр;

-жаргондор, ж.б.

Көркөм сөз каражаттарын изилдөөдө-троптор жана анын түрлөрү айрыкча көңүлгө алынат, т.а. эпитет (мисалы: Айкөл Манас, акылман Бакай, Акыл Карачач ж.б.) жана салыштыруулар (окшош белгилери боюнча салыштырып мүнөздөө, мисалы: айдай, күндөй, балапандай, карышкырдай, ж.б.), алардын ичинде: метонимия (бир нерсени башканын белгиси менен каймана баяндоо), метафора (бир нерсени башка нерсе менен окшоштуруп, өтмө мааниде баяндоо), аллегория (мисалы, тамсилде ач көздүктү карышкырдын, акынды булбулдун, кууну түлкүнүн образы менен берүү), ирония (каймана түрдө келекелөө, шылдыңдоо), гипербола (апыртуу, күчөтүү), литота (гипреболага тескерисинде, кичирейтүү), ж.б. таланат. (Эскертүү: бул теманы жазууда Ж.Шериев менен А.Муратовдун «Адабият теориясы» аттуу китеби пайдаланылды. Б., 2004).

**Экинчи маселе: көркөм чыгармага педагогикалык талдоо жүргүзүү маселеси. Мында чыгарманын педагогикалык баалуулугу ачылат, бала үчүн пайдалуулугу аныкталат, таанытуучулук, билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочулук табияты талданып бааланат.**

**1) таанытуучулук маанисин ачуу;** мисалы: дүйнөнү, табиятты, адам турмушун, алардын ичинен: жан-жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, аалам кубулуштарын, адам турмушун, мүнөздөрүн, турмуштук проблемаларды ж.б. таанытуу, алардын бала үчүн маани-маңызын ачуу;

**2) билим берүүчүлүк мазмунун ачуу;** мисалы: баланын адабий-теориялык билимин көтөрүү, чыгарманын тилинин байлыгын таанытуу, стилдик жактан кандай жазылгандыгын үйрөтүү, байланыштуу кебин өстүрүү, кептин түрлөрүнүн табиятын билдирүү, көркөм чыгарманын мисалында адабий-эстетикалык билимин түптөө, өз алдынча чыгарма жазууга, чыгармачылык ишмердигин өнүктүрүүгө багыттоо;

**3) өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгүн ачуу;** мисалы: баланын инсандыгын, акылын, сезим-туюмун, ой жүгүртүүсүн, далилдерди, мүнөздөрдү, образдарды салыштыра билүүсүн, дүйнөнү, адамды таанып билүүсүн, турмуштук практикасын, дүйнөгө болгон көз карашын өнүктүрүүгө салым кошуу, үйрөнгөнүн практикада колдоно билүү компетенттүүлүгүн, окурмандык маданиятын, рухий дүйнөсүн байытуу, ж.б.

**4) тарбиялоочулук маани-маңызын ачуу;** мисалы: чыгарманын идеясы менен образдарынын мисалында балага адептик-ыймандык, патриоттук тарбиянын үлгүлөрүн үйрөтүү, акыл эмгегине машыктыруу, эстетикалык сезим-туюмдарын өстүрүү, рухий жана дене жактан тарбиясын бекемдөөгө машыктыруу, идеялык-саясий көз карашын байытуу, ж.б.

Чыгармага мугалимдин мына ушундай багыттарда педагогикалык талдоо жүргүзүүсү жана ага баланы машыктыруу гана анын балдарга жугумдуулугун, тарбиялык таасирдүүлүгүн арттырат, жазуучунун айтайын деген негизги оюн баланын жан дүйнөсүнө жеткирет. Ушундай болгондо гана **адабият мугалими жазуучу менен баланын ортосунда көпүрө болуу кызматын аткарат**. Антпесе. чыгарманы бала түшүнө албайт, аны жан дүйнөсү менен кабыл албайт, бала чыгарманы өз сөзү менен эмес «башканын» сөзү менен курулай баяндап айтып берип гана чектелет.

Мына ушулардан улам, көркөм чыгармага **адабий баяндоо** (сюжетин, композициясын, жанрдык-түрдүк табиятын, идеялык-тематикалык маани-маңызын, образдар системасын ачып баяндоо)менен **педагогикалык баяндоонун** айырмасы асман менен жердей экенин баамдайбыз. Анткени педагогикалык баяндоо гана чыгарманын педагогикалык табиятын балага ачып бере алат.

**Педагогикалык баяндоо** дегенде эмнелерди эске түшүрөбүз? Мисалы:

-чыгарманы баяндап берүүнүн методдорун (аңгемелешүү, изилдөө, проблемалуу жагдайларын түзүү) жана принциптерин (турмуш менен байланыштырып, көрсөтмөлүү, тарбиялап окутуу жагдайын эске алып, жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга карай жеткиликтүү баяндоо) эске алуу;

- чыгарманы баланын курагына, түшүнүгүнө жараша баяндоо;

-чыгарманы балага түшүнүктүү, жеткиликтүү тил менен баяндоо;

- бала чыгарманын окуясын, өнүгүшүн кабыл алып жатабы, каармандарынын кылык-жоруктарын түшүнүп жатабы, байкап, эске алып баяндоо;

-чыгарманын таанытуучулук, билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялык мүмкүнчүлүгүн ачып жана аларды баланын жан дүйнөсүнө жеткире баяндоо;

-чыгарманын идеясын, темасын, проблемасын, автордун айтайын деген оюн далилдүү окуялары менен талдап баяндоо, … ж.б.

Деги эле, сабактагы баяндоонун мындан башка да: маалыматтык баяндоо, мазмундук-сюжеттик баяндоо, илимий баяндоо, психологиялык баяндоо, интерактивдүү баяндоо ж.б. түрлөрү бар экендигин да эске сала кетсек болот.

М.Горький айтмакчы, «ар бир чыгарма тарбия үчүн жазылат», ошондуктан, педагогикалык баяндоо жана педагогикалык талдоо гана чыгарманын тарбиялык табиятын балага ачып бере алат. Андыктан, мектепте көркөм чыгарманы башталгыч класстан баштап окуп-үйрөнүүдө **«адабий баяндоо»** жана **«адабий талдоодон»** көрөкчө, мугалим **«педагогикалык баяндоо»** менен **«педагогикалык талдоо»** ыкмаларын кеңири колдонуусу талапка ылайык келет.

## «КҮН САЙЫН САБАКТА БЕШ МҮНӨТ КИТЕП ОКУУ» ЫКМАСЫ

Жогоруда айтылып өткөндөй, Ага-хан фонду аркылуу уюштурулуп өткөрүлүп жаткан «Бирге окуйбуз» долбоору «күн сайын он беш мүнөттүк китеп окуу» акциясын сунуш кылууда. Албетте, бул балдарды үйдө ата-энелери менен бирге китеп окууга багыттоочу жана ага мүмкүнчүлүк түзүүчү «жакшы шылтоо» болуп калды. Ал тургай, Балдар телеканалын көрүп отурган ар бир ата-эне баласы менен бирге китеп окуу маданиятына күн санап тартылып баратат, китеп окуунун маани-маңызын дагы да тереңирээк түшүнүп баратат. Ата-энелер ошол телеберүүлөрдү карап отурушуп, атайын даярданып барып сынакка катышканы менен, жөнөкөй эле бир катар маалыматтарды начар окуучудан бетер билбей, жөнөкөй эле суроолорго жооп таба албай кыйналып отургандарын өз көздөрү менен көрүп, ийгиликтери болсо бирге кубанып отурушат.

Мунун өзү бизде бир катар жылдар бою бала да, анын ата-энеси да китеп окуудан оолак болуп, окуган чыгарманы сюжеттик жана маанилик жактан жөнөкөй эле талдап түшүнүүнү да унутуп баратканын далилдеп койду.

Албетте, бул теле берүүнүн негизги лейтмотиви - «күн сайын он беш мүнөттүк китеп окуу» идеясын жайылтуу экени талашсыз. Анын уюштуруу ыкмасы –күн сайын үйдө, кечинде бала менен ата-энеси он беш мүнөттүк бош убакыт таап, ошол мүнөттү китеп дүйнөсүнө бирге саякат жасоого арноо, аз убакыт болсо да, аны пайдалуу иш менен өткөрүү болуп саналат.

Деги эле, күн сайын кечинде гана эмес, эртең менен, сабак алдында башталгыч класстарда мугалим окуучулары менен амандашкан соң, кызыктуу бир аңгемеге, ырга же жомокко көңүлүн буруп, маанайларын жакшы сөз, пайдалуу ой жүгүртүү, жугумдуу кеп-сөз менен баштоого неге болбосун? Психологиялык жакшы маанайды түзүп алып, анан сабакты баштоо да кыйла натыйжалуу болорун практик мугалимдер эң жакшы түшүнүшөт.

Анан калса, «күн сайын сабак алдында беш мүнөттүк китеп окуу» идеясы- бизге жаңылык деле эмес. Андай иш-чараларды республикабыздын булуң-бурчтарында эчактан бери эле башталгыч класстын тажрыйбалуу мугалимдери өткөрүп келатышканы маалым.

Биздин оюбуз боюнча, андай «күн сайын сабак алдында беш мүнөттүк китеп окуу» иш –чарасын өткөрүп коюунун анча кыйынчылыгы деле жок сыяктуу. Бирок маселе, аны «өткөрүү үчүн гана өткөрүү» эмес, балким аны

өткөрүүнүн жаңыча технологиясын ойлонуу керек го?-деген ойдобуз. Анткени аны өткөрүүнүн максаты, милдети, убактысы, узактыгы, каражаты, көлөмү, өткөрүү жолдору - деген сыяктуу методикалык маселелер да көңүлдө болсо, ашыкча болбосо керек. Эмесе, кептин тизгинин ушул проблемага буралы.

«Күн сайын сабак алдында беш мүнөттүк китеп окуу» иш –чарасынын максаты- өзү эле айтып отургандай, балдарды көркөм адабиятты окууга, ал аркылуу китеп маданиятына балдарды тартуу, окурмандык ишмердүүлүккө багыттоо, окуу аркылуу ой жүгүртүүсүн, сөз кору менен сүйлөө маданиятын өнүктүрүү экени талашсыз.

Эскерте кетер экинчи маселе-окулуучу чыгарманын көлөмү тууралуу болмокчу. Ири алдында айталы, мындай окууга сунушталган аңгеме, ыр же жомок эки барактан ашпашы керек. Анткени жай, көрктүү окулган эки барак текст төрт же төрт жарым мүнөттүк убакытты алат. Ал эми анын мазмуну тууралуу фаулалык мүнөздөгү чакан аңгемелешүү, ашып кетсе, бир же бир жарым мүнөткө гана созулушу шарт жана ал, сөзсүз түрдө, өтүлө турган сабактын нугуна, башкы идеясына, өтүлөр теманын табиятына жакын, мазмундаш, кызыктуу болуусу да эске алынса максаттуу болмокчу.

Дагы бир маселе, бул иш-чара башталгыч класстарга айрыкча мүнөздүү жана ыңгайлуу экендигин эске алсак, аларда күн сайын ар түрдүү ишмердүүлүккө багыттоочу төрттөн-бешке чейинки сабактар өтүлөт. Атап айтканда, алар: эне тили, адабий окуу, математика, орус тили, адеп, мекен таануу, музыка, сүрөт жана физкультура сабактары. Булардын ар бири баланын рухий маданиятын, акыл-эсин, дүйнөгө болгон көз карашын, дене тарбия маданиятын ж.б. өнүктүрүүгө кызмат кылат жана атуул катары калыптандыруунун негиздерин түзөт. Ошондуктан, «күн сайын сабак алдында беш мүнөттүк китеп окуу» иш-чарасы окуучуну өнүктүрүүнүн ушул багыттары менен да шайкеш келүүсү жана ага кызмат кылуусу кажет. Ошондо гана ал «окуу» максаттуу жана жугумдуу болуусу ыктымал.

Демек, бул айтылган сөз аталган окуу күн сайын өтүлүүчү түрдүү предметтердин ар бири менен мазмундаш, үндөш, бири менен экинчисин толуктоочу мүнөздөгү интеграциялык милдетти да аркалашы толук мүмкүн. Тактап айтканда, «беш мүнөттүк» окуудагы окулуучу аңгеме, ыр же жомок эне тили, адабияты менен да, математика менен да, орус тили, чет тил менен да, сүрөт,ыр, кол эмгек жана физкультура менен да мазмундаш болуп, сабакта айтылар ойду андан ары тереңдетип, аны менен интеграцияланып, тилдин, математика менен сүрөт же кол эмгектин адам турмушундагы пайдалуулугун менен кеңири түшүндүрүп, аны андан ары да терең

өздөштүрүүгө кызыктырып, ошону менен бирге ойлонтуп, ой жүгүртүүсүн өстүрүү иши бирге жүрмөкчү.

Мында, дагы бир нерсени эске алалы: күн сайын биринчи сабакта бир эле предмет кайталана бербейт жана күн сайынкы сабактын жүгүртмөсү ар түрдүүчө түзүлөт. Балким, эне тили, же математика, балким сүрөт же орус тили же адеп же мекен таануу сабагы же дагы башка предмет сабактын жүгүртмөсүндө биринчи кезекке коюлат. Ошондо күн сайынкы беш мүнөттүк китеп окуу иши- ошол күнкү биринчи сабакка байланыштуу жүргүзүлөт.

Тактап айтканда, биринчи сабак математика болсо, математикалык мүнөздөгү сюжети жана тапшырмалары бар аңгеме, ыр же жомок, эгер мекен таануу сабагы болсо, адамга мекендин ыйыктыгы тууралуу чыгарма, эгер сүрөт, эгер көркөм өнөр сабагы болсо, өнөрлөрдүн турмуштагы пайдасы тууралуу же чет тили болсо, чет тилинин маанилүүлүгү, анын адам турмушундагы орду тууралуу чыгарма болсо-андан беш бетер орундуу болмокчу.

Эмесе, ишке өтөлү. Бул ирет эки сабакка байланыштуу эки жомокту кантип окуу ишке ашарын ойлонуп көрөлү.

Биринчиси-математка сабагына байланыштуу болсун. Адамдын акылын жана айла-амалын сынаган ушундай акыл гимнастикасы жагдайындагы кызыктуу жомокту 2-класста кантип окуп берүү жана талдоо жагдайында кеп кылалы.

Мугалим мындай окуу сабагын күн мурунтан пландап, кандай чыгарма, көлөмү канчалык, аны кантип көрктүү жана сезимдүү окуу керектигине даярдык көрөт. Анан сабагын баштаарда: Урматтуу бөбөктөр, азыр биз адамдын акылмандыгын сынаган „Апенди жана каздар» аттуу жомокту окуйбуз. Көңүл коюп уккула. Эмесе, баштайбыз.

...Апенди бир күнү токтойго барып семиз каз атып алат да, үйүнө келет. Аны байбичесине бышыртып алып, «муну жеке жегенде эмне» деп, тартуу кылмакка ханга жөнөйт. Хан апендини кабыл алып, тартуусуна ыраазы болот да, казды өзүнө, аялына, эки кызы менен эки уулуна өз колу менен бөлүштүрүп берүүсүн өтүнөт.

-Ханым, макул десеңиз, мен казды каалаганымдай бөлөйүн,- дейт апенди. Хан макул болот.

-Урматтуу ханым! Сиз эл башысыз, акылман журт башысыз. Үйдүн ээсисиз жана кожоюнусуз. Акыл баштан чыгат- деген элибиз. Ошондуктан, каздын башы сиздики болсун,-деп апенди каздын башын кесип, хандын алдына коет.

Хан апендинин кебинде бир ой бар экенин байкап, муюп угат, эркине коет. Апенди казды бөлүштүрүүсүн улантат:

-Ал эми моюну-байбичесиңиздики  болот. Анткени сиз байбичеңиздин кеңешин ар дайым угасыз. Моюн кайда бурулса, баш ошол жакка бурулат. Ошондуктан, каздын моюну-байбичеңиздики болушу шарт.

Хан бул сөзгө да каршы сөз айта албай муюйт. Анан каздын эки канатын кесип, тасмал жээгинде отурушкан эки кызынын алдына коет:

-Ханым, бул эки канат –эки кызыңызга тиет. Анткени алар  бойго жетип калышыптыр. Жакында канат байлап  үйдөн алыска учуп кетишет. Кыз –башка жердин бүлөсү- деген. Ал эми эки буту-эки уулуңуздуку. Эки уулуңуз сиздин жолуңузду жолдоп, изиңизди басып, урпагыңызды улантат. Бул анык. Ошондуктан, эки  каздын эки  буту-эки уулуңуздуку болушу керек. Ал эми төшү ашып калды. Ал меники болсун.

Хан апендинин акылмандыгына ыраазы боло, сөздөрүнө муюп, урманттап, сыйлап, сыйлык берип үйүнө  узатат.

Ошентип апенди ханды да ыраазы кылып, колу да куру болбой, сүйүнүп келатса, алдынан хандын вазири жолугат. Апенди вазирге  токойго барып каз атып алганы, аны бышырып алып ханга тартуу кылганы жана аны кантип бөлүштүрүп берип, сыйлык алып келатканы жөнүндө айтып берет. Апендинин сөзүн уккан вазир «мен дагы каздарымдан союп алып ханга барайын, сенин акылың шумдук экен, сен аны ханга бөлүштүрүп бер. Мен дагы сыйлык алайын»-дейт вазир.

Вазирдин сөзүнө апенди макул болот. Эртеси, бир эмес, вазирдин үч семиз казын сойдуруп башыртат да, экөө ханга жөнөшөт. Хан аларды кабыл алып, тартууну алат. Хан бул каздарды да бөлүштүрүүнү апендиге тапшырат.Апенди  бул жерден өзүнүн тапкычтыгын мындайча билгизет.

- Урматтуу ханым,-дейт апенди,- сиздер алтоосуздар, биз экөөбүздү кошо эсептегенде сегиз болобуз. Ал эми каздар –үчөө. Сегиз кишиге үч каз так бөлүнбөйт. Ошондуктан, мен билгенимдей бөлүштүрүүгө уруксат берүүңүздү өтүнөм.

Хан макул болот. Апенди мында да каздын башын - ханга, моюнун-байбичесине, эки канатын –эки кызына, эки бутун –эки уулуна   тартат. Анан куйругун кезет да, ичинен «сенин казды баккан эмгегиң бар эмеспи» деп, куйругун вазирдин алдына коет.

- Вазир - сиздин  кызматчыңыз. Куйрук башка кызмат кылат, баш кайда кетсе, куйрук ошол жакка кетет. Ошондуктан, куйрукту вазириңизге сунайын. Ал эми калганы ашып калды. Аларды мен алайын.-дейт апенди.

Мында да хан апендинин акылдуулук менен бөлгөнүнө  баа берет да, вазирге эмес, апендиге сыйлык берип узатат.

Каздын төшүн жана да эки каздын этин көтөрүп, анан да хандан сыйлык алып сүйүнүп келаткан апендинин алдынан эми бай учурайт. Апенди байга да болгон ишти баяндап берет. Анын сөзүнө кызыгып калган бай, эртеси беш казын союп бышырат да, тартуу кылмакка, апендини кошуп алып ханга жөнөйт. Хан аларды кабыл алып, беш казды эми кантип бөлөр экен деп кызыгып, дагы да апендиге кайрылат. Апенди саамга ойлоно калат да, каздарды мындайча бөлүштүрөт.

- Ханым,- дейт апенди бул ирет анын алдына баш эмес, бүтүн казды коюп, - байбичеңиз экөөңүзгө бир каз, бир каз менен байбичеңиз экөөңүз үчөө болосуз. Эки кызыңызга бир каз, алар дагы бир каз менен үчөө болот. Эки уулуңуз дагы бир каз менен  үчөө болот. Аларга дагы бир каз. Ал эми бай экөөбүзгө бир каз, биз дагы үчөө болобуз. Дагы бир каз ашып калды. Ал байбичем менен кызыма. Алар дагы үчөө болушат.

Апендинин акылына жана айла – амалына хан өтө ыраазы болот да, мында да, байга эмес, апендиге сыйлык берип узаткан экен…-деп мугалим жомогунун соңуна чыгат. Анан  окуучуларына кайрылып, мындай деген суроолорду узатат:

1. Апенди адегенде каздын мүчөлөрүн кандайча бөлүштүргөн эле?
2. Экинчи ирет барганда үч казды  сегиз адамга кантип бөлүштүрдү?
3. Ал эми үчүнчү барганда беш казды кантип бөлүштүрдү?

Суроолорго жооп алып эркин аңгемелешүү бүткөн соң, жомоктогу эсептерди мугалим математатика  сабагына байланыштырып, окуучулары менен бирге мисал түзүп иштеп, анан сабагына киришет.

Экинчи окууну 3-класста өтүлүүчү Көркөм өнөр сабагына байланыштырып көрөлү.

Сабак башталардын алдында, мугалим адаттагыдай эле, үйдөн түзүп келген планына жараша окуучуларына минтип кайрылат:

-Урматтуу окуучулар, бүгүн бизде биринчи сабак- көркөм өнөр сабагы. Сабагыбызды баштаарыбызда,  адаттагыдай эле, беш мүнөттүк китеп окууга көңүл буралы. Бүгүнкү окуй турган жомогубуз «адамдын жетимиш эки өнөрүнүн бири» болгон көркөм өнөр, тактап айтканда, чебердеп сүрөт тартуу, кооздоп кол менен баалуу буюмдарды жасоо, көркөмдөп кооз кылып жазуу чеберчилиги тууралуу болмокчу. Өнөрдүн мына ушундай баалуулугу, улуулугу туурасындагы «Манжалары жок чебер жазгыч» деп  аталган жомокту мен силерге окуп бергим келип отурат. Эмесе, кулак түрүп угуп тургула. Мен окуй баштайм.

**...**Бар экен–жок экен, илгери кооз, сулуу жазуу боюнча атагы алыска кеткен Теңиз аттуу бир сүрөтчү болуптур. Аны падыша өзүнө чакырып алат да, алтын сарайына, мечиттерине, чайканаларына, түрдүү мунараларына

кооз-кооз сүрөттөрдү тарттырат, сулуу кылып жазууларды жаздырат. Падыша ал үчүн Теңизге көп маяна берип, өзүнөн алыс кетирбейт, башка эч кимге кызмат кылдырбайт. Андан башка бардык сүрөтчү жана жазгычтарды кызматтан бошотот. Теңиздин жазган жазуулары жана сүрөттөрү менен падышанын да даңазасы артат.

Мындай абал Теңизден башка сүрөтчүлөр менен жазгычтардын көчөдө жумушсуз калышына алып келет. Алар бул үчүн нааразы болушуп, айрымдары намысына чыдабай, Теңизди жок кылуунун жолун ойлошот.

Бир күнү алар каракчыларды жалдап, аларга акыркы акчаларын чогултуп берип, Теңиздин көзүн тазалоого жумшашат. Бирок ушунчалык чебер сүрөтчүнү, устат жазгычты өлтүрүүгө колдору барбайт да, каракчылар анын эки колунун тең манжаларын бүтүндөй кесип салышат.

Эки колунун манжаларынан ажыраган бул мунжуну падыша көрөт да, эми анын мындан ары кереги болбой калды деп чечип, сарайынан чыгартып таштайт. Мунжуга айланган кечээги даңазалуу жазгыч Теңиз эми эмне кыларын билбейт, үй-бүлөсүн кантип багуунун жолун таппай, аман калганына гана сүйүнүп, шаар ичинде каңгып калат.

Сүрөтчүлүк менен жазгычтыктан башка эч нерсе колунан келбей турганына, ансыз ал бир үзүм нан таба албастыгына көзү жетет Теңиздин. Күнү-түнү ойлонуп жашоо амалын издейт. Ошондо, кантсе да, баягыдай чебер жазууга манжасы жок болсо да, кыл калемин каруу жилигине байлап алып жазууга көнүгө баштайт. Адегенде, кайра баягыдай кооз жазуудан калдым деп кайгырып, көзүнүн жашын көлдөтөт. Бирок бар күчү менен эркин жумшап, каруу жилигине таңып байлаган калеми менен жазууга жана сүрөт тартууга чындап машыгат. Көгөрүп кылган аракети текке кетпейт. Жазган жазуулары, тарткан сүрөттөрү мурдагыдан да кооз болуп чыга келет.

Теңиз качан өзүнө-өзү ишенгенде, баягыдан да кооз тамгаларды көшөрүп тизип, кат жазат падышага. Падыша ушунчалык кооз тамгалар менен жазылган катты таң кала окуйт да, бул жазгычты тезинен өзүнө келүүсүн буйруп, жигиттерин жөнөтөт.

Көп өтпөй эле, падышанын алдына манжалары жок, каруу жилигине калеми байланган баягы өзүнүн жазгычы алынып келет. Падыша аны кабыл алып, жазганын көрүп ишенет. Чеберчилигине, адамдык сапатына башын ийип, таң калып, Теңизди кайрадан өз сарайына кызматка алат. Анын манжаларын кестирген ичи арам сүрөтчүлөр менен жазгычтарды орго салдырат. Ошентип, Теңиз өзүнүн өжөрлүгүнөн улам, мурдагыдан да кооз сүрөт тартып, жазуу жазып,“Манжасы жок чебер жазгыч” аталып, элге – журтка даңазасы артыптыр...

Мына балдар, жомогум бүттү. Силерге жактыбы? Жакса, эмнеси менен жакты?

Бир же бир жарым мүнөттүк чакан талкууда балдар жомоктогу Теңиз аттуу баланын өнөрүнүн баалуулугу, ошол өнөрү менен ал эмнеге жетишкени тууралуу аңгемелешет. Анан балдарга кайрылып, „силерди да ушундай баалуу өнөргө ээ кыла турган көркөм өнөр сабагына жакшы маани берип окууга көңүл бургула“ деп сөзүн бүтүрүп, андан ары сабагын баштайт.

Деги, мындай сабактарда бала үчүн жомоктордун кызматы эмнеде? Ал мында деп ойлойбуз:

1.Эртең мененки биринчи сабакта уккан жакшы жомок балага ошол күн үчүн эң жакшы эмоционалдык фон, күчтүү мотивация (мотив, латын-кыймылга келтирүү) болуп берет.Уктап жаткан сезим-туюмдарын ойготуп, кыймылга келтирет. Сабакты жакшы өздөштүрүүгө шарт түзөт, мугалимдин айткандарын эске тутуп, активдүүлүгү жогорулайт.

2. Ал тургай, психологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, жомоктогу жакшы окуя балдардын күн бою көңүлүн көтөрүп, позитивдүү күчтүү таасир берет. Анткени бир жакшы окуя узак убакыт бою адамдын көңүлүн көтөрүп, дем-күч берип, позитивдүү ойлорго жетелеп, депрессиядан чыгарып, тагдырын оң багытка бурган учурлар болот эмеспи. Буга улуу жазуучулар Ч.Айтматовдун, Э.Хемингуейдин мыкты каармандарынын образдарына шыктанган окурмандардын каттары эң жакшы мисал.

2.Адамдын түрдүү ишмердүүлүктөрүн турмуштук окуялар менен байланышта чагылдырган мыкты жомоктор ошол ишмердикке байланышкан предметтин баалуулугун дагы да тереңирээк ачат, ага баланын кызыгуусун, шыктануусун арттырат, кесиптик талант-шыгын ойготот.

3.Баланын рухий көрөңгөсүн байытат, ар тараптуу тарбия-таалим берет.

Мына «күн сайын сабак алдында беш мүнөттүк китеп окуу» иш- чарасы, анын маани-маңызы, мазмуну, өткөрүү убактысы, узактыгы жана өткөрүү технологиясы тууралуу азыноолак методикалык сунуш ушундайча. Аны чыгармачыл мугалим өз ишинде дагы да өркүндөтүп, чыгармачылык менен өз алдынча өткөрүүсүнө ар убакта жол ачык.

# КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУНУН ФУНКЦИЯАРЫ ЖАНА АНЫ УЮШТУРУУ

Окуу ишинин негизги кызматы – баланын ой жүгүртүүсүн, маданий деңгээлин, аң сезимин, рухий дүйнөсүн байытуу, жазуу жана сүйлөө кебин, анын маданиятын  өстүрүү, өз элинин жана башка элдин маданиятын текст аркылуу кабыл алуу маселелери менен байланышта  болуп саналат.

Бул айтылгандан окуу ишинин уруентуу функциялары кандай болорун туябыз. Анын мындай функциялары эне тили менен адабиятын  окутууда да, башка тилдүү мектептерде кыргыз тилин үйрөтүү процессинде да айрыкча мааниге ээ.

Окуучулардын коммуникативдик компетенциясын өстүрүү камылгасын көрүүдө  да окуу ишмердүүлүгүнүн ролу айрыкча байкалат. Ал улут аралык, маданият таануучулук мааниге ээ болуу менен, китеп аркылуу башка маданияттардын дүйнөсүнө кирүүгө, анын ар түрдүүлүгүн таанууга, башка социомаданий жалпылыкты туюуга, андан ары жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүгө жол ачат.

Андай болсо, кыргыз, орус, өзбек, тажик тилдүү мектептерде кыргыз тилинде китепти өз алдынча окуу процессинде тилин үйрөнүп жаткан элдин улуттук  адабиятын окуп-үйрөнүү катар жүрөт. Мындайда адабият менен тил текстте симбиоз катары биригип,  адабият менен тил өзүнчө бир предмет катары  көрүнбөй калат. Андыктан, андайда өз алдынча окуу ишин методикалык жактан туура уюштуруу жагдайлары тууралуу ойлонууга туура келет.

Китепти өз алдынча окууга активдүү  мамиле жасоочу курак катары, өзгөчө, 5-7-класстардын окуучуларын эсептөө менен, анын башталгыч жана жогорку класстардын окуучуларынын курактарынын ортосундагы аралык звено катары эсептеп, бул шартты адабият  жана маданият таануу аспектинде жүргүзсө ынанымдуу жана пайдалуу болору шексиз.

Мындай өз алдынча окуу процессии окуучулардын окуу компетенттүүлүгүнүн  өсүүсүнө багыт берүү менен, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун мазмунун кеңейтет, байытат, аны жүзөгө ашырууда чоң роль ойнойт.

**Андыктан, ал төмөндөгүдөй кызматтарды аткарат:**

1. Өз алдынча окуу таанытуучулук кызматты аткарат;
2. Өз алдынча окуунун билим берүүчү кызматы айрыкча көрүнөт;
3. Өз алдынча окуунун өстүрүүчү кызматы кеңейет;
4. Тарбиялоочу фукциясы кеңири сезилет.

Мындагы, адегендеги кызматы болгон таанытуучулук багыты –тексттин **маалыматтардын жыйындысы** экендигинен улам байкалат. Ал эми билим берүүчүлүк кызматынын негизги багыты окуп-үйрөнүлүүчү көркөм тексттин (ырдын, аңгеменин, жомоктун, тамсилдин) **адабияттаануучулук жагы менен бирге, лексикалык-грамматикалык жана стилдик табиятын** иликтеп-талдап үйрөнүү иштери жүрөт. Тексттин коммуникативдик кызматы болсо, анын **кеп продуктусу** экендигинен улам, ал аркылуу окуучунун байланыштуу жазуу жана сүйлөө компетенттүүлүгүн өстүрүүчү аражат катары бааланып, кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багыт берүүчү гана эмес, **жалпы ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө** да кызмат кылат.

Бул окуу ишине психолог А.Н.Леонтьевдин тил үйрөнүүгө ишмердүүлүк менен мамиле жасоо теориясына сөзсүз байланыштуу. Антекени баланын өз алдынча китеп окуу ишмердүүлүгү – анын интелектуалдык жана коммуникативдик окуу ишмердүүлүгүн бирдикте өнүктүрөт. Мындагы окуунун түрлөрүн (шар, көрктүү, сезимдүү) жүзөгө ашыруу, тексттин мазмунун түшүнүү (түшүндүрүп окуу) процессинде татаал сюжеттик-образдык ой жүгүртүү ишке ашат., т.а. ал учурда анализ-синтез жүргүзүү мүнөзүндө окуу иши ишке ашат.

Ошону менен бирге:

-окуучунун окуу ишмердүүлүгү жана окуу кызыгуу сезимдеринин ойгонуусу аркылуу ички керектөөсү калыптанат;

-ал эми чыгарманын сюжетин түшүнүү менен, анын мазмунун кайра сүйлөп берип, окуучунун коммуникативдүүлүк компетенттүүлүгү өсөт;

- образдарды түшүнүү аркылуу адамга, турмушка жеке көз карашы калыптанат;

- тилдик жактан алганда, балдардын пассивдүү жана активдүү лексикалык кору байыйт.

**Өз алдынча китеп окуу, жалпы жонунан, эки багытта: к**оммуникативдик багытта жана аны анализдөө-синтездөө багытында жүрөт. Анын к**оммуникативдик багытын** – маалымат алуу, пикир алмашуу, көз карашын билдирүү, талкуулашуу ж.б. ишмердүүлүгү коштосо, **анализдөө – синтездөө багыты** - чыгарманын сюжетин, композияиясын, идеялык-тематикалык багытын, образдардын табиятын талдоо, түшүнүү (интерпретациялоо) менен ишке ашат.

**Бул багытта иштөөдө 5 негизги учур көңүлгө алынат:**

1. Чыгарманын композициясын түшүнүү (окуянын жүрүшү, баяндоонун ишке ашышы);
2. Чиеленүү (окуянын өнүгүшүнө таасир этүүчү жагдайлар);
3. Рипетия (окуянын күтүүсүз өзгөрүүсү, күтүүсүз окуялар, моменттер);

4. Кульминация (окуянын өнүгүп, чегине жетүүсү;
5. Развязка (окуянын жыйынтыгы) (Н.А.Селиванова, ИЯЗ ш. №4, 2004, 23-б)

Бул иштер, сөзсүз түрдө, кептин типтерине жараша тандалган тексттер менен да жүзөгө ашат.Мисалы:

-баяндоо тексти: алдыда боло турган, учурда болуп жаткан жана болуп өткөн окуялардын ирети менен баяндалышы;

- сүрөттөө тексти: адамдын, жаратылыштын, деги эле бардык предметтердин сырткы көрүнүшүн, өңүн, түсүн, ж.б. сапаттарын сүрөттөп берүү;

- ой жүгүртүү тексти: келечекте ишке ашырыла турган жана алдыда бол турган иш-аракет тууралуу, келечек кыялы жөнүндө ой жүгүртүп айтуу жана жазуу мүнөзүндөгү тексттер (Кыргыз тилинин программасы, 5-11-кл., Б., 2014).

Мындай тексттер, албетте, окуучунун бир нерсени баяндап айтып-жазып берүүдө, сүрөттөп айтууда жана келечек кыялдары тууросында ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө сөзсүз каражат жана мисал боло алат.

Эми, **өз алдынча окуунун өнүктүрүүчү компоненти кандай болот? Албетте, алар:**

- чыгарманы идеясын, тематикасын түшүнүүгө үйрөтүү компоненти;
- көркөм чыгармага өз алдынча эстетикалык мамилесин калыптандыруу компонети;
- сынчыл ойломун, сынчыл мамилесин өстүрүү компонети;
- чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү компонети;
- гумандуу мамиле маданиятын бекемдөө компоненти.

Ал эми, тарбия берүүчү компоненти кандай болот? Мында көркөм тексттин баланын маданиятты таанытуучулук же баланын жан дүйнөсүндө маданиятты түзүүчүлүк кызматты аткаруусу маанилүү орунда турат. Ал аркылуу:

- баланын жалпы маданий деңгээли өсөт;
- өз улутунун жана башка улуттун рухий маданиятын таанийт;
- маданияттарга болгон мамилеси өзгөрөт, көз карашы байыйт;
- гуманитардык билими өсөт.

Эми соңунда баланын өз алдынча окуусун баалоо иш-аракети жүрмөкчү. Ал үчүн баланын өз алдынча окуу ишин өз алдынча баалоо шкаласын түзүп алуу кажет. Анда төмөндөгүдөй жумуштар камтылуусу тийиш:

- **эпизод боюнча адабий билимдерин өз алдынча баалоодо**: чыгарманын жалпы сюжетинин логикасын түшүнүп, талдай алам, анын башталыш, өнүгүш жана корутунду этаптарын мисалдар менен иликтей алам,

сюжетин эпизоддорго бөлө алам, алардын ички логикасын түшүнөм, эпизоддор аралык окуялардын логикасын байланыщтыра алам, эпизоддордон жалпы жыйынтык чыгара алам;

- **каармандарды талдап-баалоодо:** каармандарды бири-биринен айырмалап мүнөздөй алам, кыймыл-аракеттерин, мүнөздөрүн, образдарын сыпаттай алам, аларды салыштырып, адам сапаттары боюнча өз пикиримди билдире алам, андагы каармандарды башка чыгармадагы типтүү каармандар менен салыштырып, окшоштук-айырмачылыктарын талдап өз оюмду айта алам;

- **идеялык-тематикалык баалуулуктарын талдоодо:** чыгарманын атын түшүнүп, алдын ала мазмуну тууралуу ой жүгүртө алам, аны окуган соң, тематикасын түшүндүрө алам, жалпы мазмуну аркылуу автордун берейин деген оюн түшүнөм, чыгарманын тарбиялык, таанытуучулук идеялык мазмунун талдап, жыйынтык пикиримди билдире алам, ушуларга таянып, окуган чыгарманы башка чыгарма менен салыштырып, окшоштук-айырмачылыгын айта алам…

Албетте, бул талаптар окууну баалоочу гана талаптар эмес, түшүнүп окууга коюлган критерийлер да катары көрүнөт.

Ушул жерден бир нерсе эске түшөт. Кадимки улуу жомокчу Х.Андерсен жомоктор тууралуу пикирин айтып келип: «Жомоктун окуясы-балдар үчүн, ал эми идеясы- чоңдор үчүн» (китепте: Бөбөктөр үчүн жомоктор, Б., 2014, 3-б.) - дегени бар. Эң туура алтылгандай. Анткени балдар жомокту окуп жатып, анын окуясына кызыгат, кимдин, эмненин кандай болгону, кандай тагдырга туш болгонун көрүп кейийт, же бактылуу тагдырына каарман менен бирге кубанат, сүйүнөт, өзү да ошол жомоктун ичинде жүргөнсүйт, окуяларына аралашат, образдар менен бирге жашайт. Ал эми андагы социалдык теңсиздик, ак менен каранын элдешпестиги, турмуштагы нравалык конфликтер, адамга жакшылык кылуунун асылдыгы, өмүрдүн, сүйүүнүн түбөлүктүүлүгү, мекенди коргоо же адамдык парасат үчүн күрөш ж.б. тууралуу ой жүгүртүү үчүн автор (же болбосо, эл) тарабынан сунушталган темалар жана идеялар - албетте, Х.Андерсен айтмакчы, «улуулар ойлонуучу» маселелер. Анын үстүнө, балдардын аруу дүйнөсүндө андай чиеленишкен чечилгис проблемалар дээрлик жок.

Эгер, Х.Андерсендин оюн улантып кеп кылсак, **жомокто эки гана эмес, үч түйүндүү нерсе бар,** алар: жомоктун окуясы, каармандары жана идеясы. Анын экөөсү: окуясы менен каармандары-албетте, балдар үчүн, ал эми идеясы-чоңдор үчүн. Анткени балдарга жомоктун окуясы гана эмес, каармандары да күчтүү таасир этет, ошол каармандарын сүйүшөт, ошолордой болгулары келишет, ошол каармандардай турмушта күрөшүүнү

каалашат. Кыскасы, жомоктогу сүйүктүү каармандар балдар үчүн нравалык идеал болуп кызмат кылып калат.

Мына ушундай учурлар гана балдардын өз алдынча окуу ишмердигин өнүктүрөт, ага калыптандырат жана окуу керектөөсүн жаратат.

Ошентсе да, балдар өз алдыларынча китеп окууда жогорудагы багыттардагы шкалаларга туура жооп таба алганда гана, баланын өз алдынча окуу жумушу талаптагыдай жүзөгө ашарын кошумчалай кетели.

Демек, жогоруда айтылган: бала өз алдынча окуунун маани-маңызын, кызматын жакшы түшүнүп, аны өнүктүрүүнүн компоненттерин туура пайдаланганда гана, анан да окуганын түшүүдө анын критерийлерине жооп бере алганда гана, окуунун мындай түрү туура уюштурулган болот жана андан алган билимин өз алдынча баалоону туура уюштура алат-демекчибиз.

## Баланын окуудан качуусунун 10 себеби

(окумуштуунун көз карашы)

Балалык курактын эң негизги ишмердиги- окуу экендиги талашсыз. Окуу менен анын келечек тагдыры аныкталат, окуу гана анын келечек жолун аныктайт. Бирок балалык кезинде баары эле жайында болбойт, мына ошол эң негизги ишмердигинен алагды кылган түрдүү жагдайлар, себептер, шылтоолор болот. Ал ар кандай жагдайларга байланыштуу жүрөт. Төмөндө мына ушул багытта сөз кылууну туура көрдүм.

**1.Үйдөгү китеп окуу чөйрөсүнүн жоктугунан:** Баланы тарбиялоодон мурда, ата-эне адегенде өзүн тарбиялоосу керек. Анткени бала сөзсүз түрдө ата-энесин карап өсөт. Ата-эне күн сайын үйүндө китеп окуу менен, жок дегенде, 30 мүнөт алектенишсе, ата-энени көрүп бала китеп окуйт, сабакка даярданат. Үйгө келгенде китеп окуу керектигин бала эреже катары кабыл алат. Ошондуктан, ата-эне үйдө китеп окуу чөйрөсүн түзүүсү керек. Анын башаты-ар бир маданияттуу үйдө үй китепканасынын болушу. Бул баланын окууга болгон оң мотивациясын жаратат. Окууга болгон кызыгуусун түптөйт. Китеп окууга кызыгуу бардык окуу предметтерин өздөштүрүүнүн пайдубалы болот. (Бул тууралуу эл акыны Б.Сарногоев үйдө балдар «китептери болбосо, килемдерин окуйбу» деп эчак эле жазып кеткен) Курулай буйрук берүү менен окутуу баланы китеп окууга мажбурлоо гана болот , андан жадаган бала окуудан качат.

**2. Ата-эненин туура эмес талап коюусунан:** Кээде ата-энелер баласынан өзү башынан өткөн жолду кайталап басып өтүүсүн каалап же өзү

жетпей калган бийиктикке жетүүсүн эңсешет. Ошондуктан, баласынын жакшы бир ийгиликке жетүүсүн каалоо сезими менен жашайт. Өзү бала кезинде кандай окуса, баласынын да ошондой окуусун күтөт, биз мындай окуучу элек, сен андай окубайсың деп жемелөөсү, же болбосо, мендей жалкоо болбой, сен жакшы окугун деп катуу талап коюусу күчөйт. Мунун өзү баланын жан дүйнөсүндөгү «мен ата-энемдин күткөнүндөй боло албайм» деген сыяктуу «өзүнө ыраазы болбоо сезимин» жаратат да, ички ишеничин өчүрүп, окуудан көңүлү кайт болот.

**3.Мектепти туура эмес тандоодон:** Ата-эне, адегенде, баласынын жан дүйнөсүн, анын табиятын, жашынын жетилүүсүн гана эмес, психикалык жактан жетилүүсүн, физиологиялык жактан калыптануусун гана эмес, инсан катары калыптануусун, эс тутумун, акыл-эмгегине карата ишмердик абалынин өсүү деңгээлин байкап-билип, ошого жараша мектепти тандоосу керек. Алар кээде баласынын деңгээли жетпей турган элиталык деп атап жүргөн мектептерге беришет. Мектептин талаптарынын бийиктиги баланын деңгээлине туура келбеген шарт жаралса, бала сабакты өздөштүрө албай, окуудан көңүлү айныйт.

**4.Мугалимдин басынтуусунан**: Кээде мугалим класстагы окуучуларды бири-бири менен салыштырып, «сен жаныңда отурган баладан кемсиңби, ошол балача жоксуңбу» деп салыштырып уялтышат, намыстантышат, бирин өйдө, бирин ылдый көрүп кемсинтишет. Кээде орто окуган окуучуну «сенин колуңдан ушул эле келет, ушуну окуп келсең үч коюп берем» деп маданияттуу басынтышат, мүмкүнчүлүгүн чектешет, алдыга өсүүсүн жасалма түрдө токтотушат. Мына ушунун өзү да баланын окууга болгон умтулуусун жок кылат, шыгын ойготуунун ордуна, тескерисинче кайра өчүрөт. Баланын жеке күчүнө ишенимин жоготот.

**5.Ата-эненин балага адилетсиз сын коюусунан:** Баласынын мектептеги жетишкендиктери менен кошо кубанып, же кыйынчылыктарын жоюп аны колдоонун ордуна, кээ бир ата-энелер: «элдин балдары жакшы, сен эле жамансың» деп тилдеп, баласынын көңүлүн оорутушат. Ушундан кийин, бала атасы менен апасы салыштырган «элдин балдарынан» ашайын деп намыстанып окууга киришсе бир жөн, көпчүлүк учурда балдар класстагы дискомфорттон улам, намыстанып алга умтулуунун ордуна, өзүн башкадан төмөн санап, корунуп, жамааттан четтеп, мектепке баруудан баш тартат.

**6.Окуучулардын өз ара чатагына байланыштуу:** Балдар ар түрдүү болот эмеспи, бирөө жоош, бирөө шок дегендей. Ошонун себебинен жоош, алпейим балдар шок жана кыялы чорт балдардын курмандыгы болуп калган учурлар көп. Анан да, учурда адамдардын арасындагы социалдык-экономикалык мамилелер өзгөрүүдө, мектеп рекети өсүүдө, булар

окуучулардын окуучулук астейдил мамилелерин талкалайт. Андай мамилелер окуучулардын ортосунда элдешкис нааразылыкты жаратат, анын кесепетинен мектеп которууга барышат, улам башка чөйрөгө туш болушат. Мындай психологиялык кырдаал баланы окуудан алагды болууга алып келет.

**7.Баланын жекече проблемаларынан:** Кээде баланын жеке абалын, жан дүйнөсүндөгү эч ким байкабаган, ата-энеси да сезбеген, билбеген, окуткан мугалими да туйбаган, эң жакын досуна да айтпаган проблемалары болот. Ден соолугу да, курактык өзгөчөлүктөрүнөн улам жаралган шарттар да таасир этиши мүмкүн. Тартынчаак, мокок, коркок, унутчаак, уялчаак, өтүмсүз, жалтаң, корунчаак да болуусу ыктымал. Балада, эгер, мындай сапаттар болсо, анын сабакты өздөштүрүүсүндө, жамаатта өзүн көрсөтүүгө, чечүүчү учурларда активдүү болуусуна терс таасирин тийгизет. Мугалим менен ата-эне баланын мындай абалдан чыгышы үчүн анын себептерин таап, аны жоюнун үстүндө узак убакыт иштеши керек. Антпесе, ал бала окуу ишмердигинен сөзсүзтүрдө артта калат. Анткени баланын жеке проблемасын чечмей сайын,аны талаптагыдай окутуу жана тарбиялоо мүмкүн эмес.

**8.Баланы ашыкча эркелетүүдөн жана ал үчүн ашыкча кам көрүүдөн:** Албетте, ата-эненин балага болгон сүйүүсүн чектей албайсың. Бирок ошол сексиз сүйүү баланы ашыкча эркеликке, артыкча эгоизмге алып баруудан кудай сактасын, Ата-эненин ашыкча камкордугу баланын даяр нерсеге көнүп, жетем дегенине кыйналбай жетип, мен үчүн баары даяр болот - деген жаңылыш сезимге көнүүсүнө алып келиши ыктымал. Анткени улам кызыкканан кем кылбай ата-эне баласынын каалаганын каалаган учурда каалашынча алып берип туруусу - анын жаш кезинен узакка максат коюп бир нерсеге болгон узакка кызыгуусун өчүрөт, умтулганына кыйналбай жетип туруусу-баланын кыйынчылыктарды күрөшүп жеңип умтулуусунун күчүн азайтат, туруктуу кыялдануусун, дегдеп умтулуусун өчүрүп, жаш кезинен күрөшүп жашоонун, мээнеттенип окуунун баасын кемитет, кыргыздын «саргара жортсоң-кызара бөртөсүң» деген ыйык сөзүнүн маңызын жоготот. Аттестатка ээ болуунун, кийин дипломго жетүүнүн оңой жолун, кызматка орношуунун жеңил жолун эмитен көрөт. Андай балага окуу жөн гана убакыт өткөрүү болуп калат, зеригүүгө айланат.

**9.Окуусун үзгүлтүккө учуратуудан:** Кээде бир күн, эки күн мектепке барбай жеңилдей түшкөн «жалкоо» бала ошол жеңилденүүгө көнө түшөт. Мунун өзү да баланы бош жүргөнгө көндүрөт. Узак убакыт бою сабакка барбай калган окуучу (балким, ден соолугуна, үй шартына, ата-энесинин социалдык мүмкүнчүлүгүнө же миграциялык абалга жараша) окуудан

көрөкчө эркин жүрүүгө андан бетер оойт. Бара-бара мектептен оолак болууга барат.

**10. Баланын окууга болгон зээндүүлүгүн эске албоодон:** Балада ата-эне да, мектеп мугалими да эске албаган бир процесстер болот, тактап айтканда, бала төрөлгөндөн эле кайсы бир ишмердүүлүккө: музыкага, техникага, артисттикке, интеллектуалдык жактан, спортко, адабиятка, көркөм өнөргө ыктап өсөт. Бул сыяктуу жөндөмдүүлүктүн 8 тармагынын бири балада болбой койбойт. Мындай жөндөмдүүлүк баланы мектепке кабыл алууда эске алынып, психологиялык жактан тесттен өтүүгө тийиш. Эгер баланын мындай зээндүүлүгү мектепке келген биринчи күндөн тартып эске алынып, ушул тармактын бир жагына ыктатып окутуп-тарбияласа, бала ийгиликке алда канча жакын болмок. Андай шарт, азырынча, бизде жок. Ушунун себебинен да бала окуусунан ийгиликке жете бербейт.

Мына ушундай. Демек жалкоолукка ыктоо алып алган окуучу ушундай ар түрдүү себептерден улам окуудан качат. Ал үчүн мектеп да, баланын ата-энеси да алдыртан кам көрүүсү кажет. Айрыкча, **ата-эне педагогикалык билимге ээ болсо**, андан дагы жакшы болмок.

## <u>Окуучуларга жагымдуу мамиле жасоонун 10 ыкмасы</u>

Окуучулардын акыл ишмердигин уюштуруу-мугалимдин класстагы эң биринчи милдеттүү иши. Айрыкча, 1-класска жаңыдан келе баштаган назик көңүл балдар менен иштөө татаал жана көп жактуу. Аны туура жолго коюу үчүн мугалим окуучусу менен, адегенде, тил табышып, ири алдыда, окуучунун тилин таап, туура мамилелешүүсү талап кылынат. Ошондо гана окуучуда окууга болгон оң эмоция жаралат. Алар, биздин оюбузча, мындай болсо максатка ылайык келмек.

Мисалы: 1. Сабакка көңүл бурбай отурган окуучуну: «Сен эмнеге жазбай отурасың? Өзүң класста отурганың менен, оюң каякта?» -деп тилдөөнүн ордуна: «Бул тапшырманы аткарып бүтсөк, сонун бир нерсе бар. Бирок аны анан айтам» деп кызыктырууга болот.

2. Кээде окуучулар илең-салаң болуп активдүү иштебей жатканда: «Убактыны албай, тапшырманы тез аткаргыла. Жакында коңгуроо болот» -деп демитүүнүн ордуна: «Кана эмесе, кеттик, ким биринчи баштайт?!» деп мелдешти байкатпай уюштурууга болот.

3. Партасынын үстүн иретсиз кармап, китеп-дептерлерин чачып отурса, «Отурган ордуңарды чачпагыла, дептеринерди булгабагыла» деп орой

мамиле жасоонун ордуна: «Кана, эстейличи, биздин кандай алтын эрежелерибиз бар эле?» деп иртеттүү болууга чакырган жакшы.

4. Айрым учурларда тапшырмасын өз алдынча аткара албай, өзү да башкаларга жолтоо болгон балдарга: «Жаңыңардагыларга жолтоо болбогула. Ар кимиңер өз-өзүңөрчө иш кылгыла» деп тилденүүнүн ордуна: «Кел, сен эрте бүтсөң, экөөбүз башка бир жакшы иш жасайлы» деп, жаңы иш-аракетке тартуу туура.

5. Тапшырманы аткара албай, иштин туура жолун таппай жатса: «Ушуну да билбесинби? Менин айткандарымды жеп-ичип койдуңбу?!» деп жемелөөнүн ордуна: «Кел, экөөбүз мындан башка жолун издейличи» деп ой жүгүртүүгө шыктандыруу пайдалуу.

6. Тапшырманы үйдөн аткарбай келсе: «Сен эмне эки алгаң келип турабы дагы?» деп көңүлүн чөгөрүүнүн ордуна: «Мен азыр кимге беш деген баа койсом ыя?» деп, оң эмоциясын ойготуу туура.

7. Сабакка көңүл бурбай тентектик кылып, же шоктонуп отурган окуучуларга: «Менин ачуумду келтирбей тынч отур!» дегендин ордуна: «Мени азыр ким кубанткысы келет» деп абалды оңдоо пайдалуу.

8. Айткан сөздү эстебей, дайыма унтуп койгон балдарды: «Мен сага канча ирет айтам ыя? Сенин кулагың угабы?» деп тилдөөнүн ордуна: «Кана кимдин эсинде бар, мен бул тууралуу эмне деп айттым эле?» деп акыл чуркатууга тарткан жакшы.

9. Оюн ачык айта алба тартынып отурган балага: «Эмне, сен тиги жанындагы баладан кемсиңби?» деп басынтуунун ордуна: «Бизде бардык пикир пайдалуу. Тигил окуучу мындай деди. А сенин оюң кандай? Анан жалпы пикирге чогуу елебиз» деп тайпага кошкон туура.

10. Бири –бири менен ынтымакка келбей, топтон бөлүнгөн балдарга курулай насаат айтканча: «Мен силерге бир жомок айтып берейинчи. Бир кумурсканын уюгунда миң кумурска жашайт экен. Алардын баары бир тууган экен да, баары ынтымактуу жашайт экен. Алардын үйүн эл миң бир туугандар жашаган үй деп сыйлашат экен. Келгиле, биздин класс дагы ошол миң бир тууган кумурскалардай ынтымактуу бололу. Макулбу? Боло алабызбы?» деп ойлонтуп ынтмакка чакырган оң.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# САБАКТА ЖЕ САБАКТАН ТЫШКАРКЫ УЧУРЛАРДА КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ӨКУП-ҮЙРӨНҮҮ ФОРМАЛАРЫ

## 1. ВИКТОРИНА САБАГЫ

### ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ВИКТОРИНА САБАГЫНДА ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ

**Викторинанын максаты:**

-окуучулардын элдик оозеки чыгармачылык тууралуу билимдерин текшерүү жана бекемдөө;

-элдик чыгамаларга болгон кызыгууларынын деңгээлин аныктоо;

-элдик оозоеки чыгармаларын маани-маңызы тууралуу ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү;

-топто жана өз алдынча иштөөсүн калыптандыруу.

**Викторинаны өткөрүүнүн эрежелери:**

1. окуучулар эки командага өз каалоолоруна жараша бөлүнөт, анын аты коюлат, девизи жана эмблемасын аныкташат;
2. командалар бири-бирине ирети менен суроолорун беришет;
3. суроолорго жооп таба албай калган учурларда команда мүчөлөрү бири-бирине айтуу эсепке кирбейт;
4. Топто ынтмактуу жана эреже боюнча иштеген учурда алар сыйлыкка татыктуу болушат;
5. Суроого бир топ жооп бере албай калган учурда башка комана жооп берет.

**Викториананын жүрүшү:** Викторина үч этапта өтөт, ошого жараша үч бөлүктөн турган суроолор түзүлөт. Биринчи бөлүктөгү суроолорго оозеки жалпы мүнөздө жооп беришет, экинчи бөлүктөгү суроолорго мисал келтирүү менен жооп беришет, ал эми 3-бөлүктөгү суроолорго иш-аракеттери менен бирге кенениреээк мүнөздө жооптордун болушу зарыл.

Ар бир суроого берилген туура жоопко 3төн балл коюлат, эгер жооп жеткиликтүү болбой калса, бир баал берилет.

Суроолордун мазмуну:

**1-бөлүк: Оозеки мүнөздө жооп берилүүчү суроолор:**

1.Жомок кандай чыгарма? Ал канчага бөлүнөт?

2. Жомок адамга эмнеси менен керек деп ойлойсуңар?

3.Макал менен лакаптын айырмасын айтып бер.

4.”Тептим, терекке чыктым” Табышмактын жандырмагын айтып бер.

5.Элдик ырлардын тематикаларын айтып бер.

**2-бөлүк: Мисал келтирип түшүндүрүү менен жооп берүүчү суроолор:**

1. Бир макал айтып, маанисин чечмелеп бер.
2. Табышмактарды маани-маңызы эмнеде? Бир табышмак айтып, маанисин түшүндүр.
3. Жомок адамды эмнеге тарбиялайт? Бир жомоктун маанисин кыскача түшүндүр.
4. Адеп-ыйманга тарбиялоочоу бир жомокту атап, маанисин кыскача түшүндүр.
5. Патриоттук тарбияга бир жомок мисал келти жана аны түшүндүр.

**3-бөлүк: иш-аракеттери менен бирге кенениреэк мүнөздө жооптордун болушу**

1. Элдик жомоктордун каармандары, кылган иш-аракеттерин мүнөздөп түшүндүрүп бер (бир жомоктун мисалында)

2.Элдик “Бешик ырынын” маанисин айтып, ырдан мисал келтирип оюнду далилде;

3. элдик макалдардан адеп-ыйманга тарбиялоочу үлгүлөрүнөн үчтү айт жана анын маани-маңызын түшүндүрүп бер.

4. Табышмактардан үчтү мисал келтир жана анын маанисин, ролун түшүндүрүп бер.

5.Элдик жомоктордон кандай тарбиялык таасир алдың жана аны бир жомоктун миалында түшүндүрүп бер.

Жоопторду талдоо жана жыйынтыктоо. Адегенде сандык анализ жүргүзүлөт, андан соң, сапаттык анализ жүргүзүлөт, анда окуучулардын билиминин деңгээли сыпатталат. Мүчүлүштүктөрдүн себептери аныкталат, аларды жоюунун жолдору иликтенет.

## 2.ДИСПУД САБАГЫ

## ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДЫН ИДЕЯЛЫК-ТАРБИЯЛЫК МААНИСИН ДИСПУД САБАГЫНДА ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ

**Диспут** - окуучулардын элдик оозеки чыгармалар боюнча түшүнүктөрүн, практикалык билимдерин текшерүү, бекемдөө, андан ары өркүндөтүү, фольклордык чыгармалар тууралуу алардын өз алдынчалуу ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү жагында эң пайдалуу иштердин бир формасы.

Мындай иштерди такай өткөрүү пайда гана бермек, бирок практикада ал эң аз санда кээде гана өткөрүлүп жүргөнү малым.

Диспутту өткөрүүнүн планы:

**1.Диспуддун темасы: Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынын маани-маңызы тууралуу иликтөө**

**2.Өткөрүү мезгили жана убактысы такталат.**

**3.Диспуддун жүрүш:** Мугалимдин кириш сөзү.

Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынын жаралуу теги тээ байыркы замандарга туура келет. Алардын ичинен эң байыркыларынын бири- бул жомоктор, анын ичинен жаныбырдар тууралуу жомоктор болуп саналат. Сыйкырдуу-креметтүү жомоктор табияттын татаал сырын түшүнүүгө болгон байыркы адамдардын фантазиялуу ой жүгүртүүсүнөн улам жаралганы түшүнүктүү. Ал эми турмуштук жөө жомоктор киийн-кийин адамдардын өз ара мамилелери соиалдык-маданий деңгээлге келген кезин чагылдырат.

Көлөмү жагынан зор, көркөмдүгү жогору ондогон дастандар менен чакан мазмундагы макал-лакап, табышмактарда, санат-насыяттарда, ырааттуу ар тараптуу чагылдырылып, өркүндөп-өсүп калыптанган. Ал эми байыркы бабалардын турмуш практикасынан жаралган каада салттар, үрп-адаттар эчен муундардын акыл элегинен өтүп улам жаңы турмуштук жагдайларга ылайык байып, өнүгүп олтуруп, өрнөктүү жашоонун мыйзамына, таасын эрежесине айланган.

Ал эрежелер кыргыздын элдик педагогикалык ой жүгүртүү тажрыйбасында салттуу билим берүү системасынын принциптеринде камтылып, андагы жаш муунду адеп-ыйманга, патриоттуулукка, эмгекке, табиятты сүйүүгө, акыл-эстүүлүккө ж.б тарбиялоонун элдик каражаттары жана ыкмалары, өсүп келе жаткан жаш муундарды элдик билимдерге ээ кылып, өнөргө ээ кылууга, тарбиялоонун мааниси жөнүндөгү элдик көз караштарды камтыган.

Мисал келтирели: Ошондой сезим-туюмдарга алып баруучу таалим-тарбиялык бир катар багыттары элдик ырларыбыздын, накыл кептерибиздин жана, биз сөз кылып жаткан жомокторубуздун өзөгүндө жатат, тактап айтканда, алар;

– урпактарды акыл-эстүү, ар намыстуу, адеп-ахлактуу болууга үндөө;

– адал эмгекке, ак мээнетке, чынчылдыкка, эмгекчилдикке, акыйкат болууга көнүктүрүү;

– Ата Мекенди сүйүүгө, эл-жерин коргоого, эл үчүн жанын курман кылып, Ата журтунун патриоту болууга машыктыруу;

– адамга жакшылык кылууга үндөө, карасанатайлыкка, арамзалыкка, көрө албастыкка каршы күрөшүүгө, айкөлдүккө, элдик бийик гуманизмге тарбиялоо;

– табиятка аяр мамиле жасоого, аны коргоого, кастарлоого, сүйүүгө багыт берүү;

– ден соолугу чың болуусуна кам көрүү, узак өмүрдүн, ден соолуктун бекем болуусунун сырларын табууга үндөө;

– түрдүү өнөргө, бекем билимге ээ болууга, аны эл-жер, Ата Мекен үчүн жумшоо сезимине тарбиялоо;

– сөз өнөрүн кастарлоо, сыйлоо, сөздүн гүлүн, ойдун кенин таап сүйлөө өнөрүн бекем тутууга багыттоо;

– ата-энени, бир туугандарды кадырлоо, кыйын күндө жолдоштукту кыйып таштап кетпөөгө, аларга жардам берүүгө калыптандыруу;

– айткан сөзүнүн кадырын билип, жоопкерчиликтүү болууга, адам ариетин таза тутууга тарбиялоо;

– ата салтын, эне адебин бек тутуп, кыргыз элин уятка калтырбоо сезимин өнүктүрүү;

– оптимист болууга, ар дайым күрөш менен гана бак-таалайга жетүүгө мүмкүн экендигин үйрөтүү;

– элдик демократиялык мамилеге калыптандыруу, демократиялык сезимдерине, демократиялык ой жүгүртүү маданиятына үйрөтүү.

Бул сыяктуу тарбия-таалим берүү үлгүлөрүн камтыган элдик чыгармаларды класстан тышкаркы мезгилде балдардын окуп-үйрөнүүсү мугалимге эле эмес, окуучулардын ата-энелерине да кыйла деңгээлде тиешелүү десек жаңылбайбыз. Анткени мектеп окуучуларынын, айрыкча, башталгыч класстардын, китеп окуу ишкердүүлүгү класстагы жана класстан тышкаркы окуу сааттарынан сырткары, үйдө өз алдынча китеп окуу ишкердүүлүгү менен да тыгыз байланыштуу. Ал үчүн үйдө ошондой шартты ата-энеси түзүп берүү зарылдыгы туулат. Бул жагдайдан алганда, ата-эненин балдардын үйдө китеп окуусун туруктуу уюштуруу милдети келип чыгат.

Бүгүнкү биздин бул иш-чаранын маани-маңызы силердин элдик оозеки чыгармалардын маани-маңызы тууралуу билим-тажрыйбаңарды мындан ары өнүктүрүү максатында болмокчу.

**4. Окуучулардын билимин талдоо, аларга баа берүү үчүн эксперттерди тандоо жана бекитүү.**

-эки тайпанын жоопторунун тууралыгын, тактыгын жана толуктугун текшерип туруу үчүн үч окуучудан турган эксперттер тобу шайланат;

-эксперттер тобу жоопторун туура болбой калган учурларын түшүндүрүп, калыс баалап турушат;

-эксперттердин бүтүмүнөн улам окутуучу жыйынтык чыгарат.

**5.Диспуттун жүрүшү.** Диспуттун материалдары сунушталат. Материалдардын мазмуну изилдөө темасынын негизинде болот, ал бири-бирине атаандаш эки командага бештен он суроодон туруп, алар эки командага тең экиге бөлүнүп берилет.

Суроолорго жоопторун даярдоого эки командага 5 мүнөттөн убакыт берилет. Белгиленген убакыт өткөн соң, эксперттердин билдирүүсү боюнча таймаш башталат.

**Талкуулоого коюлган маселелер:**

1. Элдик чыгармалардын жаратманы жана ээси ким деп ойлойсуңар?
2. Элдик жомокчулардын эмне үчүн “элдик тарбиячылар” деп аташкан?
3. Элибиздин турмуш-шартына жараша кандай багыттардагы жомоктор жаралган?
4. Элдик оозеки чыгармалардын ички мазмунун жаш муундарды эмнеге тарбиялоого басым коюлган жана алардын негизги идеялары кандай мүнөздө болгон?

5. Элдик чыгармаларда жаш муундарды эмнеге тарбиялоого басым жасалган? Элдик чыгармалардан мисал келтирип далилде.

6. Бир жомокту мисал келтирип талдоо жана аны сахналаштырып көрсөтүү;

7. Элдик ьтабышмактардын тематикалары кандай болгон жана алардын мисалдар менен далилдеп түшүндүргүлө.

Командалар суроолорго биринин артынан экинчиси өз билимин, практикалык машыгууларын жана көз караштарын кезеги мнен билдиришет, алардын жооопторун экспериттер баалап турушат. Зарыл болгон учурда уюштуру маселелеринеде окутуучу арбитр болуп турат. Айрым учурларда суроолордун жоопторуна жараша каршы команда дагы өз пикирлерин билдирип турууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Командалардын жоопторун өз ара командалаштары толуктап турууга да уруксат берилет.

Диспутту жыйынтыктоо жана аны баалоо.

Соңунда эксперттер командалардын жоопторун талдап, өз бааларын берет.

Жыйынтыгында окутуучу өз баасын билдирип, жалпы жыйынтык чыгарат.

Жеңүүчү командага сыйлыктар тапшырылат.

## 3.ДОЛБООР САБАГЫ

# .«МАНАС» ЭПОСУН ДОЛБООР-САБАК ЫКМАСЫ АРКЫЛУУ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ

**Долбоор ыкмасы** - менен эпостун өзөгүндөгү идеялык мазмунун, образдарын тереңдеп үйрөнүүгө жардам берет.

Мындагы **иштин максаты-** кеңири, анда окуучулардын изилдөө жана чыгармачылык ишин өнүктүрүү болуп саналат. Мында, адегенде долбоор менен иштөөнүн максатын, анын жол-жоболору үйрөтүлөт. Болжолдуу темалар берилет. Долбоор менен иштөөнүн үлгүсү сунушталат жана ал боюнча иштөөнүн жолдору көрсөтүлөт. Андан ары окуучулар өзүлөрү ишти улантып кетишти.

**Долбоор менен иштөө мындайча уюштурулду**.

**Долбоордун аты**: Манасчы сабак өтөт.

**Долбоордун максаты**: окуучуларга "Манас" эпосунун мазмунун окуп-үйрөнүүнүн натыйжалуулугун арттыруу, таанып-билүүсүн активдештирүү, эпостун адабий-эстетикалык таасирдүүлүгүн өркүндөтүү, манасчылык өнөр жана манасчылар менен тааныштыруу.

**Милдеттери:**

-**"**Манас" эросунунун сюжетин жеткиликтүүүйрөнүү;

- образдар системасын өздөштүрүү;
- эпостун идеялык мазмунун жакшылап үйрөнүү;
- эпостун тарбиялык маанисин өздөштүрүү;
- эпостогу элдик салттарды здөштүрүү;

-эпостун өзөк окуяларын тарых, сүрөт, география, биология, ж.б. сабактар менен байланышта үйрөнүү;

-эпосту театр, кино менен байланышта изилдеп үйрөнүү…

-манасчы менен түздөн-түз баарлашуу аркылуу адабий жолугушууну ишке ашыруу...ж.б.

**Долбоорду ишке ашыруу орду**: класс.

**Долбоорду ишке ашыруу убактысы**: Окуу жылынын ичинде, программага ылайык, календардык-тематикалык планга жараша.

**Долбоорду аткарууга катышуучулар:** Кыргыз адабияты мугалими, манасчы жана окуучулар

**Долбоорду максаттуу ишке ашыруу шарты:**

1. **"**Манас" эпосу окуу программанын календардык планына жараша чыгарманын өтүлөөр күнүнүн туура келиши.
2. Манасчынын мектепке келиши жана сабакка катышуусу.
3. **Жолугушуу сабагынын** максатын түшүндүрүүсү.

4. Жолугушууга окуучуларда алдыртадан даярдоо.

**Иштин формасы:** кадимки практикалык багыттагы жолугушуу сабагы, жаңы билим берүүчү сабак формасы.

**Иштин жүрүшү:**

1. Сабак белгиленген күнү өз жолу менен, максаттуу түрдө өтөт.
2. Манасчы сабакты эпостон үзүндү айтуу менен баштайт.
3. Эпостун маани-маңызы тууралуу аңгемелешүү жүрөт.
4. Интерактивдүү суроо-жооптор болот.
5. Манасчылык өнөр тууралуу аңгемелешүү жүрөт.
6. Окуучулар тема боюнча манасчы менен кенен баарлашышат.
7. Манасчыдан кол тамга алышат.
8. Сабактын жыйынтыгында окуучулардын адабий-эстетикалык, маданий-рухий компетенттүүлүгү артат.
9. Соңунда мугалим сабактын натыйжалуулугун белгилеп, окуучулардын билим жетишкендитерин баалайт.

**Долбоордун натыйжалуулугу:**

1. Окуучулар манасчы менен таанышып, түздөн-түз баарлашат.
2. Манасчы эпос тууралуу кенен маек куруп берет.
3. Окуучулар эпостун турмуштук жана адабий-эстетикалык баалуулугун тереңирээк өздөштүрөт.
4. Окуучулардын эпоско болгон кызыгуусу тереңдейт.
5. Окуучулардын ичинен да манасчылардын чыгышына негиз болот жана ага стимул түзүлөөрү шексиз.
6. Эпос боюнча сахналаштырып иштөөгө план түзүлөт, ж.б.

**Бул долбоор методу менен иштөөнүн жүрүшүндө** проблемалык окутуу менен изилдөө методдору синтезделип колдонулду. Себеби, анда көйгөйлүү суроолор коюлуп, ал изилдөө менен ишке ашырылды.

Булардын ар биринде мындай технологиялар өзөк болду, мисалы:

1) Окуучу алдына бир көйгөйлүү проблеманы коюу жана ага көңүл бурууга башкаларды чакыруу.
2) Көйгөйдү үйрөнүүгө киришүү.
3) Көйгөйдү түшүнүү.
4) Материал топтоо.
5) Материалдарды жалпылоо.
6) Көйгөйдү мисал менен далилдөө.
7) Үйрөнгөндү практикада колдонуу.
8) Көйгөйдү изилдеп үйрөнүү.
9) Үйрөнгөндөрдүн маңызын түшүнүү.

10) Проблеманы андан ары тереңдеп деталдаштырып үйрөнүү.
11) Чыгармачылык менен изилдөө.
12) Жаңы билимдин конструкциясын түзүү.
13) Башка далилдер менен байланыштыруу.
14) Жаңы алган билимди жалпылоо.
15) Жаңы жыйынтыкка келүү.
16) Келечектүү иштин багытын аныктоо.

## 4.САБАК-САХНА

### «БУГУ ЭНЕ»

### Ч,АЙТМАТОВДУН «АК КЕМЕ» ПОВЕСТИН САХНА-САБАКТА ҮЙРӨНҮҮ

**Сахна- сабакта ролдорду аткаруучулар:**

1-окуучу: Бала
2-окуучу: Момун
3-окуучу- Хан-3-окуучу
4-окуучу: 1-желдет
5-окуучу: 2-желдет
6-окуучу: Майрык-Чаар-Жез кемпир
7-окуучу: Баланын үнү
8-окуучу: Момундун үнү
Калган окуучулар: массовкага катышат.

### САБАКТЫН МАКСАТЫ:

1) Окуучуларга Ч.Айтматовдун «Ак-кеме» повестиндеги Бугу эне тууралуу уламышынын сюжетин жана идеялык-тематикалык маани-мазмунун жеткиликтүү үйрөтүү;
2) Уламыштын өзөгүндөгү адеп-ахлахтык жана экологиялык проблемаларды иликтеп, талдап, жыйынтыктап үйрөнүүгө машыктыруу;
3) Окуучуларды адамдык адиетке, нравалык тазалыкка жана экологиялык түшүнүктөрүн бекемдөөгө тариялоо

### Сабактын 1-бөлүгү:

## БАЛА МЕНЕН ТАЯТАСЫ

Баланын үнү: Таятамдын жомогу көп, күлкүлүүсү да, кайгылуусу да, коркунучтуусу да бар. Чыпалак бала жөнүндөгүсү да кызык. Мага баарынан жакканы мүйүздүү Бугу Эне жөнүндөгүсү. Ал жомокту ар бир кыргыз баласы билиш керек дейт. Таятам айтат, ал жомок эмей эле, чын болгон дейт. Биз, баарыбыз, ошол мүйүздүү Бугу Эненин балдары экенбиз. Ал мындайча экен... Ошентип ... илгери-илгери... (Музыка. Сахнада эл, четте Момун жана бала.)

М о м у н : Ошол күнү Чоролор баштарын жерге салып, муңкүрөнүп, кара кийген аялдар, кызыл кийген кыздар аза күтүшүп, эл атасы, журт эгеси, сан колдун башчысы Күлчө баатырдын сөөгүн жерге берип жаткан. Ошол күнү — кол баштап нечен казатта жүрүп соо калган, нечен айыгышкан чабыштан жедиш менен чыккан карт баатыр көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп каза табат. Ошентип, баатырдын чымын-жаны көккө учуп кетер алдында, Эне болгон өзөн менен, Ата болгон Мекен менен коштошуп алсын деп, баатырдын өзү ырдачу ырын акыркы ирет эсине салышат (Жалпы аза күткөн эл хор менен аткарышат):

Энесай, сендей жаркын өзөн барбы?
Энесай, сендей жаркын Мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы?
Энесай, сендей ыйык азат барбы?
Энесай, сендей жарык өзөн болбос!
Энесай, сендей жаркын Мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос!
Энесай, сендей ыйык азат болбос!

Момун: Ошол күнү эл атасын узатарда урук-урук кыргыздар айыл-айыл болуп, Энесайдын жээгине кыркар тартып үй тигип отурушкан. Ак асаба найзаларга кара түпөк байлашып, түндүктөн чыгара аза белгисин коюшкан. Кошокчулар чачтарын жазып, үн салып, чоролор табытка башын ийип, сыңар тизелеп, үңкүйүп, отурушкан үнсүз. (Кыздар Энесай ырын кайта кайталашат.) Мына ушундай аза күткөн күнү салтты бузуп, душмандар капысынан кол салышты. (Душман басып кирет. Кыйкырык-чуу өкүм сүрөт. Кыргыздар кырылат.) Жарак алып каршы турууга, атка минип айкырып чыгууга эч ким үлгүрбөдү. Түшкө киргис кыргын болду. Эмектеген карыдан, эмчектеги балага чейин найзанын учуна,

жаанын жебесине кетти. Катуудан тулга, жумшактан кул калды. Ошентип, душман сайран курду, балам. (Согуш, кармаш кыймылы менен үнсүз жур берет. Бала оор үшкүрүнөт. Музыка. Момун жомогун улайт.) Ошондо таң эртеси менен токойго ойноп кетишкен бир кыз, бир бала гана аман калган экен. Кыргын бүткөн соң келишсе, ата-энеден дайын жок, ага-эжеден кабар жок. Эси чыккан эки бала, тээ токойдон ары чаң уюлгутуп, мал айдап кетип жаткан жоо артынан чуркашты. Кеч кирди. Эртесинде ал ар душман сайран куруп отурган жеринен чыгышат. (Сахнага кыз менен бала келет. Алдынан желдет тосуп чыгат.)

### САБАКТЫН 2-БӨЛҮГҮ: Желдет, Хан жана балдар

1 - ж е л д е т : Кимдин баласысыңар?

2-желдет: Кайдан келатасыңар?

Кыз: Курсагыбыз ачты, байкелер.

Бала: Нан бергилечи?

1-желдет: Э-эй, булар кыргыз экен го, кыргыздан али да тукум калган экен го.

2-желдет: Кайдан журуп аман калдыңар ыя, экөөңдү азыр жайлай салалыбы же найзага бирден сайып алып, ханга тартуу кылып алпаралыбы ыя? (Желдеттер күлүшөт, нарыта хан үргүлөп отурат. Аны аи балтачан эки желдет кайтарып турат.

Душмандар: «Кыргыздан тукум калыптыр дейт», — дешип чурулдашат. Желдеттер кыз менен баланы ханга алып келишет.)

1-желдет: Ляппай, ханым!

2-желдет: Ляппай, ханым!

Хан: Менин тынчымды неге алып жатасыңар?!

1-желдет: Ханым, кыргыздан тукум калыптыр.

2-желдет: Биз аларды бүтүндөй тукум курут кылдык дегенибиз жалган белем?!

Хан: Буларды көрбөй көзүңөр кашайып калдыбы? Же ушул чычкандай болгон экөөнө баарыңардын алыңар жетпей калып, мага алып келдицерби? Ыя! Эх, бечаралар! Эй, Майрык-Чаар-Жез кемпир!

(Майрык-Чаар-Жез кемпир арытан «ыя» деп кыйкырат.)

Хан: Бул экөөнү Тайга токоюна алып баргын да, кыргыздын аты чыкпас, үнү угулгус кыл. Экинчи кыргыз деген сөздү

кулагым укпасын. Кыргыз тукумуна жер үстүнөн орун жок, түбөлүккө аты өчсүн! Бар, Майрык-Чаар-Жез кемпир, буйрукту аткар!

## САБАКТЫН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮГҮ: Хан, Жез кемпир жана балдар

(Майрык-Чаар-Жез кемпир эки баланы, жетелеп жөнөйт.)

Хан: Эй, берендерим, кана жапырт тургула, бул сааттуу жерден кетели, өз жерибизге жетели, кырк күн, кырк түн той кылалы, кана, жапырт аттангыла! (Жапырт кетишет.)

Момун: Ошону менен, Майрык-Чаар-Жез кемпир эки баланы эки колунан жетелеп, тоо ашып, токой аралап жүрүп отурду. Акыры Энесайдын жээгине келип токтоду. Анан эки баланы бийик жардан түртө турган болду.

Майрык-Чаар-Жез кемпир: О улуу дайра, Энесай! Эгер сага тоо омкоруп кулатса, муштумдай таш сыяктанып түбүнө чөгөт. Кылым турган карагай кесип кулатса, чамындыдай толкунуна кетет. Эмесе, эки көздүн эки чечекейиндей болгон мобу эки баланы муздак койнуна ал. Ач койнунду, ал эки периштени, улуу дайра Энесай!

## САБАКТЫН ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮГҮ:

### Жезкемпир жана Бугу эне

Момун: Уул бала, кыз бала ыйлап турат.

Майрык-Чаар-Жез кемпир: Кана, коштошуп алгыла, балдарым. Кучакташкан бойдон кеткиле.

Момун (улутунуп): Майрык-Чаар-Жез кемпир сөзүн айтып, оозун жыйганча, мүйүздүү Бугу Эне кайдан-жайдан экени белгисиз маарап келип калды. (Мүйүздүү Бугу Эне келет.)

Мүйүздүү Бугу Эне: Ашыкпа, акылман эне, күнөөсүз балдарды жайлаба.

Майрык-Чаар-Жез кемпир: Сен кимсиң? Адамча сүйлөп кубулган кандай жансын?

Мүйүздүү Бугу Эне: Мен Бугу Эне болом. Балдарды кое бер, акылман эне. Сизден суранарым, ушул эки чүрпөнү мага бер.

Майрык-Чаар-Жез кемпир: Буларды эмне кыласың?

Мүйүздүү Бугу Эне: Адамдар эгиз музоомду атып өлтүрүштү. Балдарымдын ордуна бала издеп жүрөм. Карачы, желиниме сүт батпай ооруп турат.

Майрык-Чаар-Жез кемпир (күлүп): Жакшылап ойлонуп сүйлөп жатасыңбы? Булар деген ошо сенин музоонду атып өлтүрүшкөн адам баласынын тукуму. Чоңойгондо өзүңдүн бугучаларыңа ок атат, сен ошону ойлондунбу?..

Мүйүздүү Бугу Эне: Ойлондум. Булар антпейт, мен буларга эне болом, булар мага бала болуп калышат. Анан кантип өз бир тууганадарына жамандык санашсын?..

Майрык-Чаар-Жез кемпир: О, кең пейил Бугу Эне, адам деген кандай экенин сен али билбейт турбайсыңбы?

Мүйүздүү Бугу Эне: Жо-ок, мен буларга ишенем, алар антишпейт. Акылман эне, сен бул эки наристени мага бер. Мен аларды көз көргүс алыс жакка алып кетейин. Бул эки жетимге эне болоюн. Желиним сүткө толуп, ооруп турат. Бала деп сыздап турат ак сүтүм...

## САБАКТЫН 5-БӨЛҮГҮ: Момун жана бала

Момун: Ошентип, касиеттүү Бугу Эне эки баланы Майрык-Чаар-Жез кемпирден сурап алып, кыргыз тукуму курут болуп кетерде, экөөң, элдин атын өчүрбөй кайра тукум улайсың, - деп узак-узак жол басып, Ысык-Көлдү көздөй багыт алды. Акыры аларды Ысык-Көлгө жеткирип, мына ушул жер силерге Мекен болот, жер тилип эгин эккиле, бейкут тынчтыкта миң-миң жыл өмүр сүргүлө, учунар узарып, тукумуңар көбөйсүн! - деп ак батасын бериптир. (Музыка.)

Момун: Арадан далай жылдар өтөт. Кыз менен баладан тукум уланып, эл болот. Акыры алар энеси Мүйүздүү Бугу Энени унутуп, анын тукумуна кол сала башташат. Ошондо Бугу Эне Майрык-Чаар-Жез кемпирдин айткан сөзүнүн чындыгына көзү жетип, адамдарга наарazы болуп, Ысык-Көлдү таштап, башка жакка ооп кетиптир...

Бала: Ошо бойдон кайра кайрылбаптырбы, таята? Кап, бекер таарынтышкан экен.

Момун: Ооба, мына ушундай болгон экен. Бугу Эне кетеринде көзүнөн жаш төгүп, арамдыкты каргап, адалдыкты зарлап, ыйлап кеткен дешет... (Музыка.)

(аягы)

## САХНА-САБАКТЫН ЖЫЙЫНТЫГЫНДА ОКУУЧУЛАР ЭЭ БОЛУУЧУ КӨНДҮМДӨР:

1) Окуучулар Ч.Айтматовдун «Ак-кеме» повестиндеги Бугу эне тууралуу уламышынын сюжетин жана идеялык-тематикалык маани-мазмунун жеткиликтүү үйрөнүшөт;
2) Уламыштын өзөгүндөгү адеп-ахлахтык жана экологиялык проблемаларды иликтеп, талдап, жыйынтыктап үйрөнүүгө машыгышат;
3) Окуучуларды адамдык адиетке, нравалык тазалыкка жана экологиялык түшүнүктөрүн бекемдешет.
4) Чыгарманын кейипкерлеринин образдарын жакшылап өздөштүрүшөт;
5) Окуучулар актердук чеберчиликке машыгышат;
6) Чыгарма тууралуу каалаган темада дил баян жазышат.

## 5.ИЗИЛДӨӨ САБАГЫ

### Изилдөө методу аркылуу жомокту талдап-үйрөнүү ыкмалары

Адабият жана тил сабактары болсун, окуучуларды өз алдынча ой жүгүртүүгө үйрөтүү, мисалы, адабият сабактарында аңгеме-жомоктордун:

- темасы,
- сюжети,
- мазмуну,
- идеялык мааниси,
-каармандарынын образдары тууралуу талдоо иштерин жүргүзүүгө машыктырылууга тийиш.

Ал үчүн бир жомокту алып, аны жогоруда айтып өткөн багыттарда, атап айтканда, беш багытта иш жүргүзүү, ар бир багытын бирден окуучуга берип изилдөө жүргүзүүгө үйрөтүү жакшы натыйжа бермекчи.

**Биринчи окуучунун изилдөөсү: Жомоктоун тематикасы.**

Кыргыз эл жомоктору өзүнүн бай тематикасы, ар тараптуу, кең, терең мазмуну менен балдардын да, ата-энелеринин да, алардын мугалимдеринин да мугалими –деп атасык болчудай. Анткени, жомокко бай кыргыз элинин

өткөндөгү жашоосу,  жан дүйнөсү  - жомокторунда. Ошонусу менен ал тарбия-таалимдик мүмкүнчүлүктөргө өтө бай.

Окуучулар элдик жомокторубуз менен мектепке чейин эле, ата-энелеринен угуп, андан соң бала бакчалардан үйрөнүп келишсе, мектепке келгенде  андан ары улантып ырааттуу окуп-үйрөнө баштайт.  Аларды  сабактарда окуп-үйрөнүүдө, ири алдыда, мазмунун, негизги функциясын, таанып-билүүчү, үйрөтүүчү, тарбиялоочу  жана да тил өстүрүүчү зор мүмкүнчүлүктөрүн мугалим аңдап билүүсү  абзел.

Анда, сөздү ушул нукта улайлы: жомок, адегенде, сабакта окуп-үйрөнүүнүн объектиси катары каралмакчы. Адегенде,  адабий окуу сабагында мазмун жагына көңүл бөлүнсө, тил сабагында жомоктордун стилдик, кеп өстүрүүчүлүк жагына басым коюлууга тийиш.

Чындыгында,  жомоктор окутуу менен тарбиялоо ишинде пайдаланылуучу баалуулуктардын жана жүргүзүлүүчү көптөгөн иш-аракеттердин комплексин өзүнө камтыган окуу материалдын нукура өзү экендигин эске салат. Окуучунун эстетикалык керектөөсүн талап кылган, жан дүйнөсүнө жакын турмуштук, психологиялык жагдайлар да, мугалим өз ишинде пайдалануучу психологиялык, педагогикалык, этнопедагогикалык идеялар да жомоктун «сакадай боюна» сыйдырылган.

Демек, биринчиден, бул жагдайдан алганда, жомок –элдик рухтун алтын сандыгы, түгөнбөс, көөнөрбөс алтын казынасы катары ачылууга тийиш.

Экинчиден, жомок (аны бүтүн бир текст катары карасак) адамдын кеп ишкердүүлүгүн продуктусу. Башкача айтканда, жомок – элибиздин кепкордугунун, талантынын, сөзгө чебердигинин натыйжасында жаралган «сөз каухары»! Ошондуктан, сабакта мугалим окуучунун жомоктун мазмунун айтып берүүсүнө көңүл коюу  менен гана чектелбей, анын курулушуна да, стилине да, идеялык-тарбиялык жагына да, ырахатка балкыткан эстетикалык жагына да көңүл бурганы пайдалуу иш-аракет болмокчу.

**Экинчи окуучунун изилдөөсү: Жомоктун мазмуну жана маанисин изилдөө**

Балага жомок окуп берүү, жомок айтууга үйрөтүү иши, натыйжада, баланын өз жомогун табууга жана жаратууга багытталгандыктын да белгиси. Баланын өз жомогун жаратууга жетишүү – демек, бала менен мугалимдин бүткүл чыгармачыл иштиин натыйжалуу, максаттуу болгонун далилдейт. А бардык эле бала «өз жомогун» жаратууга жетише албайт. Андай сапат таланттуу балдарынын бар экенинин  далили, же жомоктун табияты балага өзгөчө таасир эткендигинен келип  чыккан «чыгармачылык» болуп саналат.

Жомок менен иштөөдө мугалимдин чыгармачыл ишинин структурасы төмөндөгүдөй болуусу мүмкүн:

1) Жомоктун сюжети, анын мазмуну менен таанышуу этабы;

2) Жомоктун идеялык маанисин, андагы образдар системасын талдоо этабы;

3) Баланын турмушунда болуп өткөн, жомоктун сюжетиндей окуяны айышуу жана бирге талдоо этабы;

4) Жомокко болгон баланын жеке оюн, ошол ой аркылуу эми жомокту өркүндөтүүнүн жолдорун издөө этабы;

5) Ошондой комплекстүү иштерден улам жана да окуган жомокко таасирленүү менен окуучулардын өз жомогун жаратуу, аны жалпыга окуп берүү жана талкуулоо этабы…

Ушундай сабактардагы ишмер аракеттерден кийинки ийгиликтер гана жомок-кеп ишкердүүлүгүнүн продуктусу деген тыянакка түздөн-түз келүүгө болмокчу.

Жомок менен иштөө да сабактагы машыгуунун комплекстүү бир түрү болмокчу. Анан да, жомок этнопедагогикалык маани-маңызы жагынан да, лексикалык, грамматикалык курулушу жагынан да, бүтүн текст катары ички маанилик байланышы жагынан да өзгөчө окуу материалы болуп саналат. Бирок, ал текст топтомунан айырмаланып, сюжеттүүлүгү, окуяларынын логикалуу өнүгүүсү, образдуулугу, эмоционалдуу таасир берүүчүлүгү, эстетикалык рахат тартуулоосу менен айырмаланат. Ошондуктан, жомок менен иштөөдө мугалими өз алдына эки түрдүү максат коёт.

1-максат: сабакта жомоктун сюжетин, идеялык мазмунун, образдарын талдоо;

2-максат: жомоктун курулушун, анын сөз каражаттарын, сабактагы өтүлүп жаткан грамматикалык жана лексикалык материалдарга жараша талдоо иштерин жүргүзүү.

Натыйжада, текст катары анын түзүлүшү, ички логикалык бүтүндүгү, т.а. башталышы, үнүгүшү, аякташы, сүйлөмдөрдүн ички байланышы үйрөтүлөт. Окуучунун байланыштуу кебин жана кеп маданиятын өстүрүүдөгү жомоктун ролу да көңүлдүн борборунда болот. Мугалим ар түрдүү суроолор менен конкреттештирип, деталдаштырып, негизги учурларын белгилеп, анан жалпылап, системалап сүйлөтүү аркылуу окуучунун кебин өстүрүүгө кам көрөт. Демек, жомокко адабий-мазмундук, педагогикалык- психологиялык жана лексика-семантикалык талдоолор системалуу өткөрүлсө максатка ылайык келет.

**Үчүнчү окуучунун изилдөөсү: Жомоктун сюжеттик бөлүктөрү жана аны талдоо**

Жомок менен иштөөдө, текст менен иштөө кандай болсо, ошол ыкмалар колдонулат. Бул багытта мугалим **текстке чейинки иш, текст менен иштөө жана тексттен кийинки иш** деген ыкмаларды пайдаланылат.

Ушуга байланыштуу, «Атанын үч уулу» аттуу жомок менен кандай иш жүргүзүүгө болорун кеп кылалы.

**1). Жомок менен иштөөнүн биринчи этабы: жомокко чейинки иш.**

Окуучуларга суроолор коюлат:

- жомокто ким жана эмне жөнүндө сөз болорун алдын ала байкап жатасыңарбы?

-силер канча бир туугансыңар?

- атаңарга, энеңерге кандай мамиле жасайсыңар?

-аларды капа кылып, айтканын аткарбай же тетирисинче, аларды кубантып ыраазы кылган окуялардан айта аласыңарбы?

-ата-эненин алдында балдардын кандай милдеттери бар-деп ойлойсуңар? ж.б.

**2) Жомок менен иштөө этабы.** Жогорудагы суроолор боюнча талкуулоо жүрүп, окуучуларды жомоктуу угууга жана түшүнүүгө багыттаган соң, мугалим жомокту үн кубулуп көрктүү окуйт. Сюжетти образдуу кылып көркөм айтып берсе, андан да таасирдүү болот.

Иштин жагдайына жараша жомоктун тексттин сунуш кылалы.

**Атанын үч уулу**

(жомок)

**И**лгери-илгери бир карыянын уч уулу болгон экен. Алар өспүрүм куракка келишкенде, атасы катуу ооруп төшөккө жатып калат. Түркүн дарыгерлер келип айыктыра алышпайт. Ошондо атасы балдарын чогултуп алып мындай дептир:

-Кана, айткылачы, балдарым, эгер кокус тагдыр жаза тайып мен көз жумсам, кимиңер кандай зыйнат көрсөтөсүңөр?

Ошондо катуу кейиген улуу баласы:

- Мен «бул кимдин эстелиги» дедиргендей кылып, заңгыратып ак мрамордон эстелик тургузам, ата,- деди башын жерден албай.

- А мен,-деди ортончу уулу ойлуу,- атыңды эл айтып каларлыктай кылып, ат чаптырып, Ала-Тоодой эт бышырып, чоң аш берем, ата.

А кичүү уулу эмне дээрин айтпай ойлуу отурат да, анан мындай дейт:

- Мен болсом акылдуу-эстүү болуп, окуп билим алсам, көп өнөр үйрөнүп, элге кызмат кылсам, «Бул баланчанын баласы» деп, сиздин ысмыңызды унутпай айтып турушса– деп ойлойм, ата. Менин тилегим да, максатым да ушу.

Карыя үч уулунун айткандарын угуп кыйлага  турат да,  кичүү уулунун сөзүн туура көрөт.

-**Анда менин өлбөй калганым –ошол, - дейт атасы кичүү уулунун мандайынан өөп…**

…Жомок окулгандан кийинки  экинчи этаптын  көп функциясы бар, ал кезде мындай иштер ирети менен аткарылат:

-окуучулар жомоктун мазмуну менен таанышат;

-каармандардын мүнөздөмөсү менен таанышат;

-каармандардын кебине, анын педагогикалык таалим-тарбиялык маани-маңызына, образдарга баа беришет;

-окуунун түрлөрүнө ылайык окуп машыгышат, көркөм окуу  аркылуу кептин көрктүү айтылышын үрөнүшүп, машыгышат.

-окуу ылдамдыгы текшерилет, ж.б.

**3) Андан соң, текст менен иштөөнүн үчүнчү этабына** өтөбүз. Бул учурда жомок боюнча бышыктоо иш-аракети жүрөт. Адегенде, төмөндөгүдөй суроолорго жоопторду алуу менен бышыкталат:

-атасы балдарын эмне максат менен өзүнө чакырды?

-балдары атасынын атын чыгаруу үчүн эмне кыларын айтышты?

-атасы кайсы баласынын сөзүнө ыраазы болду? Эмне үчүн?

-силер өз ата-энеңердин эмгегин актоо жөнүндө кандай ойдо калдыңар?

-ата-эненин алдында балдар кандай нерселерге милдеттүү экенин байкадыңар? ж.б.

Ушул жерден  бир маанилүү нерсеге көңүл бөлөлү: тексттеги атанын жана балдарынын сөздөрүн үстүртөдөн окуп түшүнүү жана балдарынын сөзүнө карата берген атанын баасына жараша бүтүм чыгарып кутулуу  – бери болгондо, жомоктогу нравалык ички  проблемалардын маанисин түшүнбөгөндүк болот. Мунун өзү  мугалим же ата-эне жомок менен иштөөнүн ыкмаларын биле бербегендигин айгинелейт.

**Төртүнчү окуучунун изилдөөсү: Тексттин мазмуну жана тарбиялык таасири**

Жомоктун сюжетин гана билип, ошон уменен чектелүүгө болбойт. Анын маани-маңызы, каармандары, алардын образдары, тарбиялык маани-маңызы тууралуу изилдөө да эң пайдалуу. Бул  багытта изилдөө менен, сабакты бышыктоо ишин мындайча жүргүзсө болот:

-жомоктун  текстинен алынган далилдер менен балдардын сынчыл ойломун бекемдөө;

-ички нравалык жетилүүсүн байкоо;

- психологиялык жактан өзгөрүүсүн изилдөө;

- философиялык ой жүгүртүүсүнүн өстүрүү ж.б.

Мындай учурдагы окуучулардын жекече көз карашын, өз оюн, өз сөзүн угуу өзгөчө көңүлгө алынууга тийиш.

Дегинкиси, балдардын элдик жомокторду баалап-билүүсү **эки багытта, т.а. эмоционалдык-психологиялык жана нравалык-этикалык чен-өлчөмдөр** менен бааланарын окумуштуулар изилдөөлөрүндө байкашкан. Ал чен-өлчөмдөр мына булар менен түшүндүрүлөт:

1) эгер баланын тигил же бул каармандын кылык-жоругуна, жүргөн-турганына баа берүүсүн текшере турган болсок, анда, ал анын «жакшы» же «жаман» деген баасы менен баалайт (мисалы, жогорудагы жомоктогу балдардын сапаттарынын ичинен жаккан-жакпагандарын тексттен алынган далилдер менен мүнөздөө);

2) а эгер, бала каармандын ички толгонууларына, ой жүгүртүүлөрүнө жана кылык-жоруктарына баа бергиси келсе, анда «туура» же «туура эмес» деген баасы менен баалайт (мисалы, кайсы баланын айтканы туура же туура эмес деген баа менен баалоо).

Бул баа берүүлөр баланын адам болуп калыптануусундагы рухий таяныч-тирек болор ички баалуулуктарынын деңгээлин чагылдырып турган белгилер экендигин далилдөөчү чен-өлчөм боло алат.

Мындай баалоолор бала жомок аркылуу турмуштагы жакшылык менен жамандыктын эмне экендигин таануусу, адамдагы «жакшы» менен «жаман» сапаттарды айрып билүүсү экендигин да билгизет. Ошону менен бирге, ал баалоолор – балдардын ички адамдык сапаттарынын калыптанышынын абалын да алдыртан баамдай билүүгө негиз болорун боолголойт.

**Мугалимдин корутундулоосу.** Мындай иштерден төмөндөгүдөй корутунду чыгарсак болот:

-окуучулардын чыгарманын сюжетин өз алдынча талдап үйрөнүүсү ишке ашат;

- идеялык мазмунун туура түшүнөт;

- каармандарын, алардын образдарын талдап билишет;

- тарбиялык таасирин сезишет жана аларга баа беришет.

## 6. «ЖАЗУУЧУ САБАК ӨТӨТ» долбоору

**Долбоордун максаты**: Мектепте кыргыз адабияты предметинин натыйжалуулугун арттыруу, окуучулардын таанып-билүүсүн активдештирүү, адабий чыгарманын адабий-эстетикалык таасирдүүлүгүн өркүндөтүү жана да көркөм чыгарманын жаратманы болгон автору менен тааныштыруу.

**Милдеттери: -**Кыргыз адабияты окуу программасынын талаптарын натыйжалуу ишке ашыруу;

-окуучунун адабий билим алуусунун натыйжалуулугун арттырууга жетишүү;

-жазуучу менен түздөн-түз баарлашуу аркылуу, окуучулардын адабий чыгарманын жазылыш тарыхы, турмуш чындыгы менен байланышы, анын идеялары менен тереңирээк таанышуусу;

-жазуучу менен түздөн-түз баарлашуу аркылуу адабий жолугушууну ишке ашыруу...ж.б.

**Долбоорду ишке ашыруу орду**: Мектеп, класс.

**Долбоорду ишке ашыруу убактысы**: Окуу жылынын ичинде, чейректерге ылайык, Кыргыз адабияты окуу программасынын календардык мөөнөтүнө жараша.

**Долбоорду аткарууга катышуучулар:** Кыргыз адабияты мугалими, программага чыгармасы киргизилген акын-жазуучулар жана мектеп окуучулары.

**Долбоорду максаттуу ишке ашыруу шарты:**

5. Кыргыз адабияты программасынын календардык планына жараша чыгарманын өтүлөр күнүнүн туура келиши;
6. Жазуучунун мектепке келиши жана сабакка катышуусу;
7. Окуучуларга кайсы акын же жазуучу келери менен алдыртадан маалымат берип, **жолугушуу сабагынын** максатын түшүндүрүүсү;
8. Жазуучу же акын менен жолугушуу учурунда маектешүүгө окуучуларды алдыртадан даярдоо.

**Иштин формасы:** кадимки аралаш сабак же жаңы билим берүүчү сабак формасы.

**Иштин жүрүшү:**

10. Мугалим Кыргыз адабияты предметинен окуу программасынын календардык мөөнөтүнө жараша кайсы акындын же жазуучунун чыгармасын өтүү керек экендигин тактайт;
11. Мугалим мүмкүнчүлүгүнө жараша ошол жазуучу же акын менен жолугушуп, өзүнүн чыгармачылыгы, өмүр жолу тууралуу окуучулар менен маектешүү, чыгарманын жазылышы, көтөргөн идеясы, берейин деген ою, андагы образдар, алардын

турмуштук негизи, , ж.б. тууралуу айтып берүүсүн макулдашат;

12. Мугалим **сабак-жолугушуунун** планын тактап түзөт;
13. Сабак белгиленген күнү өз жолу менен, максаттуу түрдө өтөт;
14. Окуучулар жазуучу менен кенен баарлашып, автограф алышат;
15. Сабактын жыйынтыгында окуучулардын адабий-эстетикалык, маданий-рухий компетенттүүлүгү артат;
16. Соңунда мугалим сабактын натыйжалуулугун белгилеп, окуучулардын билим жетишкендитерин баалайт.

**Долбоордун натыйжалуулугу:**

9. Окуучулар жазуучу менен таанышып, түздөн-түз баарлашат;
10. Жазуучу өз чыгармасы тууралуу кенен маек куруп берет;
11. Окуучулар чыгарманын турмуштук жана адабий-эстетикалык баалуулугун тереңирээк өздөштүрөт;
12. Окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусу терендейт;
13. Окуучулардын адабий чыгармачыл ишмердигинин ойгонуусуна шарт түзүлөт.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮК

# ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУРМАНДЫК ИШМЕРДИГИН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА МЕКТЕПТЕГИ ИШ-ЧАРАЛАР

## БАЛДАРДЫН КИТЕП ОКУУСУН АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН ЧАРАЛАРЫ

Эми, алдыда чечүүнү талап кылып турган маанилүү проблемалар кайсылар? Канткенде улуттук балдар адабиятыбызды өнүктүрө алабыз? Канткенде балдарыбызды китеп окууга үндөй алабыз? Ушуга ылайык төмөндөгү сунуштарды белгилемекчимин.

1). Ири алдыда, балдар үчүн китеп чыгаруучу **өкмөттүк басылма** болсо-идеалдуу болмок. Китеп чыгарууга камкордукту жана көзөмөлдү мамлекет өз колуна алмак.

2). Өкмөт тарабынан менчик басылмаларга **гранддар бөлүнүп берилсе**, балдар үчүн китептерди чыгарууга көмөк көрсөтүлсө, проблеманы чечүүгө чоң өбөлгө болмок.

3). Балдар жазуучуларына мамлекет колдоо көрсөтсө, чыгарган китептерин саттыруу, же сатып алып, мектеп китепканаларына жеткирүү жагын колго алса, өлкөбүздө **«китеп маркетиңги»** түзүлсө, жазуучуларды китебин таратуу азабынан кыйла деңгээлде куркармак;

4). Мектепте педагогикалык **бирдиктүү китеп окуу саясатын** жүргүзүү иши колго алынса, ал үчүн:

- жуманын бир күнүн **«Китеп окуу күнү»** катары белгилөө, ошол күнү ар бир бала эки барак болсо да китеп окуп, алар тууралуу аңгемелешүүлөр жүргүзүлсө;

-башталгыч класстарда күн сайын сабак алдында **«Беш мүнөт окуу»** салтын жайылтуу, аны методикалык жактан максаттуу уюштуруу; мунун өзү балдардын туруктуу китеп окуусун кенже курактан тартып активдештирмек;

- мектептерде китеп окуу конференцияларын, викториналарды, чыгармачыл кечелерди ырааттуу жүргүзүү;

- мектептеги адабият сабактарында **«Автор сабак өтөт»** деген ыкманы жана авторлор менен жолугушууларды өткөрүү; мындай сабактар жана жолугушуулар мугалимдин сабагынан да кыйла кызыктуу, баалуу, жугумдуу, таасирдүү болмок;

-**Интеграцияланган сабактарды өткөрүү**: мугалим, жазуучу, сүрөтчү жана музыкант биригип, бир тема боюнча чыгармачыл ой жүгүртүүгө багыт берген ыкмалар колдонулуп сабак өтүлсө, ал дагы кыйла жемиштүү болмок;

-окуу жылы ичинде **китеп окуу декадаларын** өткөрүп туруу да китеп окууну өнүктүрүүгө өбөлгө түзмөк;

5). Китепти активдүү окуган балдар үчүн, спонсордук жардамдарды тартуу менен, **акын-жазуучулардын атындагы стипендияларды уюштуруу жана ыйгаруу** балдардын китеп окууга болгон кызыгуусун бекемдөөгө сөзсүз алып бармак;

6). Республикалык **«Жомок фестивалын»** жыл сайын өткөрсөк, ал аркылуу мектептин, бала бакчанын, балдар ТВсынын, балдар радиосунун, балдар сахнасынын, балдар гезитинин жана балдар журналынын башын бириктирип, бирдиктүү иш чараларды өткөрсөк, комплекстүү, ырааттуу жана максаттуу иш жүрмөк;

8). Балдар китептерине сын пикир айтуу, **балдар китептеринин сынын** өнүктүрүү да балдар адабиятын өнүктүрүүгө чоң стимул болмок;

9) Программалык адабияттарды, хрестоматия, антологияларды чыгаруу. **«Кыргыз балдар адабиятынын антологиясын»** толуктап, оңдоп кайрадан чыгаруу - эң зарыл маселе.

10) Мына ушулардын баарынын башын бириктирген **«Балдар китеби» аттуу мамлекеттик программаны** иштеп чыксак, республикада китеп чыгаруу, китеп сатуу, китеп окуу маданиятын комплекстүү өнүктүрө турган иш чараларды түзсөк жана аны ырааттуу жүзөгө ашырсак, иш кыйла масштабдуу жүрөр эле.

11) Акырында, райондордун жана шаарлардын борборлорунда **китеп дүкөндөрүн ачуу** маселесин унуткарып баратабыз.

Россиянын Президенти В.В. Путин учурда китеп окуу, ал аркылуу өлкөнүн китеп маданиятын калыбына келтирүү максатында атайын иш чараларды кабыл алуу менен бирге, ар бир супер маркеттердин кире бериши менен чыга беишинде китеп бөлүмү болуусун талап кылууда. Ал эми Казакстанда балдар китебин чыгаруу жана балдардын китеп окуу маданиятын көтөрүү боюнча 2006-жылдан бери мамлекеттик атайын программа иштеп жатат.

Жогоруда айтылган иш-аракеттерди турмушка ашыруу туурасында ойлонуу-учурдун өктөм талабы. Анткени ал улуттун келечеги болгон жаңы муундун татыктуу өсүүсүнө мамлекеттик кам көрүү болмокчу.

## КИЧИНЕКЕЙ ОКУРМАНДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА КҮНДӨЛҮГҮ

### Күндөлүктү кандайча уюштурса болот?

Мектепте, анын ичинде класста, окуучулардын өз алдынча китеп окуусунун иретүү уюштуруу жана аны көзөмөлдөө максатында мугалим «окурмандын күндөлүгүн» уюштурса болот. Ал күндөлүктө окуучунун, тактап айтканда, кичинекей окурмандын кайсы жылы, кайсы чейректе, кайсы айда, кайсы автордун кандай чыгармасынын окуугандыгы, ал чыгарма эмне туурасында экендиги жана сүйүктүү каармандары кимдер же эмнелер экендиги кыскача чагылдырылып турат.

Күндөлүктүн максаты жогогуда айтылгандар менен мүнөздөлөт жана түмүндөгүдөй иш-аракеттерди өзүнө камтыйт. Мисалы:

- качан кандай китеп окугандыгын каттоо;
- чыгырманын авторун эске туттуу;
- китептип жанры жана тематикасы кандай экендигин тактоо;
- китептип чакан мазмунун малымдоо;
- чыгарманын каармандарын эстеп калу жана аларды мүнөздөп берүү;
- жыл ичинде канча чыгарма окугандыгын эсепке алуу ж.б.

Окурмандын күндөлүк менен иштөөсүн мугалим мезгил мезгил менен чейректе же айларда текшерип- көзөмөлдөп турса болот. Себеби, мугалим же класс жетекчи мектептин китепканачысы менен да байшланышта иштөө аркылуу окуучулардын өз ардынча китеп окуусунун жыйынтыгын жыл аягында чыгарып, окурмандар клубунда ой бөлүштүрүү, класстын же мектептин мыкты окурманын табуу, алар тууралуу стенддерди уюштуруу, мектептин дубал гезиттерине чагылдаштыруу, диспуттар менен викториналарды өткөрүү, аларга баалуу белектерди уюштуруу сөзсүз максатка ылайык келмек.

Эмесе жогоруда айтылган окурмандын күндөлүгүн үлгүсүн сунуш кылалы.

**<u>«МЫКТЫ ОКУРМАНДЫН КҮНДӨЛҮГҮ”</u>**

Баланын аны – жөнү______ классы______жылы_____

| № | Чейректер, айлар | Окуган китептин автору, аталышы | Китептин кыскача мазмуну | Каармандары жана алардын чачкн мүнөздөмөсү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | 1-чейрек | Тоголок Молдо, «Абышка кемпирдин көмөчү» | Абышка-кемпирдин кеңеши, кемпир көмөч жазап бышырышы, экөөнүн кесирдигинен көмөчтүн качып кетиши. Көмөчтүн адегенде уйчулар менен койчуларга барышы, акыры мактанып жүрүп куу түлкүгө жем болушу. | Абышка – кемпирдин кесирдиги, түлкүнүн куулугу, көмөчтүн мактанчаактыгы |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2. | 2 - чейрек | «Күч бирдикте» жомогу. | Акылман карыя тогуз баласын сынагысы келиши, аларга бир боо табылгыны бериши. Балдар тогуз табыгыны бүтүндөй сындыра албай, бирден бергенде сындырганы, ошондо абышка балдарына акылдуу, ынтымактуу жана биримдикте болгула деп насаат айтканы. | Акылман карыя, анын тогуз баласынын ынтымаксыздыгы, акыры атанын акылынан кийин ынтымактуу жана биримдикте болууга үйрөнүшү, ж.б. |
| 3. | 3-чейрек | | | |
| 4. | 4-чейрек | | | |

Жыйынтыктап айтканда, мындай жолдор жана уюштуруу иштери сөзсүз түрдө кенже класстардан тартып китеп окуучулардын окурмандыгын калыптандырууга өбөлгө болуусу ыктымал. Андай болсо, мындай мүмкүнчүлүктөрдү мугалим эч качан колдон чыгарбоосу тийиш.

Төмөндө ушул атап өткөн **«Мектептин (класстын) мыкты окурманы» конкурсунун** жана **Мектептин Окурмандар клубунун Жоболорунун** долбоорлорун сунуш кылабыз.

## «МЕКТЕПТИН (КЛАССТЫН) МЫКТЫ ОКУРМАНЫ”

## КОНКУРСТУН ЖОБОСУ

Окуу жылы ичинде мектепте (класста) окуучулар арасында «Мектептин мыкты окурманы» аттуу конкурс өткөрүлөт.

**Конкурстун максаты:** мектеп окуучуларын китеп окууга тартуу менен, көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрү аркылуу окуучулардын рухий маданиятын түптөө жана окурмандык маданиятын калыптандыруу болуп саналат.

**Конкурска:**

-көркөм адабиятка кызыккан башталгыч, ортоңку жана жогорку класстардын бардык окуучулары катышышат.

**Конкурстун милдети:**

-көркөм адабиятка кызыккан окуучуларды издеп абуу;

-окуучуларды көркөм адабиятка кызыктыруу аркылуу окурмандык маданиятын көтөрүү;

-окуучулардын көркөм-адабий китептерди окууга болгон кызыгууларын текшерүү жана байкоо;

-көркөм адабият аркылуу окуучулардын көркөм ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү;

-мыкты адабий үлгүлөрдү окуп-үйрөнүү аркылуу окуучулардын рухий дүйнөсүн калыптандыруу;

-мыкты образдар аркылуу адептик-ыймандык жана мыкты атуулдук сапаттарга жараша тарбия алуусуна көмөк болуу;

-көркөм чыгармалардын тили аркылуу окуучулардын тил байлыгын, жазуу жана оозеки сабаттуулугун, сүйлөө маданиятын өнүктүрүү, ж.б.

**Конкурсту өткөрүү тартиби жана шарттары:**

Конкурсту өткөрүүгө класс жетекчилер жана мектеп китепканачысы активдүү катышышат жана окуучулардын китеп окуусун төмөндөгүдөй тартипте байкап-баалашат:

-окуучулардын китепканага келип китеп алып окуусун эсепке алуу;

-окуучулардын «Окурмандык күндөлүктөрүн» убагында байкап, анын натыйжалуулугуна көз салып туруу;

-мектептин (класстын) адабий ийримине катышып, чыгармачылык ийгиликтерин көрсөтүүсүн баалоо;

-ар бир чейректин акырында окурмандык викториналарды өткөрүү жана алардагы окуучулардын активдүүлүгүн эсепке алуу;

- «Окурмандар клубуна» катышуусуна жана аларда өткөрүлүүчү диспуддарга активдүү катышуусун баалоо, ж.б.

**Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу:** Конкурстун жыйынтыгы окуу жылынын төртүнчү чейрегинин экинчи жумасында атайын түзүлгөн калыстар тобу аркылуу балл менен чыгарылат. Топтогон баллдарына жараша алдыңкы үч жогорку балл чогулткан окуучулар «Мектептин (класстын) мыкты окурманы» деп аталат.

**Жеңүүчүлөрдү баалоо:** конкурстун жыйынтыгында жеңүүчүлөргө мектеп жетекчилиги тарабынан жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен уюштурулган баалуу сыйлыктар ыйгарылат жана жогорку балл менен бааланган окуучулар «Мектептин (класстын) мыкты окурманы» деген сертификаттарга ээ болушат.

## МЕКТЕПТИН ОКУРМАНДАР КЛУБУ

### КЛУБДУН ЖОБОСУ

Мектепте көркөм-адабий чыгармачылыкка кызыккан, көркөм адабиятты сүйүп окуган жана адабий чыгармачылыкка жөндөмү бар окуучулардын башын коштурган Окурмандардын клубу уюштурулат.

**Клубдун максаты:** мектеп окуучуларынын көркөм адабиятка кызыгуусун өркүндөтүү, көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрү аркылуу окуучулардын рухий маданиятын түптөө жана окурмандык маданиятын калыптандыруу болуп саналат.

**Клубдун милдеттери:**

-мектеп окуучуларынын арасында көркөм адабиятты пропогандалоо менен адабиятка кызыгууларынын мониторингин жүргүзүү;

- окуучулар арасынан көркөм адабиятка кызыккандарды табуу жана алардын окурмандык кызыкчылыктарын өнүктүрүүгө кеңештерди берүү;

-адабиятка кызыккан окуучулардын адабий –эстетикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү максатында дебаттарды өткөрүү;

-окуучулардын окуган китептери, анын каармадары тууралуу ой жүгүртүүлөрүн, жеке пикирлерин айтып ой бөлүшүүлөрүн жана талкууларды уюштуруу;

-викториналарга, диспуддарга даярдыктарды көрүү, окуучулардын окурмандык маданиятын өркүндөтүүгө багыт берүү;

-адабий ийримдерге, конкурстарга катышуулардын натыйжаларын чыгаруу аркылуу чыгармачылыкка багыт берүү, ж.б.

**Клубга:**

-көркөм адабиятка кызыккан башталгыч, ортоңку жана жогорку класстардын бардык окуучулары катышышат.

**Клубдун иштөө тартиби:**

-клубдун ишин анын мектеп боюнча шайланган жетекчиси уюштурат;

-клубдун жыйыны ар бий айдын акыркы жумасында өткөрүлүп турат;

-жыйында клубдун атайын түзүлгөн иш-планына жараша маселелер талкууланат;

-жылдын акырында клубдун ишине активдүү катышкан окуучуларга атайын дипломдор тапшырылат.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЕКТЕП БАЛДАРЫНЫН УЛУТТУК “ЖОМОК МАЙРАМЫ

### ЖОБО

### 1.«Жомок майрамын»уюштуруунун зарылдыгы

СССР мезгилинен бери Кыргызстанда Балдарды коргоонун күнү катары 1-июнь майрамдалып келатат. Мындан сырткары, 2-апрель Х.К.Андерсиндин туулган күнү катары Бүткүл дүйнөлүк китеп күнү белгиленет. Бул аталган эки дата Кыргызстандын балдарынын Улуттук майрамы катары эсептелинбейт. Ошондуктан эгемендүү Республиканын балдарынын өз алдынчалуу улуттук майрамы болуусу максатка ылайык келмек.

Бүгүнкү күндө балдарыбыз рухий жардылыкка кептелип келатат. Ал жардылыктан сактап калар бир гана нерсе – китеп болуп калмакчы. Бирок, балдар үчүн эң кичинекей курагынан тарта окуй турган көркөмдүү аңгеме, жомок жана ыр китептери чыкпай калды. Чыккан күндө да, балдар китеп окуудан оолактап, көрмө фильмдерге, автомат-оюндарга кызыгышат.

Китеп сүйүүгө тарбиялоочу, ага кызыктыруучу иш-чаралар дагы бала бакчадан баштап, мектептин жогорку класстарына чейин ырааттуу өткөрүлбөй калды. Ушулардын кесепетинен балдарыбыздын көркөм ойлоосу чектелүү, тили жарды, кебинин маданияты төмөн, рухий дүйнөсү бир жактуу болуп калыптанууда.

Педагогикалык-психологиялык изилдөөлөр: жаш курагында китеп окубаган (анын ичинде, жомок окубаган) бала–кийин адамкерчиликсиз, зөөкүр, киши өлтүргүч болуп чыгарын эчак эле далилдеген. Италия элинин: «Бала кезинде окулбай калган жакшы китеп–өмүр бою укпай калган жакшы насаат кепке барабар» деген накыл сөзү бар. Биздин балдарыбыз дагы бүгүнкү күндө китептен адамгерчиликтин жакшы үлгүлөрүн ала турган кезинде албай калса, кийин бара-бара жалпы улутубуз «рухсуздук» оорусуна тушукпайт деп ким кепил болот? Ошондуктан, балдардын жыл сайын салттуу өткөрүлүүчү «Жомок майрамын» мамлекеттик деңгээлде уюштуруу максатка ылайык келмекчи.

## 2. «Жомок майрамын» салттуу өткөрүүнүн максаты

**«Жомок майрамы» өз алдына төмөндөгүдөй максаттарды коёт:**

-жаш бөбөк курагынан тартып, балдарды ата-мекендик жана дүйнөлүк жомокторду угууга жана окууга көнүктүрүү;

-жомок угууга жана окууга көнүктүрүү аркылуу көркөм адабиятты сүйүүгө тарбиялоо;

-көркөм адабият аркылуу балдардын окурмандык табитин, рухий маданиятын түптөө жана өстүрүү, жаштайынан китепкөй болууга көнүктүрүү;

-көркөм адабияттын эстетикалык баалуулуктарын жаш курагынан тарта өздөштүрүү, балдардын рухий дүйнөсүн байытуу, сөзүн өстүрүү, кебинин байлыгын көбөйтүү, сүйлөө маданиятына тарбиялоо;

-көркөм адабият аркылуу балдарды мекенчилдикке, патриоттук аң-сезимге, адеп-ахлакка жана адамгерчилик сапаттарга үндөө.

## 3. Улуттук «Жомок майрамын» салттуу өткөрүүгө кимдер катышат?

-Билим берүү министрлиги;

-Маданият министрлиги;

-Улуттук теле-радио компаниясы;

-Жазуучулар союзу;

-Балдардын куурчак театры;

-Балдар басылмалары;

-Композиторлор союзу;

-Басмалар;

-«Кыргыз фильм» киностудиясы;

-Сүрөтчүлөр союзу;

-Журналисттер союзу;

- Маданият үйлөрү;
- Китепканалар.

**4. «Жомок майрамында кандай иш-чаралар өткөрүлөт?**

-Балдар экрандары үчүн мультфильмдер, балдар үчүн кыска метраждуу фильмдер тартылат жана экрандан көрсөтүлөт;

-Басмаларда балдар үчүн көркөм-сүрөттүү аңгеме, ыр, жомоктор чыгарылат;

-Китепканаларда жазуучулар менен жолугушуу кечелери өтүп, чыгармаларынын көргөзмөлөрү уюштурулат;

-Куурчак театры жаңы спектаклдерди даярдайт;

-Мектептерде, бакчаларда жомок-сабактар, тарбиялык сааттар, диспуддар, викториналар, конференциялар, адабий кечелер, түрдүү конкурстар өтүлөт. Балдар жазуучулары менен жолугушуулар болуп, чыгармалар көркөм окулат, инценировкаланып, сценкалар коюлат;

-Маданият үйлөрүндө балдар үчүн концерттер, балдар ырларынын фестивалы өтөт;

-Балдар чыгармалары боюнча иллюстрациялардын, балдар тарткан сүрөттөрдүн конкурстары болот;

-Балдар басылмаларында балдар үчүн чыгармалар жарыяланат;

-Балдар турмушун мыкты чагылдырган акын-жазуучуларга, сүрөтчүлөргө, композиторлорго, журналисттерге республикалык сыйлыктар ыйгарылат.

5. «Жомок майрамы» – ар жылы күз-кыш айларында өткөрүлсө болот. Анткени аталган майрам «Жомок ак карлуу тоо-токойлордо жашайт» деген элдик түшүнүккө да дал келмекчи.

**6. Каржы булактары:**

– республикалык бюджеттен акча каражаты бөлүнөт;

– демөөрчүлөр тартылат.

**7.Укуктук негизи:** -адегенде, жалпы элдик демилге менен өткөрүлөт, кийин КР ЖК тарабынан «Кыргызстан балдардын улуттук жомок майрамы» деп аталып, атайын дата катары мыйзамдаштырылса болот.

**Долбоорду сунуштаган:** **Рысбаев Сулайман,**
**Педагогика илимдеринин доктору, профессор, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, балдар жазуучусу**

## МЕКТЕПТЕГИ АДАБИЯТ ИЙРИМИ

## МЕКТЕПТЕ АДАБИЙ ИЙРИМ КАНТИП ӨТКӨРҮЛӨТ?

1. Мектепте адабий ийрим, негизинен, көркөм адабиятка кызыккан окуучулардын башын коштуруу менен жүргүзүлөт. Ага жалпы мектеп боюнча адабий идиреги, чыгармачылык жөндөмү бар, негизинен, ыр, аңгеме же жомок, тамсил жазууга аракеттенген, дастандардан үзүндү айткан, көркөм окууга машыккысы келген окуучулар катышышат.

2. Адабий ийрим атайын пландуу түрдө өткөрүлөт, т.а. анын атайын планы түзүлүп, мектептин тарбиялык иштер боюнча жетекчилиги тарабынан бекитилип, адабият мугалиминин жетекчилиги менен жүрөт.
3. Адегенде, окуу жылынын башында мектеп боюнча адабиятка кызыккан жана ага шыктуу окуучулардын тизмеси такталат да, ийрим ар бир айда өз жыйынын өткөрүп турат.
4. Адабий ийримдин планын түзүүдө, адегенде, анын милдеттери такталат, т.а.:
5. - окуучуларга көркөм адабият тууралуу кеңири кошумча түшүнүк берүү;
6. -чыгарманын жанры, мазмуну, темасы, анын каарманы тууралуу окуучулардын түшүнүктөрүн тереңдетүү;
7. -чыгарманын кантип жазылышы тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү;
8. -чыгарманы кантип талдап- үйрөнүүгө машыктыруу;
9. -ыр, аңгеме, жомок, тамсил кантип жазыларын түшүндүрүү;
10. -ырды көркөм окууга жана монологдорду көркөм жатка айтуу ыкмаларына үйрөтүү;
11. -жомокторду, аңгемелерди инценировкалоого жана аларды сахнада (Мектептин драма ийриминде же Куурчак театрында ) аткарууга машыктыруу;
12. -ыр, аңгеме, жомок, тамсил жазган окуучулардын чыгармаларын талдоо, талкуулоо, чыгармачылыктарын өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү;
13. -ийримдин натыйжаларын мектептин Дубал гезитине чыгылдыруу;
14. -ийримдин катышуучуларынын чыгармаларынын мыктыларын иргеп, басма сөз беттерине жарыялоого сунуштоо же алардын атайын жыйнактарын чыгарууну уюштуруу. …ж.б.
15. Ийримдин ишинин жыйынтыктары окуу жылынын соңунда чыгарылат. Анда адабиятка шыктуулугу жана чыгармачыл жөндөмү менен айрыкча айырмаланган окуучуларга мектеп жетекчилиги тарабынан мактоо баракчалары, дипломдор жана баалуу кызыктыруучу белектер ыйгарылса болот.

## ИЙРИМДЕ БАЛДАР САХНАСЫН УЮШТУРУУ ҮЧҮН ИНЦЕНИРОВКАЛАР

## «КОШОЙ ДӨӨ МЕНЕН ЖОЛОЙ ДӨӨНҮН КҮРӨШҮ»

(«Манас» эпосунун негизинде балдар сахнасы үчүн бир көшөгөлүү төрт сүрөттүү пьеса)

**Катышуучулар:**

1. Манасчы
2. Ырамандын ырчы уулу, жарчы
3. Манас баатыр
4. Кошой дөө, баатыр
5. Каныкей
6. Төштүк, баатыр
7. Коңурбай – калмактын ханы
8. Жолой дөө – калмактын баатыры
9. Көкчө – казактын ханы
10. Мастан кемпир – Коңурбайдын сыйкырчысы
11. Эл
12. Автордун үнү

I-СҮРӨТ

**Автордун үнү:**
КыргыздынбелгилүүхандарынынбириКөкөтөйдүнашыөтүпжаткан. Манас баш болгон кыргыздар, Коңурбай баш болгон калмактар топ-топ болуп сахнадан эки жагына бөлүнүп турушат.

Кыргыздын элдик күүлөрүнүн бири чертилип турат. Жер жайнаган боз үйлөр, сандаган казандарда эт булоолоп, кемегенин түтүнү асманга созулуп оттор алоолоп жагылып жатат. Алыста Ала-Тоо, асман ачык. Көкөтөйдүн көк туусу көтөрүлөт. Жарчы жар чакырып, эл ичинде аралап жүрөт.

**Манасчынын добушу чыгат.**

**Манасчы:**

Э-ээй!
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү кылкылдап,
Ырамандын ырчы уулу,
Жар чакырды шаңкылдап,
Жаздан бери бүткүл журт,
Көчүп конгон жери ушул.
Көргөндүн көзүн кайнатып,
Көпчүлүк турат жайнашып.
Ачып көздү жайгыча,
Аны муну кылгыча,
Ырамандын ырчы уулу,
Тебетейи чоктуу кул.

**Айтаар сөзү шоктуу кул**

Атка минген мына бул
Жалпы журтка кеп айтат.
Кеп айтканда бек айтат, -ээ-ээй!

**Ырамандын ырчы уулу:**

**Э-ээй, эл журт! Уккула баарың!**

Укпай калдым дебегиле!
Мусулман, капыр эки журт,
Көпчүлүк эл кара курт,
Көкөтөйдүн ашында бүгүн,
Көк жал Манас сөзүн тут,
Кадиксиз балбан чыксын – дейт,
Каруусу келсе жыксын – дейт.
Уксун деди силерди,
Улуктар мени жиберди.
Бири да арманда калбасын – деди,
Балбандан балбан тандасын – деди,
Жердеги чулу кара ташты,
Топурактай ушатып,
Тозоң кылып кармасын – деди,
Мусулмандан, капырдан,
Эки балбан чыксын – деди,
Жыгылганы куру калсын деди,
Алты жүз жылкы, бир жүз төө,
Байгеге жыккан алсын – деди,
Аз десеңер, анан да,
Эки жүз сыйыр, беш жүз кой!
Ээй, Эл–Журт!
Укпай калды – дебегиле... Уккула...

**Автордун үнү:** Ырчы уул жар чакырып, эл аралап кетет. Эл жарды угуп, толкуй түшөт. Калмактар өзүнчө чогулуп, кыргыздар өзүнчө чогулуп балбан тандай баштайт.

**Манасчы:**

Ошондо көрдүк тамаша,
Кара калпак манжулар,
Оңбогон Жолой каапырды,
Балбан кылып шайлаптыр,

Баары аны баалаптыр,
Баары аны каалаптыр.
Тырмагына караса,
Ак жолборстун салаадай.
Муруттарын караса,
Тегирмендин барадай...
Мунарадай бою бар,
Койбойм деген ою бар.
Оозунан чыккан илеби
Орто белдин желиндей
Кабагына караса
Качырганын куткарбас,
Ачыккан көк жал бөрүдөй...
Каар менен тиктесе,
Көзүнүн оту шаркырап,
Кубанышып калмактар,
Кулак тунат чуркурап...

**Автордун үнү:** Калмак эли дуулдап, чурулдап, Жолой дөөсүн күрөшкө салмакка ортого чыгарышат. Жолой дөө – дөөлүгү турпатынан көрүнүп, ортого келет. Кыргыз эли аны карап, сестенип турушат.

**Коңурбай:** Э-эй! Буруттар, мени уккула,
Балбаның болсо чыккыла,
Карууң болсо жыккыла, кана...!

**Жолой:** Балбаның болсо, келгиниң бери,
Балбаның эгер болбосо,
Мөрөөйдү мага бергиниң... Ха-ха-хаа!

**Автордун үнү:** Калмактар ого бетер дуулдап, тууларын көккө көтөрүп, Жолой дөөнү коштоп турушат.

Кыргыздар өздөрүнчө чогулушуп, балбан тандоосун улантууда. Кошой дөө ошондо элге кайрылат.

**Кошой:** Балдарым, бириң чыккыла,
Мактантпай итти жыккыла
Ыймана жок каапыр кул,
Намысы жок айбан кул,
Калкы каалап калганга,
Кан башы менен бу доңуз
Түшкөнүн кара балбанга...

**Автордун үнү**:

Кошой дөө балбандарга кайрылат, алардын баары Жолой дөө менен кармашуудан качышат.

Казак ханы Эр Көкчөгө кайрылат.

**Кошой:** Казактан Көкчө эр элең,
Кайраты бар неме элең,
Жолой чыкты балбанга
Каапырлар турат камданып,
Балбаны жыкса кокустан,
Басырыкты салганга
Жоодон намыс алганга,
Сен кандайсың балбанга, Эр Көкчөм...

**Автордун үнү:** Көкчө баатыр Жолой дөөдөн коркуп муну айтат.

**Көкчө:** Алты батман буудай жеп,
Тойбой турган ит деген муну,
Алышканын аман-соо,
Койбой турган ит деген муну,
Жети батман буудайды,
Жесе тойбос ит деген, муну,
Жекелешкен душманын
Койбой турган ит деген... муну,
Минтип карылыкка баш койгон маалда,
Жолобоюн Жолойго,
Жолоймун - деп Жолойго
Жолукпасмын оңойго.

**Автордун үнү:** Көкчө колун жаңсап артка кетенчиктейт. Кошой андан Эр Төштүккө келет.

**Кошой:** Тогуз уулдун кенжеси элең,
Элемандын эркеси элең.
Башкы атасы Маңгулдан
Басташканын нан кылган.
Балбанга Жолой түшүптүр, Төштүк,
Байкап турган адамдар,
Жыгуудан үмүт үзүптүр,
Сен кандайсың балбанга
Жыгып намыс алганга! Төштүгүм!...

**Автордун үнү:** Кошойдун сөзүнө Төштүк чечкиндүү жооп кайтарат.

**Төштүк:**
Баралбайм – деп айта албайм,
Сөзүңдү баба, кайтарбайм.

Айрылып кетип кыргыздан,
Көкапта жүрдүм канча жыл,
Алптар менен алышып.
Дөөлөр менен салышып.
Жети жылы кармашып,
Желмогуз менен арбашып,
Көрбөгөнүм калган жок, аба.
Ошондо да,
Көптөп душман алган жок, аба,
Жүдөп калган табымда
Сапардан келген чагымда,
Жүзүңдү көрдүм арман жок, аба,
Колтоңдогон Жолойдон,
Көңүлүм айнып турбасмын, аба,
Ордуна келсин тилегиң,
Карып калган чагыңда,
Керегеңе жарасам, аба!

**Автордун үнү:** Кошой анын турпатын сындай карап, ыраазы болуп, муну айтат.

**Кошой:**

Балам, Төштүк, кеп тыңда,
Кеп тыңдасаң бек тыңда.
Тартыпсың азап көп жылда,
Жолойго түшө коём – деп,
Балам, Төштүк, кеп кылба...
Жараткан жардам бериптир,
Жаның тирүү келиптир.
Этиң калып көк жашык.
Каның калып бир кашык.
Каруун келбейт деп турам,
Калмак менен кармашып... балам...
Келчи, абаңдын кучагына!..

**Автордун үнү**: Кошой дөө менен Төштүк экөө кучакташат.

(музыка)

## (КӨШӨГӨ)

### 2-СҮРӨТ

**Автордун үнү:** Ырамандын ырчы уулу дагы эле жер чакырып жүрөт. Кошой дөө балбандан балбан тандап эл аралап жүрөт дагы эле. Мурдагы көрүнүш.

Кыргыздардан  эч ким Жолой дөө менен кармашууга чыккысы келбейт. Калмактар дуулап: «Балбаныңарды алып чыккыла болбосо, байгени бергиле» деп кыйкырып турушат. Манас баатыр ак байрагын желбиретип, жигиттер менен бөлүнүп турат.

Боз жорго минип, ак сакалын жайкалткан Кошой дөө Манас баатырга келип кайрылат:

**Кошой:** Кедердин уулу Жолой дөө,
Балбанга чыкты басып жөө, баатыр.
Беттешер пенде жок болуп.,
Балбандар качып ыктады,
Калабалуу каапырдын,
Каршысына чыкпады, баатыр,
Канкорум, өзүң, эр элең
Кайратың ашык неме элең.
Сен түшпөсөң каапырга,
Кандай пенде катылат, баатыр.
Же, карысам да карпаңдап,
Карт буурадай тарпаңдап,
Мен түшпөсөм каапырга.
Кандай адам табылат?
Кабылан Жолой баатырга, ыя?!

**Манас:** Келгениңиз эп эле,
Атканың айтар кеп эле.
Аянып турсам капырдан
Анда мени жемеле, аба,
Ат үстүндө турганда,
Ажалдан качпас эр элем,
Эзелтен жөөгө жок элем, аба,
Жыгылсам соо болбосмун,
Жыксам соо койбосмун, аба,
Карыя аба, өзүң бил,
Намыс үчүн чечинип,
Балбанга беттеп чыгармын.
Барсам итти жыгармын,
Жыгалбай калсам, найза алып,
Сайышка кантип чыгамын, аба.
Эгем мага жар болсо,
Сайыш менен балбанын
Экөөнү бирдей алармын,

Бирок,
Элинен салбай койду–деп
Эпсиз сөзгө калармын..., аба,
Олжосуна кызыгат деп,
Ушак сөздү угармын аба...
Кандай дейсиз..?

**Автордун үнү:** Кошой Манас баатырдын сөзүн угуп, капаланып буларды ойлонот:

**Кошой:**

Кара кыргыз калкынан,
Кайраты бар алпынан,
Белдүүнүн бири чыкпады, кантем,
Кайрат кылып баарына
Канчалык айтсам укпады,
Жоболоӊ салган бүт элге,
Жолой дөөнү жыкпады.., кантем.
Же,
Кара журтка ээсиӊ – деп
Карысаӊ да дөөсүӊ – деп,
Каалап өзүмдү албады,
Калабалуу Жолойго.
Каршы өзүмдү салбады... Эх!!!

**Автордун үнү:** Кошой дөө жүзүнө каары келип, боюна кайраты толуп, минген боз жоргосунун ээринин кашын кычырата муштайт. Анын ошондогу кайратып туюп, карыса да балбандыгын билип, Манас баатыр Кошой дөөгө жандай басып келип минтип кайрылат.

**Манас:** Кошой аба,
Карысаӊ да карпаӊдап,
Карт буурадай барпаӊдап,
Сен түшпөсөӊ каапырга,
Калк ичинде ынагыӊ,
Канкор Манас чунагыӊ
Мен түшпөсөм каапырга,
Жолойго киши жолойбу,
Жолобосо соо болобу, ыя, аба?!
Сөзүмдү макул көрүӊүз,
Барып өзүӊ күрөш салууга, аба,
Бап келбесе көөнүӊүз,
Башка менде арга жок,

Жоболоңдуу Жолойго
Байгесин айдап бериңиз, анда аба!...

**Автордун үнү:** Манас баатырдын бул сөзү Кошой балбанды катуу ойго салат.

**Кошой:** Карып калган чагымда,
Сакалымдын агында
Арманым арбын, дартым бар, балам,
Жыйырма беште болгондо го,
Жолой чыкса жолумдан ошондо
Башы таштан болсо да анын,
Соо кетпес эле го колумдан, балам.
Отуз беште жолукса дагы,
Ойрондотор эр элем го,
Ошол иттен коркор мен белем...
Ошол кутурган кулдан кем белем, балам.
Элүү беште жолукса дагы,
Эптебей турган эр белем, балам!

**Автордун үнү:** Айласы кеткен Кошой балбан жалпы кыргыз элине кайрылат.

**Кошой:**
Эми, сексен бешке чыкканда минтип,
Арасынан отуз жыл,
Арманда өтүп кеткенде,
Калкымдын каалап калганын кара,
Кан Манас айтып салганын кара,
Канкордун шагын сындырбайын.
Калкына уят кылдырбайын,
Төгүлбөй турган кан барбы,
Өлбөй турган жан барбы... журтум.
Карысам да тобокел дейин,
Тобокелге салайын.
Токтолбостон барайын, Жолойго!
Айтканыңа көнөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн балам...

**Автордун үнү:** Манас баатыр баш болгон кыргыз балбандары Кошой дөөгө таазим этишип, башын ийишет.

**(Музыка)**
**(Көшөгө).**
3-СҮРӨТ

**Автордун үнү:** Баягы эле көрүнүш. Эл топтолуп, балбан күрөштү күтүп турушат. Жолой дөө элинен бата алып, эли дүркүрөп коштоп, ар бир колунун булчуңун беш-ондоп балбан ушалап, тегеректеп турушат. Ырамандын ырчы уулу балбандарды тезинен чыгарууга жар чакырып өтөт.

Аңгыча Жолой кыйкырып чыгат.

**Жолой:** Балбаныңды алып чык,
Күчүң болсо чалып жык, бурут
Баатырың болсо келгиниң,
Баатырың эгер келбесе,
Байгени мага бергиниң, бурут?...

**Автордун үнү:**Калмак эли аны дуулдап коштоп турушат. Ошондо кыргыздардан намыстанган Кошой балбан күрөшкө чыга турган болот.

**Кошой:** Сөзүмдү уккун калайык – калкым,
Күрөшкө мейли, барайын,
Жоболоңдуу Жолойго
Жорукту мыктап салайын, калкым.
Ак сакал болгон чагымда
Апаңар чоркок киши эле,
Калдыраган жаргакды,
Тигип бергени ушул эле,
Арык эчки териси эле,
Атасынын көрүсү,
Ашаткыда жатыптыр,
Чыгы менен катыптыр,
Арбак урган дөө Жолой,
Ат көтөрбөс жөө Жолой, кокус,
Алладан бекем алса, кантем,
Айра тартып салса кантем,
Ак сакалдуу абаңдын
Абийири кетип калса... кантем...
А көрөкчө,
Калк ичинен мага батар,
Кандагай шым бар бекен, баатырлар...

**Автордун үнү:** Ошондо Казактын ханы Көкчө өзүнүн кандагай шымын чечип берет.

**Көкчө:**

Сенден кантип аяйын,

**Кандагай шымды кие көр, Кошой!**

Капырга мыктап тие көр, Кошой!

**Автордун үнү:** Кошой Көкчө берген шымды кие баштайт, оң бутун салса батпайт, сол бутун салса да батпайт, айласы кетет Кошойдун. Эл карап туруп селейет.

Кошой шымды ачууланып Көкчөнү көздөй ыргытат.

**Кошой**: Муну кылган катынды,
Оң бетинен тилбейби,
Тирсегинен илбейби,
Түбүнөн чачын кыркпайбы, Көкчө!
Кер байталга мингизип, туруп.
Кементайын кийгизип, туруп,
Атасынын колуна
Апарып берип салбайбы, Көкчө!
Анан,
Алы келген азамат
Жаңыртып зайып албайбы ыя, Көкчө!
О, Көкчө каным,
Жаштыгың калган жериң жок го,
Чучуктай шым киерге
Ушу күндө эбиң жок го,
Чучуктай каткан шымыңды
Берер кишиң мен белем,
Куруса да эр Кошой,
Куурай шыйрак, кем белем!

**Автордун үнү:** Муну угуп Каныкей эл ичинен суурулуп чыгып, өзү мурдатан Кошой абама берейин деп даярдап койгон кандагай шымды Манаска карматат.

**Каныкей:** Айкөлүм,
Сыр бараң атса ок өтпөс,
Үстүнө төксө чок өтпөс,
Мурдатан абам кийсе – деп,
Атайын тигип койгомун,
Табалбай жүрдүм абама,
Берер күндүн болжолун, баатыр.
Кандагай колго алар дейм,
Калдайтып бүгун киер дейм,
Балбандын көөнү ийер дейм, мага!
Бала үчүн жүрөм ынтызыр,

Айкөлүм,
Батасы, балким, тиер – дейм, баатыр

**Автордун үнү:** Манас баатыр Каныкейдин сөзүн ынтаа коюп угат да, кандагай шымды алып, кан Кошойго келет. Кошой кандагай шымды киет. Кандагай шым Кошойго чак келет. Кошой дөө ыраазы болуп, Манастан Каныкейди өзүнө чакыртат.

**Кошой:** Каныкей балам, кайдасың,
Карыган абаңдын сөзүн укчу келип...

**Автордун үнү:** Каныкей Кошойго жакын басып барып, жүгүнүп, ызаат кылат.

**Кошой: А**таганат, жараткан,
Ушу балам Каныкей,
Күйүп турган чок экен,
Мындай асыл пенде зат
Ак жоолукта жок экен.

**Автордун үнү:** Көктү карап, колун сунуп бата тилейт. Бүткүл кыргыздар кошо бата тилеп турушат.

**Кошой:**

Тилекти бер, бир алла,
Туулса мындан бир бала,
Ургаачы болбой, эр болсун,
Аюу болбой, шер болсун,
Аты Семетей эр болсун,
Алышканын алгыдай, болсун,
Күрөшкөнүн чалгыдай болсун,
Баралына келгенде,
Басташкан жоону байласын,
Баарын койбой жайласын.
Ата жолун жолдосун,
Аллам өзү колдосун,

**Омийин!**

**Автордун үнү:** Эл чурулдап бата кылат.

**(Музыка)**
**(Көшөгө)**

## 4 СҮРӨТ

**Автордун үнү:** Мурдагы эле көрүнүш. Кошой дөө элге кайрылып сүйлөп турат. Күрөшкө чындап даярданган түрү бар. Ырамандын ырчы уулу кыргыздардын күрөшкө журт абасы – Кошойдун чыга турганын

маалымдайт. Кошойго Манас, Төштүк баатырлар келишип, кайрат беришип, кармашка узатышат.

**Манас:** Карысаңда абаке сени,
Карап турат элиңиз,
Каапырга салып чоң казат
Кудай жалгап,
Калк ишине жарап бериңиз, эми.

**Төштүк:** Кан аба,
Кудайым өзү жар босун,
Жаратканым колдосун,
Оомийин,
Абаке, ишиң оң болсун!

**Автордун үнү:** Эл чуркурап бата беришет. Ошондо Кошой кармашка чыгар алдында элге минтип кайрылат.

**Кошой:** Жалпы журтум, угуп ал,
Салышып жүрүп башынан,
Күрсү тийген жерим бар эле,
Кылыч тийген шилим бар эле,
Ошондон бери
Көзүм барат чекчейип,
Белим барат бекчейип,
Аркамды баскан сары суу,
Ойлоп турсам бул кезде
Беш – алты бала келиңер
Белимди басып бериңер, балдарым.
Бекем-бекем басыңар,
Курушуп калган абаңдын
Боюн эптеп жазыңар.

**Автордун үнү:** Кошой жерге көмкөрөсүнөн жатат, он эр азамат жонуна чыгып тебелей баштайт. Аны көргөн Жолой каткырып, шылдыңдап күлөт.

**Жолой:** Кыжылдаган бурутту жакшы билбеген элем,
Мындай арсыз журтту көрбөгөн элем.
Өзүлөрү тепкилеп,
Курган чалды курутту го,
Чалынын шорун катыры го, ха-ха-ха...
Өзүлөрү тебелеп,
Мага жеткирбей эле
Өлтүргөнү жатыры, го...

Ха-ха-ха..!

**Автордун үнү:** Ага арданып кеткен Кошой дөө тура калганда, он желдет он жакка жонунан топтой ыргып түшөт. Кошой Жолой дөөгө жаалданып каршы беттеп басат.

**Кошой:** Калжактабай сөзүм ук,
Кайдасың, Жолой бери чык.
Карууң болсо мени жык
Кара жерге башым тык,
Кана эмесе, бери чык, Жолой!

**Автордун үнү:** Жолой келет, экөө тирешип кармаша баштайт. Ошондо ал кошойго кыйынсынып, аны теңсинбей сүйлөйт.

**Жолой:** Менин атым Жолойдур,
Жолойго адам жолойбу,
Жологон адам оңоорбу?
Бир башынды Кошойум.
Миң жашың болсо да койбосмун,
Ачыгып турам өзгөчө бүгүн,
Ичсем каныңа тойбосмун!
Ха-ха-ха-аа!

**Автордун үнү:** Кыргыздар «Кошой, Кошой!» деп ураан чакырат. Калмактар «Жолой, Жолой!» деп ураан чакырышат. Эки дөө кармашты башташат. Бирин-бири көккө ыргытышат. Дөөлөр топтой учуп, тебетейдей тегеренип, баладай жыгылып туруп жатышат. Эл уу-дуу болуп, кулак тунат. Дөөлөр баскан жерден бурулдап чаң чыгып, жер бетин жөө тумандай каптайт, асман тунарып, ай менен күн көрүнбөйт. Күн кеч кирип, таң атат. Күрөш дагы эле бүтпөйт.

Бир кезде Жолой жеңиле турган болот. Аны көргөн Коңурбай жаалданып кыйкырып, сыйкырчысы Мастан кемпирди чакырат.

**Коңурбай:** Ой, Мастан..! Кайдасың?!

**Мастан кемпир:** Мындамын, ханым...

**Коңурбай:** Мен сага эмне деп эскертим эле, эсиңдеби? Ишиңе киришер кезиң келди го, дейм...

**Мастан кемпир:** Ляппай, ханым...

**Автордун үнү:** Мастан таягын шалдыратып, калтырап-титиреп, жин-шайтандарын чакырат, улуп-уңшуп, көктү карап, сыйкырын баштайт.

**Мастан кемпир**:
Оо-оо-оо-оо-оо...
Жаратканың чын болсо,

Тилегимди бере көр,
Жин-шайтандар келе көр,
Күчүнө күчү кошулуп,
Кан балбаны эр Жолой
Карт Кошойду жеңе көр!...
О жараткан көк теңир,
Тилегимди бере көр,
Капкараңгы түн болсун,
Карт Кошоюу карайлап,
Кайра аптап күн болсун,
Кан кустурар үп болсун,
Карт Кошой таппай жан айла,
Көзүнө жаны көрүнсүн,
Жан тери суудай төгүлсүн...
Сүф – сүф-ф!... сүф–ф...
Жаратканың чын болсо,
Тилегимди бере көр,
Жин шайтандар, келе көр,
сүф... сүф..! сүф..!

**Автордун үнү:** Мастан кемпир ушинтип, улуп-уңшуп, жин-шайтандарын чакырып, балбандарды тегеренип жүрөт. Айткандай эле, күн бирде жарык, бирде караңгы болуп, бирде караңгы түн түшүп, бирде аптап күн болуп турат. Бирок Кошой Жолойго алдырып койбойт. Ошентсе да, ал бара-бара алы кеткенсип, алка-шалка тер кетип, а тескерисинче, Жолой күчүнө-күч кошулуп бараткансыйт. Кошой болсо оор-оор күрсүнүп, акыркы күчүн жумшап жаткансыйт.

Манасчынын добушу чыгат.

**Манасчы:** Атаңдын көрү, дүнүйө,
Мына ошондо шерденип,
Күчүң болсо карма-деп
Кошой сунду билегин,
Касиеттүү эр Кошой
Бир тартуу менен Жолойдон
Булкуп сууруп алганы
Кол терисин шыпырып,
Жолой алып калганы,
Мына ошондо эр Кошой,
Жаалданган Жолойду
Ач билектен алганы

Эки жулкуп эр Жолой
Эптеп сууруп алганы
Шыпырылып кол тери.
Кошойго кетип калганы...
Атаңдын көрү дүнүйө
Мына ошентип эки дөө
Кеч киргенче арбашты,
Анда дагы токтобой,
Таң атканча кармашты.
Так эртеси болгондо,
Күн обого толгондо
Алышып жүрүп абаңыз,
Алптыгына караңыз,
Көңүл кетип күүгүмдөн,
Көшүп кетти үргүлөп...
Айласы келбей турууга
Абакеңиз Кошойду
Апарып ташка урууга
Көөнүнө Жолой салыптыр
Көтөрүп таптак алыптыр, ээй..!

**Автордун үнү:** Жолой дөө Кошой дөөнү башынан өйдө так көтөрүп алып, ташка чапканы калат. Ошондо Манас аны көрүп, чыдабай кетип айкырыкты салат.

**Манас:** Абакем, Кошой, неттиңиз, кокуй,
Намысың колдон кеттиби,
Мастан түпкө жеттиби, кокуй!
Кантесиң Кошой көзүңдү ач,
Каманга кантип чалдырдың,
Капырга намыс алдырдык... кокуй.

**Автордун үнү:** **М**анаска кошулуп эл дагы «Кошой, Кошой» деп кыйкырат. Кошой алы келбей шалдырайт.

Төштүк Манаска жетип буларды айтат.

**Төштүк:** Кагылайын кан Манас,
Жер астында жети жыл,
Желмогуз менен арбашып,
Жеңалбай жүрүп, кармашып,
Үйрөнгөн жайым бар эле,
Ошону бир көрөйүн,
Мастандан калсам өлөйүн,

Кан Коңурдун мастаны,
Карт балбан Кошой абаны
Каптатып күндүн аптабын
Кан кустура жаздады,
Кайратын кууп таштады...

**Автордун үнү:** Анан Төштүк коюнунан жай ташын алып чыгып, аякка куйган сууга салып, көккө сыйынып, кудайга жалынат).

**Төштүк:**

Шайы оогон кан Кошой,
Эсине келип, көз ачсын,
Ачык асман түнөрсүн,
Кара жамгыр боройлоп,
Каптап мөндүр төгүлсүн.
Күн күркүрөп, күр этип,
Чагылган түшүп чарт этсин,
Кан Жолойдун көзүнө
Чагылган оту жарк этсин,
Чаңырып, огу тарс этсин...
Аны уккан Кошойдун
Көзү ачылып жарк этсин!
Сүф... сүф-ф!.. сүф...

**Автордун үнү:** Бирде кара жамгыр нөшөрлөп, бирде мөндүр төгүп, алаамат башталат. Күн күркүрөп, чагылган чарт этет, ок аткандай тарс этет. Ошондо эсине келе түшкөн Кошой көзүн ачып, бар күчүн жыйнап чыгат да, белинен бек кучактап, бутунан орой чалып, айкырып туруп Жолойду жерге так көтөрүп урат. Кошой баатыр Жолойдун башын аттап кетет.

Манас баш болгон эл келип Кошойду көтөрүп кетишет. Эл Кошойдун атын айтып, ураан чакырышат. Алып барышып, алтын такка отургузуп, башына алтын таажы кийгизишет. Жеңилип ызаа болгон Жолой менен Коңурбай чыр чыгарууга аракет кылышат.

**Жолой:**

Аякты тушай чалганың,
Бутту буп салганың,
Буурдап жыгып алганың, болбойт,
Ичимде калды арманым..,
Балбан болсоң кайра чык,
Кыйын болсоң кайра жык, Кошой!

**Автордун үнү:** Жолойго кошулуп, Коңурбай кынынан кылычын сунуп каардуу кыйкырат.

**Коңурбай:**
Башынан элге жакпаган иш,
Баатырды башынан аттаган иш–
Биздин намысыбызды кетиргениңер Манас!
Өч алабыз, өч алабыз... Нөкөрлөр, кайдасыңар?!...

**Автордун үнү:** Кыргыздар каптап келип, дүрбүгөн калмактарды четке сүрүп кирет.

**Манас:** Эсиңе келгин, Кан Коңур,
Элди ойлогун, бай болгур,
Эзелтен кыргыз элибиз.
Эрөөлгө кектеп чыкпаган,
Элди бөлүп, бузбаган.
Коногун жектеп, душман – деп,
Короодон кууп чыкпаган, Кан Коңур!
Менин оюмда жок, жоолашуу,
Эгер душман болбосоң,
Эсиңе келип, сөзгө кел,
Экөөбүз азыр жоолашсак,
Эмне дешет өзгө эл?!...
О Кан Коңур, Кан Жолой
Эсиңе кел, сөзгө кел!...

**Автордун үнү:** Коңурбай менен Жолой Манастын сөзүнө аргасыз көнүп, өз жоокерлери менен артка чегинишет да, тынчый башташат.

**Кошой:**
Толкубагыла, Журтум,
Уруш-чабыш болбосун,
Кудай ишибизди оңдосун!
Калайык журтум келгиле жакын,
Назарыңды бургула  кебине, калкым.
Кармашка сайган мөрөйдү
Калтырбай айдап келгиле,

**Автордун үнү:** Ошондо Манас  дагы калыстык кылып буларды айтат:

**Манас:** Санап туруп баарысын,
Карыптарга бергиле,
Карыяндын марттыгын,
Калайык журтум, көргүлө!

**Автордун үнү:** Эл “Кошой, Манас” деп ураан чакырышат. Манас элге кайрылат.

**Манас:** Намысты алып бериңиз, аба!

Өзүңдү эгем колдосун,
Элиңде кайгы болбосун, аба!

**Автордун үнү:** Эл дуулдап “Манас” деп ураан чакырып турушат.

Музыка

**(Аягы**

## «БАКЫТ ИЗДЕГЕН БАЛА»

**(Элдик уламыштардын негизинде)**
**Катышуучулар:**
**Жомокчу.**
**Бакыткелди.**
**Абышка-кемпир.**
**Сакчы.**
**Хан.**

**Жомокчу:** Качан экени белгисиз, кайсы бир заманда, адал мээнети менен жан баккан, ак эмгеги менен мал тапкан, карапайым өмүр кечирген бир абышка-кемпир болуптур. Алар жаш кезинде бала көрбөй, кырчын кездин кырында бактылуу болуп бала көрүп, үйүбүзгө бакыт келди деп, уулунун атын Бакыткелди коюшат. Бакыткелди башка балдардан бөлөкчө, бир сырдуу, миң кырдуу, адептүү, ыймандуу, өңдүү-түстүү болуп чоңоёт экен. Жети жашынан баштап атасына жардам берип, мал багып, ала тоолордун курбусуна чыгып, аркар-кулжалар мекендеген ажайып жерлерде өсөт.

Жайдын толуп турган мезгили эле. Күндөрдүн биринде, Бакыткелди күндүз малын таш короого жуушатып коюп, куш уйку салганы отура кетет ташка жөлөнүп. Ошо кезде кайдандыр, «кыйкуулаган» мукам үн салган, канаттарынын учунан күмүш нур тамган куудай аппапак куш көктө пайда болот да, адамча үн салат, көз ирмем аялдай калып:

"Эгерде, кимде-ким бактылуу болгусу келсе, бирөөнүн ак эмгек, адал мээнетин жебесин. Бакыт ошонун энчисине буюрулган!"

(музыка)

Сырдуу добуштан улам көзүн ачкан Бакыткелди, адамча сүйлөгөн бул Ак куштун караанын чала көрүп, апкаарыган боюнча кала берет. «Түшүмдө болдубу, же өңүмдө болдубу?» деп аң -таң калган бала сырдуу бул окуяны атасына айтып келет кечинде. «Түш көргөнсүң го» деп коет атасы беймарал.

Ошентип, чарчап келген бала бат эле уйкуга кирип, жайдын кыска түнү да бат эле таң га алмашат. Эртеси малын жайып ала тоолорун аралап, аркар-кулжалар мекендеген курбу тоолорун көздөй кетет Бакыткелди.

Кыялданып – кыялга, ойлонуп – ойго тойбогон бала мал жайып отуруп, дагы да үргүлөп кетет. Дал ошол маалда баягы сырдуу Ак куш дагы да кайдандыр кектө пайда болот да, адамча сүйлөп, үн салат закымдатып:

"Эгерде, кимде-ким бактылуу болгусу келсе, мусаапырды мусаапыр дебей, жардам-жакшылыгынды аяба; чыныгы жакшылык милдет кылынбай жасалат. Бакыт ошонун энчисине буюрулган!"

Сырдуу бул добуш басылары менен умачтай көзүн ачкан Бакыткелди, кечээ коргон күмүштөй жаркыраган Ак кушту даана көрөт. Анан ал куш көздөн кайым болгон тарапты элейе караган бойдон калат.

(музыка)

Болгон ишти бала дагы да атасына айтат. Атасы ишенейин деп бир ойлойт, ишенбейин деп миң ойлонот: «Бактылуу болор адамга бакыттын сырдуу кушу өмүрүндө үч ирет жолугат» деген осуят сөзү эсине түшөт.

Ошондо атасы уулун жанына чакырат да, мындай дейт оор улутунуп:

**Абышка:** Балам, сага жолуктурган сырдуу Ак кушту Теңирим бекер жибербептир. Сага ал эки ирет жолукту, эми үчүнчү ирет качан жолуктурарын Теңирим өзү билет. Сен бактынды "качан келет" деп күтүп отурбай, издеп жолго чык. Кантейин, боконо сөөгүң ката элек, жашсың. Теңирим өзү жар болсун, оомийин!..

(музыка)

**Жомокчу:** Бакыткелди алты айга жетер күлазык алат да, жаңы асыйга келген Керкашка атына камчы салып, жолго чыгат. Күнү-түнү уктабай жол арбытат. Тоо-талааларды өтүп далай элдерге кездешет, далай сууларды кечет. Күз өтүп, кыш келет. Кыш өтүп, жаз келет. Жаз жайга алмашат.

Арадан жети жыл өтөт. Астындагы аты жети асыйга толуптур да, өзү эржигит курагына келет.

Кайрадан күз келип, бир сары өзөнгө туш келет. Атын сугарайын деп, тизгин тартат. Булкунган Керкашканын тизгинин кере кармаган жигит ат менен кошо эңкейет. Ачкадан тунарган жигиттин көзү суунун чекесинде калкып турган тоголок кызыл нерсеге урунат. Байкаса, алма экен. Атынан түшө калып алманы алат да, качантан бери оозуна наар албаган неме алмадан бир тиштеп жибергенин билбей калат.

Бактысын бирөө ак эмгеги менен өстүргөн алмадан сураксыз бир тиштеп алганына өкүнүп, өз ыйманы өзүн кечирбей, аны ким өстүрсө ошондон бүгүлүп кечирим сурап, өмүр бою кызматын кылып берүүгө дилинде даяр болуп, өзөн бойлоп өрдөп жолго түшөт.

(музыка)

**Жомокчу:** Бакыткелди бир канча жол басып, бир шаарга туш болот.

Шаардын сакчылары жигиттин алдынан тосот.

**Сакчы:** Сен кайдан келаткан немесиң?– дейт сакчы, учурашкан соң.

**Бакыткелди:** Мен алыстан-алыстан келаткан жолоочумун. Өзөндүн аягынан бир алма таап алгама Ачкалыктан сураксыз бир тиштеп алып, теңир алдында чоң күнөөгө баттым. Ошол алманы ким өстүргөн болсо, ошол адамдан бүгүлүп кечирим сурайын –деп издеп таппай келатам.

**Сакчы:** – Тамашаң ды коюп, каякка, кимге, эмнеге баратасың, ошону айтчы! Же алыстан келатып, шайтан даарып, жинди болуп калган немесиңби? Эй жигиттер! Ханыбызга алып барып, тамашага баталы!

**Жомокчу:** Ошентишип, эриккен сакчылар жигитти ханга алып барышат.

Ханга Бакыткелди болгонун болгондой айтып берет. А дегенде, ал дагы сакчылары менен кошо күлүп, анан шылдың кылып жатабы деп, чала-була жазалап, акыры бул бала бекер айтып жаткан жок, мында бир сыр бар — деп ойлойт да:

**Хан:** Макул, бирок ал айыбың анчалык бүгүлүп кечирим сурап, өмүр бою кызматын кылып берер нерсе эмес. Өзүң, адал пейил, ак ниет, пейилинди Теңирим өзү нээтиңе салган, ырыскыңды мол жаратып, насибиңди кен, кылган, бешенеңе күн тууган, ийиниңе ай тууган, бактылуу болор жан экенсиң. Ошондой болсо да, менин айтарым мындай. Сен сураксыз жеген алманын ээси–мына менмин. Алмамды сураксыз жеген айыбың үчүн өмүр бою менин алма багымды багып кызмат кыласың ! Бул - биринчи жаза, а экинчиси кийин берилет. Түшүнүктүүбү?

(музыка

**Жомокчу**: Ошентип, Бакыткелди хандын алма багында кызмат кылып, сугарып, багып, күн кечирип кала берет.

Хан Бакыткелдини сыноого салат: ач кылып, ток кылып, пейилин сынайт; оор-жеңил иш буюруп, күчүн сынайт; коркутуп-үркүтүп, эркин сынайт. Бакыткелди баарына чыдайт, бардык сыноодон өтөт. Бала хандын купулуна толот. Арадан куштай учуп дагы үч жыл өтөт, бала он жети жашка келет. Ошондо хан Бакыткелдини өзүнө чакырат да, мындай дейт экен:

**Хан:** Сен баягы менин алмамды сураксыз жеген айыбың үчүн экинчи жазаңды тартар кезиң келди. Угуп тур, сен өз күнөөңдү жууш үчүн менин айтканымды аткарасың ...

**Бакыткелди:** Куп болот.

**Хан:** Менин эки көзү сокур, эки кулагы дүлөй, эки буту баспаган, тили сүйлөбөс дудук кызым бар. Ошону аялдыкка аласың. Ошондо сен Теңир алдында айыбындан арыласың ...

**Жомокчу:** Хандын бул сөзүн угуп, Бакыткелди эси ооп эмне дээрин билбей туруп калат. «Баш тартайын» дейт хандын бул талабынан. Бирок, баягы сырдуу Ак куштун айткан экинчи сөзү эсине келет да: «Болуптур, Теңирим башыма салганды көрөйүн, сокур, дүлөй, дудук, шал болсо бир мусапыр экен го, мен деле мусапыр эмей, киммин. Мен андан жакшылык-жардамымды аянбайын»–деп ойлойт.

**Бакыткелди:** Куп болот, ханым, кызыңызды көзү сокур, кулагы дүлөй, колу-буту мунжу, тили дудук дебейин, Теңирим буйруса тең им кылып, милдет кылбай бактыма жазганын көрөйүн.

(музыка)

**Жомокчу:** Күндөрдүн бирinde хан өзүнө чакырып, Бакыткелдиге каардуу унчукту.

**Хан:** Баягы сөзүңдөн кайткан жоксуңбу? Тагдырыңа таарынчың жокпу? Бул — акыркы суроом.

**Бакыткелди:** Жок, тагдырымдын буюрганына башымды байладым...

**Хан:** Анда эмесе, үлпөт үйүнө бул «селсаякты» алып баргыла.

**Жомокчу:** Жигиттер Бакыткелдини делдеңдете жетелеп, үйлөнүү үлпүт үйүнө алып келишет. Ал жерде хандын өзү, жан-жөкөрлөрү, «мыкты», «жакшы» деген адамдардын баары толуп турган экен.

Адилет ханыбыздын аруу кызы –Нуркыз келатат! Нуркыз келатат!-деп жарыя кылат жарчы. Карасы, ай десе аркы жок, күн десе көркү жок бир сулуу кыз нөөкөр кыздарынын коштоосунда келаткан экен. Аны көрүп, кыздын сулуулугунан эси ооп жыгылат.

(музыка)

**Жомокчу:** Бир канча убакыттан соң ачып, Бакыткелди акылына келет. Ошондо хан Бакыткелдиге мындай дейт:

**Хан:** Мына баягы мен сага айткан кызым. Эмне үчүн мен кызымды «көзү көрбөйт» дедим, анткени, жаман, кереги жок нерсеге кызым көңүл бөлүп карабайт дегеним; кызым «тили жок, дудук» дегеним - оозунан жаман сөз, суук кеп чыкпайт, кери сүйлөп, жаман айтпайт дегеним; «буту баспайт, кулагы укпайт» дегеним - тетири нерсеге баспайт, ушак сөздү, каңырыш кепти тың шабайт дегеним. Эми, ушу Теңир берген ырыскыңарды көтөрө билгиле, тутуп алгыла. Оомийин!

**Жомокчу:** Ошентип, хан Бакыткелди менен Нуркызына ак батасын берип, никесин кыйып, алты жүз төөгө алтын-күмүш сеп артып, салтанат менен узаткан экен.

Бакыткелди эли-журтуна, ата-энесине келип, жары менен бактылуу далай жылдарды кечирип, узак жашаптыр. Адилет, элим-жерим деп жашаган, бей-бечарага кайрымдуу бул жигитти эли хан көтөрүшөт. Ал эч кимдин ак эмгегин жебей, мусапырларга жардам-жакшылыгын аябай, адилет, кайрымдуу хан болуп, Теңир берген ырыскысын көтөрө билип, тээп албай, төгүп албай, бактылуу бузак өмүр кечирген экен.

(музыка)

Аягы

# ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮК

## МЕКТЕПТИН «КУУРЧАК ТЕАТРЫ»

### Куурчак театрын уюштуруу боюнча сунуштар

Мектепте чыгармачыл мугалимдин жетекчилиги жана  актердук шыгы, көркөм , сезимдүү окууга жөндөмдүү окуучулардын көмөгү аркасында Куурчак театры уюштурулса болот.

Театрды уюштурууда, адегенде, райондун, областтын жана Республиканын Куурчак театрынын тажрыйбасы менен таанышып, уюштуруу иштерин чечип алуу керек.

Мында эмнелерге көңүл буру керек? Мисалы:

-актердык шыгы бар, көркөм, сезимдүү окуп жана сүйлөй алган окуучуларды тандоо;

-куурчак сахнасына ылайык жомокторду инцанировкалоо же даяр сценарийлерди табу;

-сценарийди ийримде талдап окуп чыгуу, үйрөнүү, каармандарды аткаруучу окуучуларга бөлүштүрүү (алгачкы убакта каарманда аз сценарийлерди тандаган оң);

-мектептин залы жана анын сахна болууга ылайык бөлүгү, актерлор үчүн чакан бөлмө керек;

-декорацияларды мектептин сүрөтчү мугалими жана окуучуларынын, ал эми музыкалык коштоону музыкант мугалиминин жардамы аркасында даярдоо;

-каармандарынын муляждарын даярдоодо адегенде түрдүү куурчактарды таап, мектептин кол эмгек мугалиминин жардамы менен аларды кейипкерлерге жараша жасалгалап алуу;

-декорацияларды өйдө-ылдый жылдыруучу механизмди (адегенде кол менен, же мүмкүн болсо электрдик жол менен жылдыруучу ыкманы орнотуп алса болот), ж.б.

Ийримдин иши жума сайын өткөрүлөт жана каармандардын кебин, кыраааты жана жесттери менен сүйлөөгө машыктыруу иштери такай аткарылат. Качан даярдык жетилгенде, мектептеги даталуу майрам күндөрүндө оюн сахнага алынып чыгат.

Төмөндө мектеп окуучуларынын күчү менен уюштурулуучу Куурчак театры үчүн бир инценировканы сунуштайлы.

## КУУРЧАК ТЕАТРЫН УЮШТУРУУ ҮЧҮН ИНЦЕНИРОВКАЛАР

Сулайман Рысбаев

### Пейилдин бузулушу

(жомок)

**Катышуучулар:**

**Жомокчу**

**Абышка.**

**Кемпир.**

**Арча**

**Жомокчу:** Кичинекей кыштакта бир абышка-кемпир жашачу. Абышка дайым отун алып сатып, акча тапчу. Андан башка кылар иши жок эле. Кемпири болсо, абышкасы таап келген бираз акчаны алып барып базарга барчу да, күнүгө жей турган нан, май, кант, чай ала турган. Ошону менен алар күн көрүшчү.

Абышканын күндө алган отуну ошого жетчү. Көп кылып отун алганга кудурети да жетчү эмес.

Ошентип жүргөн кыштын бир күнүндө анын отун аларга алы келбей калды. Бул кемпири экөөнүн күнүнүн бүткөнү сыяктанды. Бирок, айласы куруган абышка бар кайратын жыйнап, балтасын алып, жибин курчанып, отунга жөнөй турган болду.

**Абышка:** Балтам мокоп калыптыр, байбиче. Отунга өтө турган эмес...Колуңдан келишинче курчутуп бер. Мен токойго барайын да, эптеп отун алып келейин.

**Жомокчу:** Кемпири балтасын эптеп-септеп курчутумуш болуп берип, белине байлады да, отунга узатты абышкасын.

Абышка токойго келип, майда отун таппады. Таппады да бир арчага келди.

**Абышка:** Токойдо майда отун да калбады. Ушуну кыйсам жазга чейин отун болор...

**Жомокчу:** –деп ойлоду да, абышка балтасын бар күчү менен арчага чаба турган болду. Ошондо баягы арчага адамча тил бүтүп, мээримдүү сүйлөдү.

**Арча:** О, ак ниет абышка, сен мени кыйба...

**Жомокчу:** Абышка арчага таң кала карап, жерге отурду. Алсыз дем алып, чекесинин терин сүрттү.

**Абышка:** О арча! Сени кыйбасам, күндүн суугунда кемпирим экөөбүз кантебиз. Үйдө жээрге бир сындырым наныбыз калбады... Отун сатып жан баккан бир бечарамын да...

**Арча:** Мен сенин абалыңды түшүнөм, ак ниет абышка. Андан көрөкчө, менин бутагымды карачы. Бутагымда кичинекей баштык илинип турат. Колуңа алсаң, ичинде алтын тыйындар бар. Алгын да, ыраазы болуп, үйүңө жөнө...

**Жомокчу:** Абышка элеңдеп өйдө турду. Ырас эле, өзүнө карай ийилген бутакта кичинекей бир баштык илинип туруптур. Алып, ичин караса, алтын тыйындар!

Абышка арчага үч ийилип таазим этти да, алтын тыйындарды алып коюнуна ката койду. Бирөө көрө коюп, тартып ала тургандай, коркуп кетти. Анан мындай деди:

**Абышка:** О касиеттүү ыйык арча! Менин абалымды түшүнүп, мендей бир бечерага жардам бергениңе миң ыракмат. Мен бул жакшылыгыңды өмүрүм өткөчө эч качан унутпаймын! Мен бул акчаңды кемпириме алпарып, жегенге нан, кийгенге кийим алып, эл катары оокат кылалы.

(музыка)

**Жомокчу:** Абышка арча берген акчаны алып, үйүнө барат. Болгон окуяны кемпирине айтты эле, кемпири тыйындарды көрүп сүйүнүп, базарга барып, экөөлөп оокат алып келишти. Кыштын аяздуу шамалы шыкаалаган үйүнүн тешиктерин бүтөшүп, жылуу кийимдерди сатып алышты, жазга жетерлик оокатты кенен камдап алышты. Эми буларга мындан башка эч нерсенин кереги жок эле.

Бир кызык жери: баягы арча берген алтын тыйындардын касиети бар белем, тыйындар азаймак түгүл, күн сайын кайтадан көбөйүп жатты. Жазга чейин эмес, бир канча жыл бою, керек болсо өмүрлөрү өткөнчө да түгөнөр эмес.

Ошентсе да, жылуу үйдө, бардар оокатка туйтуна түшкөн абышка, бир күнү кемпирине мындай деди:

**Абышка:** Кемпирим, сен бүгүн балтаны мурдагыдан да мыктылап курчут. Мен баягы арчага барайын да, мындан да көп алтын акчаларынан алып келейин... Тиги Тентимиш байдан кембизби? Биз дагы бай болуп, карыганда малай жумшап оокат кылалы да. Кандай дейсиң ? Же бул оюм жаманбы?

**Кемпир:** Туура айтасың, абышка. Балтаңды апкел. Мен аны баягыдан да мыктылап курчутуп берейин. Арча курч балтаңды көргөндө, сага мурдагыдан да көп алтын акчаларын бере турган болсун.

**Абышка:** Ошент, кемпирим.

**Жомокчу:** Көрсө, дүнүйөнү ойлогондо, адамдын пейили бат эле бузулат тура! Кемпири чалынын айтканына сүйүнүп, балтасын мыктылап курчутту да, белине байлап берип, отунга узатты. Бүгүн ал эптеп алып келер бир байлам отун эмес, бир кап алтын акчанын келишин күтүп кала берди.

Абышка токойго келип, баягы арчаны тапты. Жанына келди да, бүгүн мындан көп алтын алууну ниет кылып, колтугун кере көтөрүп, балтаны арчага чаба турган болду.

**Арча:** Абышка, мени кыйбагын…

**Абышка:** Кыйбаганда кантем. Үйдө отунум жок. Бир сындырым нан калбады... Кемпирим экөөбүз эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жатабыз. Кыш катуу. Үйүм суук...

**Жомокчу:** -деди абышка, калп эле күрс-күрс жөтөлүп.

**Арча:** Жалган! Баягыда бечера кейпиңде келгениңде сени чындап эле аяган элем. Сен анда ак ниет жакшы адам элең. Азыр сен ак нээтиң менен эмес, көп акча алууну эңсеп, ач көз нааданга айланып, пейлиң бузулуп келдиң. Эми сага эч нерсе бере албайм... Кеткин бул жерден!

**Абышка:** Жок! Азыр мен сени түбүңдөн кыямын. Болбосо, сен мага баягыдан да көп алтын акчаларыңды бересиң! Уктуңбу?!

**Жомокчу:** Абышка «Чаппагын!» деген арчанын сөзүнө көнбөй, курч балтасын өйдө көтөрдү... Ошондо арчанын баягы бутагы чалдын мойнуна ороло түштү. Бутак чалдын мойнуна бекем оролуп муунта баштады. Бутак оролгондон ороло берди... Абышка турган ордунда муунуп өлүп баратты. Муунгандан мууна берди, көздөрү чанагынан чыгып кетти... Анан ал ташка айланды. Арчанын бутагы ташты чырмап кала берди...

Арчанын бутагы оролгон ошол таш бүгүн да турат дейт…

Көрдүңөрбү, балдар. Байлыкка азгырылып, ак ниет арчанын айтканына көнбөгөн ач көз абышка ошентип, токойдо эч ким көрбөй, өлүп тынган экен.

Музыка.

(Аягы)

Куурчак театрынын мындай иш-аракеттерин өркүндөтүүгө мектептин ата-энелер комитетинин да көмөгү абдан керек. Ата-энелер балдарынын ийримдеги жетишкен ийгиликтерин, чыгармачыл аракеттерин колдоп, театрдын ишин өркүндөтүүгө жардамдашса, жабдууларын жыкшыртууга спонсордук кылса максатка ылайык келет.

Жылдын жыйынтыгын чыгарууда мектеп жетекчилиги тарабынан Куурчак театрынын ишине активдүү катышкан окуучуларга мактоо баракчалары, дипломдор жана кызыктыруучу баалуу белектер ыйгарылса болот.

## МАНАС БААТЫРДЫН ТӨРӨЛҮШҮ

(Мультфильм үчүн сценарий)

**1-кадр:**

«Манасчынын» үнү чыгып турат.

Боз үйдүн ичи. Бай Жакып уктап жатат. Эшик ачып, Чыйырды кирет. Жакып ойгонот.

«Манасчынын» үнү басылат.

Жакып байбичесин жанына чакырып, буларды айтат Байбичеси Жакыпетын жанына отурат.

**Жакып:** Байбиче, Кудай биздин ишибизди оңдойт бейм. Мен уктап жатып түш көрдүм.Түшүмдө бир керемет иш көрдүм.

**Чыйырды:** (Чыйырды Жакыпты карап, тыңшап калат) Болсун, байым, болсун,! Айтчы, угайын.

**Жакып:** (ойлуу) Түшүмдө көктөн шаңшыган үн угулат экен. Бул эмне деп караганча колума ак шумкар келип конот. Ак шумкар шаңшыганда үнү бүткүл ааламга угулат. Анан көктүн жарымын ээлеп, оозунан от чачкан укмуштуудай ажыдаар алдыма келет. Мен аны минип, кушту колума кондуруп алып, аалам кыдырып учат экенмин. Мен кайда барсам, баары мага таазим этип, баары мага багынып берет экен…

**Чыйырды:** (Чыйырды сүйүнүп, колун көккө сунуп, бата тилеп, жашыйт) Оо, байым! Түшүң түш болбой, туш келсин! Кудайым биздин зарыбызды уккан бейм! Оо, Кудайым, карыганда биздин тилегибизди бере гөр…

**Жакып:** (Жакып байбичесинин далысынан таптап, сооротот) Байбиче, кой жашыба. Андан көрө, жүрү, Акбалтага баралы. Акылман карыяларды чакырып, бул кереметтүү түшүмдү жоруталы…

Экөө ээрчишип, эшикке жөнөшөт.

**2-кадр:**

Жай мезгили. Кенен жайлоо. Катар тизилген ак өргөөлөр. Жакып айылдын карыяларын чакырып, түлөө өткөргөн. Түлөөгө келген карыялар уй мүйүз тарта олтурушат. Жакып менен Чыйырды элден бата тилеп турушат.Бардык карыялар бата берип жатышат.

**3-кадр:**

Күз мезгили. Кыргыз көчү узак жолдо чубап баратат.

**4-кадр:**

Кыш мезгили. Аппак кар. Боз үйлөр. Адырда мал.

**5-кадр:**

Жаз мезгили. Кенен жайлоо. Бай Жакыптын ак өргөөсү. Көктөн торгойдун сайраганы угулуп турат.

Боз үйдөн жаңы төрөлгөн баланын «ыңаалаган» үнү угулат. Ошол кезде үйдөн Зулайка чыгат.

**Зулайка:** (Зулайка ары-бери карап, бирөөнүн издеп жаткансыйт. Колун көзүнө алып, ары-бери карайт. Анан кыйкырып, Акбалтаны чаыкрат) О, Акбалта! Акбалта-а, кайдасың?

Акбалта шашып келет.Акбалта сүйлөгөнчө, Зулайка сүйүнчү айтат.

**Зулайка:** Акбалта, тууганга болсун сүйүнчү, душманга болсун күйүнчү!

**Акбалта:** Болсун, болсун, айт, байбиче!

**Зулайка:** Кудай зарлаган туягыбызды  берди бейм. Чыйырды эркек уул төрөдү. Баланын балбан болор түрү бар, баатыр болор сүрү бар. Колуна кара кочкул кан уучтай түштү…

Баланын «ыңаалаган» үнү кайрадан угулат.

**Акбалта:** (сүйүнүп, карбаластайт).Болсун, байбиче, болсун! Оозуңа май!  Баланын андай болгону-тилекти кудай бергени, байбиче!

**Зулайка:** (Акбалтаны шаштырат) Баатырым, бай Жакып кайда кетти деп, баары жүрөт табалбай. Сен дагы барып байды таап,  сүйүнчү айт эртелеп.Тогуздап берген малынан  ал. Кокучтап берген алтын-күмүшүнөн ал.

**Акбалта:** А-а, байбиче! Атка мине албай өчөйүп зорго турдум эле… Мейли, барайын, барайын. Балалуу болдуң дегенде,  жүрөгү кабынан чыгып сүйүнөр, байым!

Акбалта байлануу турган атына көздөй жөнөйт.

Баланын «ыңаалаган» үнү  угулуп турат.

**6-кадр:**

Жайлоо. Жайылган жылкылар. Жылкылардын жанында Жакып отурат. Ал жерде бир кара жалдуу кула бээ жаны эле тууган экен. Кулун жерде жатат. Жакып   жаңы туулган ак сур кулундун  жал-куйругун сылап отурат. Жанында кара жалдуу кула бээ.

**Жакып:** (Жакып ойлуу, жаны туулган кулунду карап өзүнчө сүйлөйт). Жер жайнаган мал күттүм, бир балача болгон жок. Эки зайып алдым, элүү жашка келгенче, баланын үнүн укпадым. О аксарыбашылым! Байбичем аман-эсен көз жарса, кайыптан туулган ушул ак сур  кулунду балама энчилейин. Оо, кудайым, тилегимди берегөр!

(Ошол учурда Акбалтанын үнү угулат.

**Акбалтанын үнү:** Оо-оооо!, Жакы-ы-ып, кайдасы-ы-ы-ң?!

Жакып үндү угуп, элеңдеп эки жагын каранат.

**Жакып:** Оо, кудайым, тилегимди берегөр. Акжолтоюм Акбалтам  го?!, Сүйүнчү айтып келаткан бейм! Жакшылык кеп айтагөр.

**7-кадр:**

Акбалта Көкчолок атын минип келип калат. Келатып эле кыйкырып сүйүнчү айтат.

**Акбалта:** Оо, арстаным Жакып сүйүнчү! Иши оңолордун түшү оңолот дегендей, түшүң түш болбой, туш келди! Карыганда байбичең- кабылан тапты! Балаңдын балбан болор түрү бар, баатыр болор сүрү бар, колуна кара кочкуч кан уучтай түштү!

**Жакып:** (Жакып сүйүнүп, карбаластайт) Болсун, болсун, ак жолтоюм, Акбалтам! Сүйүнчүңө Камбарбоздун үйүрүнөн тандап туруп тогузду ал. Анан да мына бул баштык толо зар алтын. Аны да ал, Акбалтам!

(Жакып жайытта жайылган жылкыларды көргөзөт)

**Акбалта**: (Акбалта Жакыпка келет. Экөө кучакташып көрүшөт.) Баланын туулганына эмес, турарына сүйүн -деген! Балаң калктын камын жеген, элдин зарын уккан, канатына калкалап, багып алар уул болсун! Кара жанын эмес, калктын камын ойлогон, мал багар эмес, эл багар эр болсун! Оомийин!

**Жакып:** (Жакып Акбалтага жерде жаткан, жаңы туулган кулунду көргөзөт да, мындай дейт.) Мына бул кара жалдуу кула бээнин кулунун балама энчилейин. Уулум байбичемдин этегине түшкөндө, бул кулун жерге түштү. Кайыптан бүткөн бул кулун балама канат болор аргымак болсун-деп тилеп отурам.

Кулун турат да, так секирип ойноп, энесин эмет.

Акбалта менен Жакып кулунду карап, сүйүнүп турушат.

**8-кадр:**

Кенен жайлоо. Бай Жакыптын ак өргөөсү. Көктөн торгойдун сайраганы угулуп турат.

Уй мүйүз тарта отурган эл.

Жакып менен байбичеси экөө элден бата алып, баласына ат койдурайын деп, карыяларды чакырган.

Жакып менен Чыйырды элди карап турашат. Жакыптын колунда - бала.

**Жакып:** О, эл-журт! Мен силерди чакырганым- ушул балама ат коюп бергиле. Атын эл койсун дегеним- уулум элдин уулу болсун дегеним!

Эл ойлуу. Эч ким унчукпай турушат. Бир аз убакыт өтөт. Торгой сайрап турат.

Ошол маалда бир дубана пайда болот.Дубана элдин жанына келет. Эл дубунаны карап калышат.

Дубанынын колунда таягы бар. Алыстан келаткандай түрү бар.

**Дубана:** (Элди бир карап, анан Жакыпка кайрылат) Бай Жакып, макул десең, балаңдын атын мен коюп берейин. Берчи мага балаңды.

Жакып баланы дубанага берет. Дубана баланы колуна алып, көзүн жумуп, унчукпай  кыйлага турат. Эл аны таң калып карап турушат.

**Дубана**: (Толкундануу менен буларды айтат):

Пайгамбардын келбети-
Баш жагына «мем» келсин.
Олуянын келбети-
Ортосуна «нун» келсин.
Арыстандын боруму-
Аягына «сен» келсин.
Үчөө-бирине бири тең келсин.
Ал үчөөнү кошкондо-
Аты болсун- «Манас»!
Заты да болсун Манас!
Ооомийин!

Эл жалпы «Оомийин!» деп бата кылат.

Дубана баланы Жакыпка карматат.

Жакып баланы колуна алып, сүйүнүп, баларды айтат.

**Жакып:** Дубанам, сени кудай жалгасын! Сенин койгон атыңды эл макул көрдү. Анда эмесе, баламдын аты Манас болсун! Ыракмат, дубанам!

Дубана ошол маалда  көздөн кайым жок болот. Жакып да, эл да эки жакты карашып, дубананы таппай калышат.

Жакып: Оо, эл-журт! Касиеттүү дубана балама ат койду. Баламдын аты Манас болсун! Баламдын аты Манас болсун! Манас болсун!

Эл:  "Манас, Манас, Манас!» деп кайталап айтышат.

«Манасчынын» үнү чыгат.

(соңу)

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# БЕШИНЧИ  БӨЛҮК

# КЕНЖЕ БАЛДАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУСУ ҮЧҮН ЧЫГАРМАЛАР

## КЕЛГИЛЕ, ЖОМОК ОКУЙЛУ

### Карышкыр менен козу

Карышкыр суунун жогору жагында суу ичип жаткан. Бир кичинекей козу эч нерсени байкабай келип, карышкырдан ылдыйраак жерден суу ичип калды. Карышкыр козуну көргөн соң, аны жеш үчүн бир шылтоо издеп, козуга кыйкыра сүйлөдү: «Эй, сен мен иче турган сууну эмне үчүн ылайлап жатасың?»

– Каке, мен сенин иче турган сууңдун бир четин да булгаган жокмун. Сен жогору жагында турбайсыңбы, – деди козу.

Карышкыр дагы бир шылтоо таап мындай деди:

– Сен былтыр менин атамды сөккөнүңдү билесиңби?

– Былтыр мен туула элек болсом, кандайча сиздин атаңызды сөкмөк элем, – деди козу.

Карышкыр ага чыдай албай: «Так ушинтип мага каршы сүйлөгөнүң үчүн» – деп козуну баса калып жеп койду.

### Койчу түспөл карышкыр

Карышкыр: «Койчу кейпин кийсем, эч ким шек санабай, козу-корпону эркимче коколойм го» – деген ойдо узун этек чапан, тебетей кийип, колуна аса таяк менен  ышкырык алды. Чамасы келсе, маңдайына: «Ушул короонун койчусумун» – деп жазып да алмак. Таякка жөлөнүп, аста-секин жайытка жакындады. Накта койчу көк шиберде коңурук тартып, ити да уйкуда, кой жуушап жатат.

Кашабаң чукулдай келип, койлорду бооруна тартмакка жагымдуу кеп айтмакчы болуп, улуп коё берсе болобу?! Анын улуганынан бүт токой дүңгүрөп койчу, тайган, мал түгөл дүрбөштү. Шордуу карышкыр качайын десе чапанга чалынып, көпкө узай албады. Койчунун колуна түштү.

## Каркыра менен түлкүнүн достугу

Каркыра менен түлкү дос болушту. Экөө бирине-бири жанаша конушту. Каркыра жумурткасын басып, балапан чыгаргандан кийин түлкүгө келип:

– Түлкү дос, мен жем таап келейин, балапандарыма көз сала тургун, – деди.

– Каркыра досум, эч нерседен кам санаба, бара бергин, – деп түлкү ошол замат макул болду. Каркыра кеткенден кийин түлкү анын бир баласын жеп, каркыра келе турган жолуна ыйлап отуруп алды. Бир убакта каркыра келди:

– Түлкү дос, эмне ыйлап олтурасың? – деп сураса, түлкү ого бетер өңгүрөп ыйлап:

–Ыйлабаганда кантем!... Кудай дешкен дос элек, көз кашайып көрбөй калыпмын, карасам – узун моюн балаңдын бири жок, – деп ыйлап да, сүйлөп да жатты.

Каркыра түлкүдөн шектенип, калган балдарын алып, бөлөк жерге көчүп кетиптир.

## Тапкыр таранчы

Бир таранчы жашаптыр. Ал бутакка конуп отуруп алып минтет:

– Терметчи мени!

– Терметким келбейт.

– Анда эчкиме арызданам, ал сени жесин.

– Эй, эчки! Мына бу бутакты жеп салчы!

– Эмнеге?

– Мени терметпейм деп жатат.

– Жегим келбейт.

– Анда мен карышкырга жөнөдүм. Сени карышкыр жеп салсын!

– Карышкыр, карышкыр, эчкини жеп койчу.

– Эмнеге?

– Бутакты жебейм деп жатат.

– Бутак эмне кылды эле?

– Ал мени терметпей койду.

– Эчкини жебейм!

– Жебесең адамга арызданам, ал сени союл менен жыга чапсын!

– Эй, адам, карышкырды жыга чапчы.

– Ал эмне кылды?

– Эчкини жебейм деп жатат.

– Эчки эмне кылды эле?
– Ал бутакты жебейм дейт.

Адам карышкырга союл ала чуркады, карышкыр эчкини качырды, эчки бутакка асылды, бутак конуп турган таранчыны терметип кирди:

-Укта,укта, уктай гой!
Арызыңды тыштай гой!

**Көрө элек сый**

Кедей менен падыша кошуна жашаптыр. Бир күнү кедей да, хан да эркек балалуу болуптур.

– Ынтымак бар жерде ырыс бар дейт эмеспи кедейим! Кошуна болуп көп жыл жакшы турдук, эми минтип, экөөбүз тең эркек балалуу болдук. Эми балдарды достоштуруп коёлу! - дейт хан. Кедей сүйүнүп, макул болот. Хан кедейди үйүнө чакырып, төө соёт. Кедей ханга минтип, ыраазылык билдирет:

– Ырахмат, ханым! Мен өмүрүмдө мындай сый көргөн эмесмин! Анда хан:

– Эч нерсе эмес, кедейим! Сен да мага өмүрүмдө көрө элек сый көрсөтүп, коноктоп кой!-дейт. Колунда жок, кедейдин айласы кетет.

– Ханды коноктош оңой иш эмес, эми эмне кылабыз кемпирим? - деп кемпиринен кеңеш сурайт. Кемпири унчукпай жер карайт. Аңгыча хан чакыртпай эле келип калат. Кедей бечара эмне кылмак? Ханды төргө өткөрүп, алдына жалгыз көмөч нанын коёт:

– Алыңыз ханым, биздеги болгон сый тамак ушул,-деп ыңгайсызданат. Хан көмөчтү жегиси келбей:

– Атайын конокко келсем, алдыма жалгыз көмөч нан коюп, шылдыңдаганы үчүн мунун башын алып салгыла! - деп, каарданып, желдеттерине буйрук берет. Ошондо кедей хандан минтип суранат:

– Ханым, кудай кошкон кошуна элек, башымды алардын алдында менин үч суроомо жооп берип койсоңуз экен?

– Ал кандай суроо экен, кана айтып көрчү? - дейт хан желдеттерин токтотуп.

– Оо, кудуреттүү ханым! - деп кедей суроосун бере баштайт,-Биринчиден балдарды дос кылып коёлу, деген сунушту мен эмес, өзүңүз айттыңыз эле, туурабы? Хан башын ийкейт.

– Экинчиден мени үйүңүзгө чакырып алып, төө союп коноктогон да сиз, туурабы? - дейт кедей. Хан бул жолу да башын ийкейт.

– Үчүнчүдөн, ырахмат ханым! Өмүрүмдө мындай сый көргөн эмесмин, - десем:

– Эч нерсе эмес, кедейим! Сен да мени коноктоп, өмүрүмдө көрө элек сый көрсөтүп кой! - деген да сиз элеңиз, туурабы?-дейт кедей.

– Туура, туура! - дейт хан адатынча башын ийкеп.

– Андай болсо, ошол өмүрүңүздө көрө элек сый мына ушул эмеспи ханым! - дейт кедей. Хан ошондо гана кептин төркүнүнө түшүнөт. Кедейдин акылына ыраазы болот. Алдына койгон көмөч нанды жейт. Өз оройлугу үчүн кедейден кечирим сурайт.

Ошентип хан менен кедейдин балдары дос, өздөрү болсо, ынтымактуу кошуна болуп, көптөгөн жылдар бою жыргап-куунап жашап калышат.

Аман Кармышаков

## БИР ШИҢГИЛ АҢГЕМЕЛЕР

### ДОСУМА БЕРДИМ

Алишердин атасы Москвадан жаңы велосипед сатып келип берди. Ага достору суктанып караштты. Көп өтпөй бир күнү велосипед дайынсыз жоголду. Ата-энеси сурашса да, Алишер унчукпайт. Акыры ата-энеси тилдегенде гана, ал велосипедди бирөөгө берип койгондугун айтты.

–Неге бирөөгө бересиң? Ким ал? – деди ага атасы.

–Ал – менин досум. Атасы – майып. Акчасы аз,–деди баласы досун аяп.

Ш.Бейшеналиев

### ГҮЛДӨРДҮ КИМ ЖАКШЫ КӨРӨТ?

– Мен жакшы көрөм, гүлдөрдү, – деди Асык гүлдөрүнө суу жайып.

– Сенден мен жакшы көрөм!–деди Кастай мактанып. Гүлдөрүн жыттагылады, өпкүлөдү. Ошентти да, гүлдөрүн тарсылдатып үзө баштады:

– Мен катып коем.

Эртеси караса, «катып койгон» гүлдөрүнүн өңү өчкөн, соолуган. Бул эмнеси?

Асык гүлдөрүнө суу сээп жүрүптүр. Гүлдөрү кечээкинен да көп, кызыл-тазыл. Гүлдөрү да күлөт, өзү да күлөт:

– Мен гүлдөрдү жакшы көрөм... Үзбөйм... Багам...

Буга Кастайдын ичи күйдү, ыйлады. Гүлдөрү да шүмүрөйдү, соолуп жатты.

Кимиси гүлдөрдү жакшы көрөт?

Ш.Садыбакасов

## КИМ ЖЕДИ?

Искен кызыктуу сүрөтү бар китепти ачып отуруп, варенье жеди. Бир убакта куру кашык оозуна келди, караса, тарелкада варенье жок.

–Вареньемди ким жеди?–деп дарылдап ыйлап жиберди. Эшиктен кире калган байкеси анын туурап кемшеңдеди:

–Өзүң менен кошо китеп жешти, а...аа...

Чын эле Искендин вареньесин ким жеди? Ыйлатпай табышып бергилечи.

Ш.Садыбакасов

## БЕЛЕК

**А**йылдагы үч-төрт коңшу үйдүн балдары бир курду да, ынтымактуу да эле. Үйүндө болгон оюнчуктарын алып келишип, жол боюндагы кум дөбөдөн чыгышчу эмес. биринин трактору менен жол казып, биринин экскватору менен топурак салып, дагы биринин машинасы менен кум ташып оюн курушчу. Бул оюн аларды түк да жадатчу эмес.

Күндөрдүн биринде баягы машинасы бар бала, ата-энеси менен башка жакка көчүп кете турган болушту.

«Аттиң, алар көчүп кетишсе, машинасы жок калышабы?»

Бул ой алардын баарын кейитти. Бирок тиги Канат деген бала кетип жатып машинасын белекке калтырып кетти.

– Менин белегим силерге... – деди ал олуттуу түрдө. Достору Асек, Курман жана Дуулат болсо, «Машина кимибиздики болот» дешип, ач көздөнө талаша кетишти.

– Биринчи мага берди да, демек меники болот да, – деди машинаны бооруна кыса кармап алган Асек.

– Жок, үчөөбүзгө берди да, үчөөбүздүкү болот да, – деди, ага каршы болгон Курман.

– Андай болсо, бөлүшүп алалы, – деди ачкөздөнгөн Дуулат.

ҮчөөДуулаттынпикиринтууракөрүштүда, машинаныүчкөбөлүпалмайболушту.

Дуулатчапчаңдыккылып, машинанынкузовунсурупалды, Курманболсо, дөңгөлөктөрүналуугаүлгүрдү. Асекке кабинасы тийди. Ошентип үчөө үй-үйлөрүнө кетти. Бирок алар өзлөрүнө тийген белектерин ээлери болгон менен аларды эч нерсе жасай алышкан жок. Алар эч нерсеге жарабаган какыраган темирлер эле да.

Эртеси үчөө эртең менен баягы кум дөбөгө келишип, бири кузовун, бири дөңгөлөктөрүн, бири кабинасын бириктиришти да, машинаны курап

алышты. «Мына эми жакшы болду» – дешкенсип, сүйүнүп кетишти да, кайрадан баягы оюнун улантышты.

С.Рысбаев

**Беш дөңгөлөктүү машине**

**А**санбектин байкеси жаңы машина алды.

– Байкемдин машинасынын беш дөңгөлөгү бар экен, – деп мактанды досторуна.

– Калп айтпачы, – деди досу Бакыт, – беш дөңгөлөктүү машина болбойт. А деги бешинчи дөңгөлөгү каеринде экен?

Асанбек уят болуп, башын шылкыйтып:

-Багажында, – деди.

С.Рысбаев

## НУРГҮЛ

– Эже, алма жейм. Алма берчи, – деди Нургүл эжесине. Текчеде табакта алма бар болчу. Ошону көрүп, жегиси келди. Эжеси Нургүлгө бирди берди да:

– Чыныны таза жууганың үчүн гана берем ... – деп, ага кызылынан тандап берди.

Нургүл алманы бат эле жеп койду да кайра келди.

– Эже, дагы жегим келип атат...

Эжеси сиңдисин карап турду да, анын көңүлүн кыйбай, дагы бирди алып берди. Кышында кайдагы алма. Апасы Нооруз майрамына деп даярдап жүргөн.

Эми тиги тентек Нургүл аны ойлобой атпайбы. Муну билсе апасы урушат го.

– Бакытка көрсөтпө. Көрсө ал дагы жейм деп ыйлайт...– деди, үшкүрүнүп анан эжеси.

– Көрсөтпөйм, – деди да, минтти. –А Бакыт келгенче тезирээк жеп жиберсем, дагы да бересизби...

Эжеси эмне дээрин билбей Нургүлгө карады. Ал уялбайт экен го. Ушунчада нысапсыздык болобу?..

С.Рысбаев

## ӨЗҮНҮКҮ ЖАНА ӨЗГӨНҮКҮ

Тилек менен Кушубек кошуна жашайт. Бир күнү алар таш мынтык атып жолду чаңдатып ойноп жүрүштү. Анан чарчашты.

–Чыбыктан ат кылып минели, – деди Тилек.

Экөө үйүнө кетишти. Тилек короодогу талдан сындырайын деп ойлоду. Бирок аяды. Атасы көрсө тилдейт да. Анан ал Кушубектин короосун карады. Эч ким көрүнбөйт. Жашырынып чуркап келип, алардын талынан сындырып алды. Короонун тешигинен сойлоп чыгып келатса, алдынан Кушубек жолукту. Экөө сүзүшүп калышты. Ал дагы талдан сындырып алыптыр. Тааныды Көрсө, Кушубек да өзүнүкүн аяп, Тилектин короосунан сындырганын гана эми түшүндү. Кушубек да түшүндү.

Ошентип, экөө бири-биринен аябай уялып калышты. Анан ойнобой эле үйлөрүнө кетип калышты.

С.Рысбаев

## БАКТЕК

Жерде бир тоголок дан жаткан.Бактек аны көрүп, жерге конду. Данды тиштеп оозуна салды. Уясына учуп жөнөдү. Уяда эки кичинекей балапаны бар эле.

Бактек уясына келди. Аны бир тентек бала көрүп калган. Рогатка менен бактекти атып жиберди. Таш бактектин жүрөгүнө кадалды.

Бактек өлүп, жерге кулады. Тентек бала колунун түздүгүнө кубанды.

Уяда балапандар энесин күтүп жатышты...

А.Муратов

## ЖӨЖӨНҮН ЧОҢ ЭНЕСИ

**Н**уриктин чоң энеси жонуна көтөрүп короого кирди. Короодо тооктор жөжөлөрү менен бар эле. Жөжөлөр тооктордун канаттарынын алдына, кээ бирлери жондоруна чыгып алышыптыр. Аны көрүп, Нурик минтти:

– Ай-ий, чоң эне, карасаңыз, жөжөлөрдү да чоң энелери жонуна көтөрүп алышыптыр...

С.Рысбаев

## «ЭМНЕ ҮЧҮН ТИЛИМ ШИРИН?»

Кичинекей Бермет –апасынын эрмеги. Эртеден-кечке жанынан чыкпай, чулдурап сүйлөгөнү сүйлөгөн.

– Апа, мен сизди дүйнөдө бийинчи жакшы көйөм, – дейт. Апасы ансайын кызынын бал тилине элжирейт.

– Алтыным менин, ширин кызым, аппагым, – деп эркелетет. А эрке кызынын сөзү түгөнбөйт.

– Апа, апаке, чо-оң кыз болгондочу э, мен сизди багам, тамак бышыйам, каймак апкелем, конфет сатып бейем.

– Ооба да, алтын кызым менин. Тилегинден сенин, кагылайыным.

– Апа, апа-а, менин боюм өсүп, чоңойсом, сизге жайдам бейем ээ. [2]

Үй шыпыйам, суу тачыйм.

– Ии, тилиңен сенин, – апасы кызынын маңдайынан сылап, бетинен өпкүлөдү. – Тилиң сенин неге мынча ширин болду экен? Канакей, тилиңди көрсөтчү, көрөйүн?

Апасынын сөзүнө кичинекей Бермет ого бетер эркелеп, жадырай карап:
– Апа, мен кө-өп шоколад, конфет жей бейем да. Очон үчүн тилим шийин.

Анан бир нерсе оюна түшкөнсүп:

– Апа, азый болсо, тилим анча шийин болбой калыптый го, – деп, тилинин даамын татып жаткансып, таңдайын такылдатты, апасына тилин көрсөтүп жатып.

Апасы эрке кызынын сөзүнөн анын көңүлүндөгүсүн түшүнүп күлдү да, ордунан туруп барып, катып койгон конфеттеринен алып берди.

Чын эле, баланын тили таттуу конфет жегени үчүн ширинби? Ойлонуп көрөлүчү...

Б.Абдухамидова

## «ЭКИ БУТУ БАР ТАМГА»

**Э**лнура быйыл 1-класска кирди. Ал «эжелеп» китеп окуганга жарап калган. Күн сайын сабактан келген соң бөбөгү Сырганы ойнотот.

Ал мектепке окугандан бери алардын оюну да өзгөрдү. Элнура – мугалим, Сырга – окуучу болуп, мектеп турмушу үйдө уланат. Элнура эжейин туурап сурай баштайт:

– Бул кайсы тамга? – деп «а» тамгасын көрсөтөт.

– «А-а», – деп үнүн созуп жооп берет Сырга.

– А булчу?

– «О-о».

– Азаматсың! Туура жооп бердиң. А бул тамгачы?

Сырга ал тамганы тааный элек да. Китепке үңүлө, көзүн чо-оң ачып карап:
– Эже, мен андай эки буту бар тамганы биле элекмин да. Мен билгендерди эле сураңызчы? – деп таарынат бөбөгү, «я» тамгасын тааный албай убараланып.

Б.Абдухамидова

## «МЕЙЛИБАЙ»

**К**еримдин ушул адаты эми баарына дайын болду...

–Керим, музоону казыкка байлап койчу, – деди апасы. Керим алыстан туруп эле:

– Мейли, апа, – деди да, андан ары оюнга кетип калды.

Андан кийин чоң энеси:

– Ай, балам, атаңа каралаш. Оргон чөптөрүн, жок дегенде, үйүшүп кой, – деп эскертти.

– Мейли, чоң эне, ошентем, – деди. Бирок, аны да жасаган жок.

Кечинде атасы үйгө келгенде, чоң энеси менен апасы Керимдин «акма кулактыгын» айтышып даттанышты.

Атасы:

– Керим, бала деген улуунун сөзүн эки кылбайт, айтканын аткарат. Эртеңден баштап оюнуңду токтотосуң да, жумуш кыласың, макулбу? – деди. Анда Керим:

– Мейли, ата. Айтканыңыздай болот, – деп убада берди. Анан эле эртең мененки чайды ичкен соң, баарын унутуп, оюнга кетип калды.

Чоң энеси нааразыланып, артынан үн салды:

– Алда, балам, ай. Кечинде атаңа эмне деп убада бердиң эле? Керим, бол бачым келе кал. Козуларды экөөлөп дөңгө жайып карайлы.

– Мейли, чоң эне. Азыр, – деп жооп берди. Бирок  ага да барган жок.

Керимдин «мейли» деп коюп, убадасын аткарбаганын билип калган балдар ал оюнга келгенде, «Ии, Мейлибай, ойнойсуңбу?» деп шылдыңга алышты. А Керим «мейли» же «жок» деп айтарын билбей туруп калды. £зүнүн чекилигин досторунун тамашасынан улам түшүнгөн Керимге абдан эле осол  иш болду. Анан ал оюнга кошулбай эле, чоң энеси козуларды жайып жүргөн  дөңдү көздөй  тызылдап чуркап жөнөдү.

,

Б.Абдухамидова

## «ЧО-ОҢ ПУФЛИ»

**Н**уризаттын ушул адаты качан калат? Ким билсин. Ар качан «Мага чоңун бергиле» – дейт да турат. Шоколаддын чоңун, алманын чоңун, токочтун чоңун, деги койчу, баарынын чоңун алмайын жан койбойт.

Бүгүн да базарга кеткен апасын эжеси Ниязхан экөө чыдамсыздык менен күтүп, улам көчөгө чыгып, жол карап турушту. Бир кезде апасы чоң сумкени көтөрүнүп келип калды.

– Апа, эмне алып келдиңиз. Сумкени батыраак ачсаңыз, – деп шаштыра баштады Нуризат. Апасы кызын күлүмсүрөй карап:

– Мына, мен силерге алма, печенье, конфет, анан да баарыбызга бирден туфли сатып келдим. Ким кандайын алат, тандагыла? – деп сынап, суроолуу карады.

Адатынча Нуризат:

– Апа, мага баарынан чоңун бериңиз. Алманын да, печеньенин да, конфеттин да. Анан пуфилинин да чоңун алам, – деди шашыла, тили туфли деген сөзгө келбей.

Апасы базарлыктарын алып бере баштады. Бардык нерсенин чоңун алган Нуризаттын көңүлү шат. Алмадан бир-эки чоң-чоң тиштеп, аягына чейин жей албай, текчеге коюп койду. Печенье, конфетти да бир аз жегенден кийин тоюп калды. Кезек «чо-оң пуфилиге» жетти. Туфлини шаша-буша кийип көрдү. Кичинекей быйтыйган буту чоң туфлинин бир четинде калып калды. Ары-бери басып көрмөкчү болду. Өз бутуна чак эмес туфли менен басмак түгүл, жыгылып кете жаздады. Апасы сүйөп калбаганда, чалынып кулап түшмөк.

– Ии, кызым, эмне болду сага? – деп апасы күлүмсүрөй карады. Кичинекей Нуризат эми түшүнгөнсүп, бети албырып кызарып чыкты. Анан «чоң туфлисин» чечип, апасынын астына үн-сөзсүз койду.

Көрсө, бүт нерсенин эле «чоңун алам» дегендик чекилик турбайбы.

Б.Абдухамидова

## «ЭКИ КУЙРУКТУУ ЖАНЫБАР»

**Б**ермет эжелери менен биринчи жолу зоопаркка барды. Түрдүү жаныбарларга, түркүн кооз куштарга аябай кызыга карап жүрдү. Ага айрыкча тоос кушу жакты. Тоос кушунун түркүн түстө кулпурган куйругуна таңыркай суктанды. Анын жайылган куйругун өзүнүн этеги делбир көйнөгүнө окшоштурду.

Андан ары жүрүшүп, ары-бери копол баскан чоң жаныбарды көрүштү. Бермет эжесине:

– Эже, караңызчы, тээтигил жаныбардын эки куйругу бар экен. Бири узун, экинчиси кыска турбайбы?–деп таңыркай пилди жаңсап көрсөттү.

– Бермет, бул деген – пил. Анын бир эле куйругу бар. Сен айткандай «узун куйрук» эмес, ал пилдин мурунy,–деп түшүндүрдү эжеси.

Бермет эжесинин сөзүнө ишенген жок. «Буратинонун гана мурунy узун да. Мен аны телевизордон көргөм» деп ичинен кобурады. Анан кайра «эки куйруктуу» жаныбардын «узун куйругу» менен тамакты ыкчам оозуна салып жеп жатканын көрүп, ого бетер таң калды...

Б.Абдухамидова

## Эненин жүгү

Бир колуна бала, экинчи бир колуна баштык көтөргөн эне. Ал бир жагынан ыйлаган баласын сооротуп, бир жагынан оор баштыгын көтөрүп,

аябай жүдөдү. Жардам сурагандай, эки жагын каранды. Аны байкаган Дастан жардамга шашты.

– Саламатсызбы эне! Баштыгыңызды бериңизчи, көтөрү- шүп алайын? -деди. Аны көрүп, сүйүнүп кеткен эне ыраазылык билдирип, минтти:

– Ой, азамат! Улууларга жардам берген кичипейил, жакшы бала турбайсыңбы! Бир жагынан балам ыйласа, бир жагынан жүгүмдү көтөрө албай, аябай жүдөп турдум эле.

– О, энеке! Балаңыз менен бул баштыкты кантип көтөрүп келдиңиз?- деди Дастан баштыкты көтөрө албай кайкалап.

– Э, балам! Турмуш деген ушундай татаал тура! Кээде ушинтип баштыкты да, баланы да көтөрүүгө туура келет... -деди эне оор үшкүрүнүп.

Аман Кармышаков

**Тойго барганда**

Чоң атам мага ким менен кантип учурашуу керектигин үйрөтүп, ар дайым ээрчитип алчу.

Бир күнү чоң атам экөөбүз тойго бардык. Тойдо эл көп экен. Мен алдымдан чыккан кишиге:

– Ассалоому алейкум!-деп, салам айтып, кош ко- лумду сундум. Ал киши менин саламыма алик алды да, минтип сурады:

– Улууга салам айткан жакшы бала турбайсыңбы айланайын! Кимдин баласы боло- суң? Мен кайрылып чоң атамды көрсөттүм.

– О, бул менин балам!-деди чоң атам сыймыктана. Тиги киши чоң атама да, мага да ыраазы боло карап турду да, минтип айтты:

– Бали, бали! Жакшы адамдын баласы да ушинтип жакшы өсөт эмеспи! Чоң атам менин башымдан сылады. Мен чоң атама ыктадым.

Аман Кармышаков

**Эси жок кыздар**

Алия менен Алина суу жээктеп ойноп жүрүштү. Алия колундагы оюнчук чайнегин байкабай арыкка түшүрүп алды. Суу шар агып жаткан эле. Алар арыкты жээктеп жүгүрүп, оюнчугун кармай албай баратышты. Ал арада эс алып отурган Калдар чоң ата сереңдеген кыздарды көрүп, жардамга шашты. Ал агып бараткан оюнчукту кармап берди. Алия менен Алина буга аябай сүйүнүштү. Кыздарга чоң атанын суу жээктеп чуркаганы кызыктуу көрүндү. Ошондуктан оюнчукту кайра сууга салып ийишти да, аны жардамга чакырышты. Бул жолу кыздар атайылап кылган ишти Калдар чоң ата билген жок. Билегин түрүп, кайрадан жардамга шашылды. Бөкчөңдөп жүрүп, кыздардын оюнчугун кармап берип, сүйүндүргүсү келди. Ал эми кыздар болсо, кыткылыктап күлүп, карап турушту.

– Мына оюнчугуңар! Эми суудан алысыраак ойногула!-деди Калдар чоң ата үшкүрүнүп. Алия оюнчугун алар замат, кайра сууга таштап ийди да, минтип кыйкырды:

– Чоң ата! Оюнчугум.., оюнчугумду алып бериңизчи? Калдар чоң ата Алиянын жоругун байкап калды. Ал кыздардын тамашасын эми билди:

– Э, эси жок, эселектер! Силер мени шакаба кылып жаткан турбайсыңарбы?! Эми силердин оюнчугуңарды кармап берер дарманым калган жок!-деп, ыза болуп, басып кетти.

Аман Кармышаков

**Таяктын учу жол издейт**

...Тык, тык, тык, тык!!! Алдыга сунулган таяк жол издейт. Таяктын ээси токсонго таяп калган чоң эне. Көзү көрбөгөнү аз келгенсип, кулагы да укпайт. Алты айдан бери бу дүйнөдө эмне окуялар болуп жатканынан таптакыр кабары жок...

Чоң эненин жалгыз гана тилеги бар. Ал каза болгон жалгыз уулунан калган небереси Медер... Аны чоң эне үйлөнткөндөн бери көрө элек. Аялын ээрчип кеткен боюнча кайрылып келбей да койду. Сагынычка толгон жүрөгү мыкчылып, өңү болсо саргайып барат. Жашый берип, көз жашы да кургап калганы качан... "Медерим келет, ал мага сөзсүз келет! Кантип эле неберем мени унутуп калсын", – деп, ар дайым улутунуп алат.

– Тык,тык, тык, тык!!! Таяктын учу жол издейт. Чоң эненин көрөр көзү да, угар кулагы да, сырдашаар эрмеги да, ушул таяк...

– Тык, тык, тык, тык!!! Таяктын учу жол издейт... Аңгыча чоң эне машина жолдун ортосуна жетти. Туш-туштан өткөн машиналар:

– Паап, паап, паап!!! Этет. Аны чоң эне кайдан уксун... Ал таягын тыкылдатып, токтобой кетип баратты. ..

– Па-а-ап, па-а-ап, па-а-ап!!! Бирок, ушунча айдоочунун бирөө да түшө калып, карыган кишини сыйлап, жолдун жээгине жетелеп чыгарып коюну ойлоп коюшпады... Аңгыча, мектептен кайтып келе жаткан боорукер Дастан машиналардын ортосунда калган чоң энени көрүп калды да, жардамга шашты. Ал ошентип машиналар токтой калган учурдан пайдаланып, чоң энени жетелеп, жолдун четине чыгарып койду. Баланын жакшылыгын сезген чоң эне аны минтип алкады:

– Ырахмат айланайын! Өмүрлүү бол! Кайрымдуу, жакшы бала турбайсыңбы!

Аман Кармышаков

**Карынын алкышы**

Касым карыя таягын таянып,  жайма-жай  басып, ойлуу келе жатты. Бир кезде арт жактан жүгүргөн кишинин дабышы чыкты. Аңгыча  күрсүйгөн бирөө  карыяны жөөлөп өттү.

– Ой, ой! Кандай баласың!-деп, боюн токтото албай, калдак- таган  карыя жыгылып баратты.

– Коркпоңуз, чоң ата! Коркпоңуз!

Арттан жете келген кыз, анын колтугунан сүйөп, кармап калды. Карыя боюн түзөп, өзү- нө келди да, алакан жайып минтип, батасын берди:

– Ырахмат кызым! Карыны сыйлаган кичипейил, кайрым- дуу, жакшы кыз экенсиң!  Бактылуу бол, айланайын! Кудай сага өмүр-жаш берсин, оомийин!!!

– Айтканыңыз келсин, чоң ата! Арыбаңыз!-деди карынын ак батасын алганына кубанган кыз.

Арадан бир топ жыл өттү. Кызга карынын батасы тийип, чоңоюп, бойго жетти. Тагдыр буйруп, жолдо өзү жөлөп-таяп калган баягы карыяга “небере-келин” болуп, “алганы” менен бактылуу жашады. Ал эми көчөдө карыяны жөөлөп өткөн баягы  күрсүйгөн жигит эми карыган чал болуп, таяк таянып, кылтылдап араң басып баратты. Аңгыча аны тиги бурчтан чуркап чыга калган далдайган жигит жөөлөп өттү. Чал анын эпкинине туруштук бере албай, көмөлөнүп кетти. Ошондо ал бир учурда өзү да ушул далдаңдаган жигиттей болуп, эч кимди көзүнө илбей,  дал ушул жерден бир карыяны жөөлөп өткөнүн  эстеп, көзүнөн жашын кылгыртып, минтип өкүндү:

– Мага чала болду!  Бул жаш кезимде көпкөнүмдүн жазасы!

Аман Кармышаков

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ


**1. Абдухамидова Б., С.Рысбаев,Ибраимдова К.,** Адабий окуу китебине методикалык көрсөтмөлөр, Б., Гүлчынар, 2-кл. үчүн Б., 2013.

**2. Вакуленко В.Я.,** «Детская литература в Киргизии», М.,Мектеп, 1976.

**3. Иманалиев К.** Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу проблемалары, К. Иманалиев. – Фрунзе: Мектеп, 1984.

**4. Иманалиев К.** Орто мектептерде кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши,– Фрунзе: Мектеп, 1981.

**5. Исманов Б.,** Казак адабиятын орто мектепте окутуунун адистемелик негиздери, монография, Алматы, 2011-ж.

**6. Ишекеев Н.** Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы,– Бишкек, 1994.

**7.** Кыргыз акын-жазуучулары-балдарга, окуу хрестоматиясы, 1-2-китеп, түзгөндөр: С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, ж.б. Б., Ага –хан, 2010-ж.

**8**. Кыргыз балдар адабиятынын антологиясы, түз. С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, Б.Асаналиев, Бишкек: Шам, 2005.

**9.** Кыргыз эл жомоктору. 3-бас. Түз: Р.Кебеков, Бишкек: Бийиктик, 2010.

**10.**Кыргыз эл жомоктору. Түз: Болжурова Т. – Бишкек, 1997.

**11.Леднев В.С.,** «Содержание образования: сущность, структура, перспективы», Москва, «Высщая школа», 1991)

**12.МакаренкоА.С.** О воспитании.– М.: Сов. Россия, 1989-ж.

**13.Муратов А**. Адабият – ыйман сабагы, – Бишкек: Кыргызстан, 1993.

**14.Муратов А**., ж.б. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер, – Бишкек: Аят, 2010-ж.

**15.Муратов А.,ж.б.,** Кыргыз балдар адабияты,– Бишкек, 2012-ж.

**16.Муратов А.,** Кыргыз адабияты сабактарында текстти интерпретациялоонун методикасы, докт.дисс, Б.,2010-ж.

**17. С.К. Рысбаев,**Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер,– Бишкек, 1998-ж.

**18.Рысбаев С.К.** Кыргыз башталгыч мектептеринде адабиятты окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү (улуттук балдар фольклорунун материалдарына таянуу менен), пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. автореферати. 13.00.01.; 13.00.02, Бишкек, 2006. – 49 -б.

**19.Рысбаев С.К.** Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш, Бишкек: Рабаят, 2012-ж.

**20. Рысбаев С.** Кыргыз балдар адабиятын мектепте окуп-үйрөнүүнүн проблемалары, макала: Кут билим, 15-июнь, 2014-ж.

**21. Рысбаев С.,** Баланын китеп окуусун уюштуруу жолдору, макала: Кут билим, 14-окт., 2014-ж.

**22.Сакиева С.,** Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун методикасы, монография, Б., 2010-ж..

**23. Сулайманов М.** Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. Окуу куралы Ош, 1992-ж.

**24. Сухомлинский В.А.** Сердце отдаю детям, Минск, 1981.

**25. Сухомлинский В.А.** Мугалимге жүз насаат, Фрунзе: Мектеп, – 1982-ж.

**26.Шериев Ж. Муратов А**., «Адабият теориясы», Б., 2012-ж.

**МАЗМУНУ**

БИРИНЧИ БӨЛҮК
Сөз башы........................................................................................2
Кыргыз балдар китептеринин учурдагы абалы
кандай?...........................................................................................2
Балдар адабиятыбызга камкордук керек…...........................................2
Балдар китептери жетишеби?...............................................................3
Балдарга арналган китептер педагогикалык кандай
кызматтарды аткарууга тийиш?..............................................................4
Балдардын китеп окуусун активдештирүү үчүн мектепте
кандай иш-чараларды өткөрүү керек?......................................................6
«Балдар кандай китептерди каалашат?»……………………………………7
Китеп сөзсүз баланын курагына туура
келүүсү керек!...................................................................................8
Азыркы балдар эмнеге кызыгышат?.......................................................9
Азыркы балдар кандай мазмундагы адабияттарды
каалайт?........................................................................................10
Баланын китеп окуусун кандай максатта
уюштурууга болот?...........................................................................12
Баланы китеп окууга үйрөтүүдө окуунун кандай формаларын колдонсо
болот?..............................................................................................13
1. Ээрчишип окуу…………………………………………………………13
2.Укканынын окуу………………………………………………………14
3.Укканынын окуу ……………………………………………………..14
4.Даярданып окуу……………………………………………………….14
5.Кубалашып окуу………………………………………………………15
6.Бөлүктөргө бөлүп окуу……………………………………………….15
7.Улантып окуу………………………………………………………….16
8.Үзүп алып окуу………………………………………………………..16
9.Кабарлашып окуу……………………………………………………….16
10. Башкарып окуу.............................................................................
Окуучунун окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу формалары………………22
Окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн өстүрүүдө кандай методдорго
таянууга болот?...............................................................................24

Текстти окууда окуучулар кандай  компетенцияларга
ээ болуусу  тийиш?.......................................................................................18
Китеп окуудан кийинки ишмердүүлүктөрдү текшерүү жана бекемдөө иш-
чаралары кандай болууга тийиш?............................................................20
Окуучулардын окуу ылдамдыгын байкоо ыкмалары кандай жүзөгө
ашат?..............................................................................................................21
Окуу ылдамдыгы деген эмне? ……………………………………………..22
Окуу ылдамдыгын текшерүү сабактары кандай өтүүгө
тийиш?............................................................................................................23
Окуучунун окуу жана түшүнүү ишмердүүлүгү  кантип
уюштурулат?.................................................................................................25
Мектепте көркөм чыгарманы  адабий-мазмундук жана педагогикалык жактан
интерпретациялоонун маани-маңызы  тууралуу………………………….29
«Күн сайын сабакта беш мүнөттүк китеп окууну»  уюштуруу
технологиясы жана анын мазмуну тууралуу…………………………….35
Көркөм чыгарманы өз алдынча окуунун  функциялары, анын мазмуну жана
уюштуруу, баалоо жолдору.........................................................................
Кичинекей окурмандын өз алдынча «китеп окуу күндөлүгүн»
кандайча уюштурса  болот?........................................................
Мектепте адабий ийрим кантип өткөрүлөт?..........................................
Мектептин Куурчак театры ийримин уюштурууга жана анын ишин
жүргүзүүгө карата сунуштар ……
«Мектептин (класстын) мыкты окурманы» конкурсунун жобосу……..
Мектептин  Окурмандар клубу(Жобо)……………………………………
Кыргыз Республикасынын балдарынын Улуттук «Жомок майрамы» жөнүндөЖОБО……………………………………………………………..
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ.

Балдардын өздынча окуусу үчүн чыгармалар……………………………….

ЭКИНЧИ БӨЛҮК: Балдардын өз алдынча окуусу үчүн чыгармалар.......
Келгиле, жомок окуйлу……………………………………
Бир шиңгил аңгемелер………………………………………………..

Адабияттар...................................................................................................

Окуу басылмасы

Рысбаев Сулайман Казыбай уулу

**Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары**
(Башталгыч класстардын мугалимдери, тарбиячылар жана ата-энелер үчүн методикалык колдонмо)

Корректор-

Басууга …….-ж. берилди
Нускасы………- даана
Буйрутма №…

Китеп ……………………..басмасында басылды.
Дареги: ………………….2021-ж.